КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНКЫНЫН

# ЧЕНЕМДИК АКТЫЛАРЫ

## № 2/2018

# НОРМАТИВНЫЕ АКТЫ

НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары

**Редакциялык коллегия:**
Төрага: Сыдыков А. К.
Коллегия мүчөлөрү: Темиров К. А.
Жаныбекова Ч. А.
Солтобаева Р. Т.
Жооптуу катчы: Куанбек кызы Н.

**Басылманын мазмунуна тиешелүү маселелер боюнча маалымат алуу үчүн:**
Бишкек шаары, Чүй проспекти, 168, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Юридикалык башкармалыгына:
телефон: (996 312) 61 10 38 телефону
факс: (996 312) 61 10 59 факсы боюнча кайрылсаңыздар болот
http://www.nbkr.kg

**Басылманы таркатуу маселеси боюнча:**
Бишкек шаары, Чүй проспекти, 168, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын басылмалары бөлүмүнө:
телефон: (996 312) 61 08 59 телефону
факс: (996 312) 61 09 92 факсы боюнча кайрылсаңыздар болот
http://www.nbkr.kg

**Республиканын коммерциялык банктарын жана коомчулукту Улуттук банктын ченемдик документтери жана банктын иши жөнүндөгү расмий маалыматтар менен камсыз кылуу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарын кеңири жайылтуу үчүн Улуттук банктын ченемдик актыларын расмий жарыялоо бул басылманын негизги максаты болуп саналат.**
**Басылма айына бир жолу кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланып турат.**

**Уюштуруучусу –** Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы.
Басылма Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигинде каттоодон өткөн жана 1998-жылдын 5-октябрында 321-номердеги күбөлүктү алган.

Жоопкерчилиги чектелген коом «М-Maxima» тарабынан даярдалган жана басылып чыгарылган.
Бишкек шаары, Горький көчөсү, 48/1-6.
2018-жылдын 12-сентябрында басууга кол коюлган.
2018-жылдын 19-сентябрында басылган.
100 нускада чыгарылат.

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2018-жыл.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксатысыз басылманы кайсы формада, кайсы каражаттар менен болбосун көчүрүп басууга жана таркатууга жол берилбейт. Кайра басууда жана андан шилтеме келтирүүдө «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары» басылмасына таянуу зарыл.

# Нормативные акты Национального банка Кыргызской Республики

**Редакционная коллегия:**
Председатель: Сыдыков А. К.
Члены коллегии: Темиров К. А.
Жаныбекова Ч. А.
Солтобаева Р. Т.
Ответственный секретарь: Куанбек кызы Н.

**По вопросам, связанным с содержанием публикаций, обращайтесь по адресу:**
г. Бишкек, пр. Чуй, 168, Национальный банк Кыргызской Республики,
Юридическое управление:
телефон: (996 312) 61 10 38
факс: (996 312) 61 10 59
http://www.nbkr.kg

**По вопросам, связанным с распространением публикаций Национального банка Кыргызской Республики, обращайтесь по адресу:**
г. Бишкек, пр. Чуй, 168, Национальный банк Кыргызской Республики,
Отдел публикаций Национального банка:
телефон: (996 312) 61 08 59
факс: (996 312) 61 09 92
http://www.nbkr.kg

**Целью издания журнала является официальная публикация нормативных актов Национального банка для обеспечения коммерческих банков и общественности нормативными документами Национального банка и официальной информацией о деятельности Национального банка, а также проведение пропаганды банковского законодательства Кыргызской Республики.**
**Предположительная периодичность издания журнала – один раз в месяц на кыргызском и русском языках.**

**Учредитель:** Национальный банк Кыргызской Республики.
Издание зарегистрировано Министерством юстиции Кыргызской Республики, свидетельство о регистрации СМИ № 321 от 5.10.1998 года.

Подготовлено к печати и отпечатано ОсОО «Maxima».
г. Бишкек, ул. Горького, 48/1-6
Подписано в печать 12 сентября 2018 года.
Отпечатано 19 сентября 2018 года.
Тираж 100 экз.

© Национальный банк Кыргызской Республики, 2018 год.

Настоящее издание не подлежит воспроизведению и распространению в любой форме и любыми средствами без разрешения Национального банка Кыргызской Республики. При перепечатке и переводе выдержек ссылка на издание «Нормативные акты Национального банка Кыргызской Республики» обязательна.

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын башка басылмалары

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жылдык отчету***

Басылма Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (Улуттук банктын) өткөн жыл үчүн отчету болуп саналат. Ал өзүндө республиканын экономикалык өнүгүшү жана акча-кредит саясаты, финансылык отчеттуулук, Улуттук банк жөнүндө жалпы маалыматтарды, статистикалык тиркемелерди камтыйт. Кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бюллетени***

Бул ай сайын чыгарылуучу маалыматтык басылма Кыргыз Республикасынын негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрү, экономика секторлору боюнча статистикалык маалыматтарды камтыйт. Кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми***

Басылмада тышкы секторду өнүктүрүү тенденциялары жана төлөм балансы, тышкы соода, эл аралык камдар, тышкы карыз жана Кыргыз Республикасынын инвестициялык позициялары боюнча маалыматтар чагылдырылат. Чейрек сайын – январь, май, июль, октябрь айларында кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланып турат.

***Кыргыз Республикасынын финансы секторунун туруктуулугу жөнүндө отчет***

Бул отчет финансылык туруктуулукка таасир этүүчү тышкы жана ички экономикалык факторлор боюнча Улуттук банктын жалпы баа берүүсүн, банктардын жана башка финансылык ортомчулук институттарынын абалын, ошондой эле Кыргызстандын финансы рынокторунун күндөлүк абалын жана финансы секторунун туруктуулугун талдап-иликтөөнү чагылдырат. Жарым жылдык негизде кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

## Другие издания Национального банка Кыргызской Республики

***Годовой отчет Национального банка Кыргызской Республики***

Данная публикация является отчетом Национального банка Кыргызской Республики (НБКР) за прошедший год. Содержит краткую информацию об экономическом развитии республики и денежно-кредитной политике, финансовую отчетность НБКР, общие сведения о НБКР, статистические приложения. Выпускается на трех языках: кыргызском, русском и английском.

***Бюллетень Национального банка Кыргызской Республики***

Это ежемесячное информационное издание содержит статистические сведения по основным макроэкономическим показателям и секторам экономики Кыргызской Республики. Выпускается на трех языках: кыргызском, русском и английском.

***Платежный баланс Кыргызской Республики***

«Платежный баланс Кыргызской Республики» отражает тенденции развития внешнего сектора и данные по платежному балансу, внешней торговле, международным резервам, внешнему долгу и международной инвестиционной позиции Кыргызской Республики. Публикуется ежеквартально в январе, мае, июле, октябре на кыргызском, русском и английском языках.

***Отчет о стабильности финансового сектора Кыргызской Республики***

Отчет о стабильности финансового сектора Кыргызской Республики отражает общую оценку Национального банка относительно внешнеэкономических и внутриэкономических факторов, влияющих на финансовую стабильность, состояния банков, других институтов финансового посредничества, а также анализ текущего состояния финансовых рынков и устойчивости финансового сектора Кыргызстана. Публикуется два раза в год, на кыргызском, русском и английском языках.

# МАЗМУНУ:


1. Улуттук банк Башкармасынын 2018-жылдын 28-мартындагы 2018-П-12\10-7-(НПА) «Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 23-декабрындагы № 52/6 «Депозиттерди тартпаган микрофинансылык уюмдардын жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын көзөмөлдүгүнө алынган башка юридикалык жактардын ишине инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүү жөнүндө» нускоону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» токтому (Улуттук банктын расмий интернет-сайтында 2018-жылдын 6-апрелинде жарыяланган)......10

2. Улуттук банк Башкармасынын 2018-жылдын 11-апрелиндеги № 2018-П-13/12-1-(НПА) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтому (Улуттук банктын расмий интернет-сайтында 2018-жылдын 16-апрелинде жарыяланган)....24

3. Улуттук банк Башкармасынын 2018-жылдын 26-апрелиндеги № 2018-П-12/14-2-(НПА) «Улуттук банк Башкармасынын «2011-жылдын 27-июлундагы №40/4 «Нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүү укугуна лицензия берүү тартиби жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтому (2018-жылдын 28-апрелинде Улуттук банктын расмий интернет-сайтында жарыяланган)..........................................................................31

4. Улуттук банк Башкармасынын 2018-жылдын 23-майындагы № 2018-П-15\18-1-(НПА) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» токтому (2018-жылдын 31-майында Улуттук банктын расмий интернет-сайтында жарыяланган)........................42

5. Улуттук банк Башкармасынын 2018-жылдын 28-майындагы № 2018-П-07/19-2-(ДКП) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эсептик чен өлчөмү жөнүндө» токтому (2018-жылдын 29-майында Улуттук банктын расмий интернет-сайтында жарыяланган)..........................................................................50

6. Улуттук банк Башкармасынын 2018-жылдын 30-майындагы № 2018-П-12\20-2-(НФКУ) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» токтому (2018-жылдын 5-июнунда Улуттук банктын расмий интернет-сайтында жарыяланган) .......... 51

7. Улуттук банк Башкармасынын 2018-жылдын 20-июнундагы № 2018-П-12/24-1-(НПА) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» токтому (2018-жылдын 28-июнунда Улуттук банктын расмий интернет-сайтында жарыяланган)............................................................................83

8. Улуттук банк Башкармасынын 2018-жылдын 20-июнундагы № 2018-П-12/24-2-(НПА) ««Банктык көзөмөлдүктү жүзөгө ашыруу жөнүндө Нускоону» бекитүү тууралуу» токтому (2018-жылдын 28-июнунда Улуттук банктын расмий интернет-сайтында жарыяланган)............................................................................96

9. Улуттук банк Башкармасынын 2018-жылдын 20-июнундагы № 2018-П-14/24-5-(ПС) ««Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2015-жылдын 25-мартындагы № 19/10 «Төлөм системасынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин жөнгө салуу жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна толуктоону жана өзгөртүүнү киргизүү жөнүндө» токтому (2018-жылдын 28-июнунда Улуттук банктын расмий интернет-сайтында жарыяланган) ................................................. 137

## СОДЕРЖАНИЕ:

1. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики от 28 марта 2018 года 2018-П-12\10-7-(НПА) «О внесении изменений и дополнений в постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «Об утверждении Инструкции «О проведении инспекторских проверок деятельности микрофинансовых организаций, не привлекающих депозиты, и других юридических лиц, поднадзорных Национальному банку Кыргызской Республики» от 23 декабря 2013 года № 52/6»» (опубликовано на официальном интернет-сайте Национального банка 6 апреля 2018 года)........................................................................ 140

2. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики от 11 апреля 2018 года № 2018-П-13/12-1-(НПА) «О внесении изменений в некоторые нормативные правовые акты Национального банка Кыргызской Республики» (опубликовано на официальном интернет-сайте Национального банка 16 апреля 2018 года)..................................................................................... 154

3. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики от 26 апреля 2018 года № 2018-П-12/14-2-(НПА) «О внесении дополнений и изменений в постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «Об утверждении Положения «О порядке выдачи лицензии на право проведения обменных операций с наличной иностранной валютой» от 27 июля 2011 года №40/4»» (опубликовано на официальном интернет-сайте Национального банка 28 апреля 2018 года) .................................. 161

4. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики от 23 мая 2018 года № 2018-П-15\18-1-(НПА) «О внесении изменений в некоторые нормативные правовые акты Национального банка Кыргызской Республики» (опубликовано на официальном интернет-сайте Национального банка 31 мая 2018 года).............. 172

5. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики от 28 мая 2018 года № 2018-П-07/19-2-(ДКП) «О размере учетной ставки Национального банка Кыргызской Республики» (опубликовано на официальном интернет-сайте Национального банка 29 мая 2018 года)........................................................... 181

6. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики от 30 мая 2018 года № 2018-П-12\20-2-(НФКУ) «О внесении изменений и дополнений в некоторые нормативные правовые акты Национального банка Кыргызской Республики» (опубликовано на официальном интернет-сайте Национального банка 5 июня 2018 года)..................................................................................... 182

7. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики от 20 июня 2018 года № 2018-П-12/24-1-(НПА) «О внесении изменений и дополнений в некоторые нормативные правовые акты Национального банка Кыргызской Республики» (опубликовано на официальном интернет-сайте Национального банка 28 июня 2018 года)............................................................................ 212

8. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики от 20 июня 2018 года № 2018-П-12/24-2-(НПА) «Об утверждении Инструкции об осуществлении банковского надзора» (опубликовано на официальном интернет-сайте Национального банка 28 июня 2018 года) ..........................................................225

9. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики от 20 июня 2018 года № 2018-П-14/24-5-(ПС) «О внесении дополнения и изменения в постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «Об утверждении Положения «О регулировании деятельности операторов платежных систем и платежных организаций» от 25 марта 2015 года № 19/10» (опубликовано на официальном интернет-сайте Национального банка 28 июня 2018 года) ...................................................................262

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫ

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## ТОКТОМ

**720001, Бишкек ш., Чүй проспекти, 168**
**2018-жылдын 28-мартындагы**
**2018-П-12\10-7-(НПА)**

## Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 23-декабрындагы № 52/6 «Депозиттерди тартпаган микрофинансылык уюмдардын жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын көзөмөлдүгүнө алынган башка юридикалык жактардын ишине инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүү жөнүндө» нускоону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иши жөнүндө» мыйзамынын 20 жана 68-беренелерине таянуу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 23-декабрындагы № 52/6 «Депозиттерди тартпаган микрофинансылык уюмдардын жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын көзөмөлдүгүнө алынган башка юридикалык жактардын ишине инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүү жөнүндө» нускоону бекитүү тууралуу» токтомуна сунушталган өзгөртүүлөр жана толуктоолор (кошо тиркелет) бекитилсин.

2. Улуттук банк Башкармасынын төмөнкү токтомдору күчүн жоготкон катары таанылсын:

− 1995-жылдын 28-сентябрындагы № 23/2 «Кыргыз Республикасынын аймагындагы алмаштыруу пункттарынын (бюролорунун) иши тууралуу ченемдик документтерди бекитүү жөнүндө»;

− 1997-жылдын 25-февралындагы № 5/4 «Кыргыз Республикасынын аймагындагы алмаштыруу пункттарынын (бюролорунун) иши тууралуу ченемдик документтерге өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө».

3. Токтом расмий жарыялангандан 15 (он беш) күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

4. Юридика башкармалыгы:

− токтомдун Улуттук банктын расмий интернет-сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;

− расмий жарыялангандан кийин Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн бул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

5. Көзөмөл методологиясы жана лицензиялоо башкармалыгы ушул токтом менен микрофинансылык уюмдарды, адистештирилген финансы мекемелерин, алмашуу жана кредиттик бюролорду, Улуттук банктын областтык башкармалыктарын жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүн тааныштырсын.

6. Токтомдун аткарылышына контролдук Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын мүчөсү Т. Джусупов мырзага жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. Абдыгулов**

**Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук банк Башкармасынын**
**2018-жылдын 28-мартындагы**
**2018-П-12\10-7-(НПА)**
**токтомуна тиркеме**

## Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 23-декабрындагы № 52/6 «Депозиттерди тартпаган микрофинансылык уюмдардын жана Улуттук банктын көзөмөлдүгүнө алынган башка юридикалык жактардын ишине инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүү жөнүндө» нускоону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөр жана толуктоолор

Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 23-декабрындагы №52/6 «Депозиттерди тартпаган микрофинансылык уюмдардын жана Улуттук банктын көзөмөлдүгүнө алынган башка юридикалык жактардын ишине инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүү жөнүндө» нускоону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Депозиттерди тартпаган микрофинансылык уюмдардын жана Улуттук банктын көзөмөлдүгүнө алынган башка юридикалык жактардын ишине инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүү жөнүндө” нускоонун:

− 1-пунктундагы:

«Улуттук банк» деген сөздөр «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы (мындан ары – Улуттук банк)» дегенге алмаштырылсын.

«(мындан ары - адистештирилген финансы мекемелери)» деген сөздөн кийин «, алмашуу» деген сөз менен толукталсын;

− Нускоонун бүтүндөй текстиндеги «Байкоо органы» жана «Аткаруу органы» деген сөздөр тиешелүү жөндөмөдөгү «байкоо органы» жана «аткаруу органы» дегенге алмаштырылсын;

− Нускоонун бүтүндөй текстиндеги «тартпаган» деген сөздөр «тартпаган» дегенге алмаштырылсын;

− 3-пунктунун:

«ж» пунктчасындагы «финансы-кредиттик» деген сөздөр «финансылык» дегенге алмаштырылсын;

«з» пунктчасы төмөнкү редакцияда берилсин:

«з) Алмашуу бюросу – бул, юридикалык жак тарабынан Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын лицензиясына ылайык нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын ишке ашыруу үчүн түзүлгөн атайы жабдылган пункт;»;

төмөнкү мазмундагы «и» жана «к» пунктчалар менен толукталсын:

«и) Нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операциялары – бул, Улуттук банктын тиешелүү лицензиясына ээ алмашуу бюролору тарабынан жүгүртүү каражаттарынын эсебинен жана өз атынан гана жүзөгө ашырылуучу нак чет өлкө валютасын сатып алуу, сатуу жана алмашуу боюнча операциялар»;

к) Кредиттик бюро – лицензиянын негизинде кредиттик маалыматты алмашуу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштаган коммерциялык уюм болуп саналган юридикалык жак.»;

− 4-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:

«4. Нускоодо МФУлардын, адистештирилген финансы мекемелеринин, алмашуу жана кредиттик бюролордун ишине инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүү максаттары жана түрлөрү аныкталат, ошондой эле алардын ишине текшерүү жүргүзүлгөндүгүнө байланыштуу МФУларга, адистештирилген финансы мекемелерине, алмашуу жана кредиттик бюролорго карата милдеттүү талаптар белгиленет.»;

− 5-пунктундагы «МФУ жана адистештирилген финансы мекемелери» деген сөздөр «МФУлар, адистештирилген финансы мекемелери жана алмашуу бюролору» дегенге алмаштырылсын;

− 6-пунктунун:

биринчи абзацындагы «адистештирилген финансы мекемелери» деген сөздөрдөн кийин «, алмашуу» деген сөз менен толукталсын;

«б» пунктчасындагы «МФУ жана адистештирилген финансы мекемелери» деген сөздөр «МФУлар, адистештирилген финансы мекемелери, алмашуу жана кредиттик бюролор» деген сөздөргө алмаштырылсын;

«в» пунктчасындагы «адистештирилген финансы мекемелери» деген сөздөрдөн кийин «, алмашуу» деген сөз менен толукталсын;

«г» пунктчасында «адистештирилген финансы мекемелери» деген сөздөн кийин «алмашуу жана» деген сөздөр менен толуктальсын;

«д» пунктчасы төмөнкү редакцияда берилсин: «д) алмашуу бюролорунун, МФУлардын, адистештирилген финансы мекемелеринин байкоо жана аткаруу органдарынын, кредиттик бюролордун буга чейинки текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча кемчиликтерди четтетүү боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү жана жазма буйруктарды аткаруусуна баа берүү»;

«ж» пунктчасы «адистештирилген финансы мекемелери» деген сөздөн кийин «, алмашуу» деген сөз менен толукталсын;

− Нускоо төмөнкү мазмундагы 7-1 жана 7-2-пункттар менен толукталсын:

«7-1. Алмашуу бюролордо жүргүзүлүүчү инспектордук текшерүүлөр максаттуу (алмашуу бюролорунун ишинин айрым аспекттерине баяндама берүү жана кылдат кароого алуу үчүн) жана рейд түрүндө (Улуттук банктын тиешелүү лицензиясыз/күбөлүгүсүз нак чет өлкө валютасын алмашуу боюнча ишти жүзөгө ашыруу фактыларын аныктоо/системалык мүнөздөгү проблемаларды жана фактыларды, системалык тобокелдиктерди ж.б. аныктоо үчүн) болот.

7-2. Рейддик текшерүүлөр ошондой эле Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын катышуусу менен жүргүзүлүшү мүмкүн.

Текшерүүлөр Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын катышуусу менен жүргүзүлгөн учурда, Улуттук банктын кызматкерлерин жана мамлекеттик органдардын өкүлдөрүн координациялоо, документтерди даярдоо жана текшерүүчүлөр тобун түзүү ишине жооптуу адам аныкталат.»;

− 8-пункт төмөнкү мазмундагы экинчи абзац менен толукталсын:

«Алмашуу бюролору алдын ала маалымдоосуз текшерилет, демек текшерүүгө жолдомо (2-1-тиркеме) мекемеге келгенде көрсөтүлөт. Текшерүү жүргүзүлүп жаткан алмашуу бюросунун талабы боюнча ага жолдомонун көчүрмөсү сунушталышы мүмкүн.»;

− 9-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:

«9. МФКны, адистештирилген финансы мекемелерин, алмашуу жана кредиттик бюролорду текшерүүгө берилген жолдомого Улуттук банктын Төрагасынын орун басары/Башкарманын көзөмөл блогунун

ишин түздөн-түз тескөөгө алган мүчөсү кол коет, ал эми МКК менен МКАларды текшерүүгө жолдомого Улуттук банктын Инспектрлөө башкармалыгынын начальниги/областтык башкармалыктын начальниги/Баткен областындагы өкүлчүлүктүн директору кол коет.

Күтүүсүз инспектордук текшерүү жүргүзүлгөн учурда текшерүүгө жолдомо МФУга, адистештирилген финансы мекемелерине жана кредиттик бюрого инспекторлор тобу келгенде гана берилет.

Бишкек шаарындагы жана Чүй областындагы алмашуу бюролорун текшерүүгө жолдомого Төраганын орун басары/Башкарманын көзөмөл блогунун ишин түздөн-түз тескөөгө алган мүчөсү кол коет. Калган областтардагы алмашуу бюролорун текшерүүгө жолдомого областтык башкармалыктардын начальниктери кол коет.»;

− 10-пункттагы «Төраганын орун басары» деген сөздөр «Төраганын орун басары» дегенге алмаштырылсын;

− 13-пункт төмөнкү мазмундагы экинчи абзац менен толуктalсын:

«Алмашуу бюросу текшерүүнүн биринчи күнүндө текшерүү үчүн зарыл болгон документтерди сунуштоого милдеттүү. Эгерде алмашуу бюросу текшерүү процессинде талап кылынган кайсы бир документти берүүдөн баш тартса, же ал документтерди берүү мүмкүнчүлүгү болбосо, анда ал бул документтерди берүүдөн баш тартуусу же мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу боюнча кат жүзүндөгү негиздеме берүүгө милдеттүү, бул тууралуу Инспектрлөө башкармалыгынын Банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин ишин инспектрлөө бөлүмүнө/областтык башкармалыктын Көзөмөл бөлүмүнө жана Инспектрлөө башкармалыгына дароо маалымдалат.”;

− 14-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:

«14. Эгерде МФУ, адистештирилген финансы мекемелери жана кредиттик бюро мындай негиздемени берүүдөн баш тартса же баш тартуу себеби негизсиз болсо, анда текшерүүнүн жетекчиси Текшерүү жүргүзүүгө каршылык көрсөткөндүгү тууралуу акт (4-тиркеме) түзүп, ага текшерүүнүн жетекчиси, МФУнун, адистештирилген финансы мекемелеринин жана кредиттик бюронун аткаруу органы кол коет. МФУнун, адистештирилген финансы мекемелеринин жана кредиттик бюронун аткаруу органы кол коюудан баш тарткан учурда, МФУнун, адистештирилген финансы мекемелеринин жана кредиттик бюронун аткаруу органы тарабынан себеби (далил) көрсөтүлгөн

кат сунушталган шартта, Улуттук банктын инспектору тарабынан себебин чагылдыруу менен акт түзүлөт. Эгерде баш тартуу себептери көрсөтүлбөсө, анда актыда «себебин (далилин) көрсөтүүсүз» деген белги коюулууга тийиш.

Эгерде алмашуу бюросу мындай негиздемени берүүдөн баш тартса жана/же баш тартуу себеби негизсиз болсо, текшерүү тобу Текшерүү жүргүзүүгө каршылык көрсөткөндүгү тууралуу акт (4-1-тиркеме) түзүп, ага текшерүү тобу алмашуу бюросунун жетекчиси/алмашуу бюросунун кызыкчылыгында иш алып барган ыйгарым укуктуу кызматкери кол коет, бул тууралуу текшерүү тобу Инспектрлөө башкармалыгынын Банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин ишин инспектрлөө бөлүмүнүн/областтык башкармалыктын Көзөмөл бөлүмүнүн жана Инспектрлөө башкармалыгынын начальниктерине дароо маалымдалат. Алмашуу бюросунун жетекчиси/алмашуу бюросунун кызыкчылыгында иш алып барган ыйгарым укуктуу кызматкери Текшерүү жүргүзүүгө каршылык көрсөткөндүгү тууралуу актыга кол коюудан баш тарткан учурда, анын себеби актыда чагылдырылат. Эгерде баш тартуу себептери көрсөтүлбөсө, анда актыда «себебин (далилин) көрсөтүүсүз» деген белги коюулууга тийиш.

МФУнун, адистештирилген финансы мекемесинин, алмашуу жана кредиттик бюронун жетекчилиги текшерүүнүн жүрүшүнө тоскоолдуктарды жараткан учурда, тиешелүү чаралар көрүлөт.»;

− 15-пункттагы «адистештирилген финансы мекемеси» деген сөздөрдөн кийин «, алмашуу» деген сөз менен толуктalсын;

− 17-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:

«17. Текшерүүчүлөр МФУдан, адистештирилген финансы мекемесинен жана кредиттик бюродон аларга жүктөлгөн тапшырмалардын аткарылышына байланыштуу документтерди (Документтер тизмегинде көрсөтүлгөн документтер жана текшерүү үчүн сунушталган маалыматтар (3-тиркемеге ылайык) менен чектелбестен), ошондой эле зарыл документтердин талапка ылайык тастыкталган көчүрмөлөрүн же кыскача көчүрмөлөрүн жана МФУдан, адистештирилген финансы мекемесинен, кредиттик бюродон жана алмашуу бюролорунан документтер боюнча чечмелөөлөрдү талап кыла алышат.»;

− Нускоо төмөнкү мазмундагы 17-1 жана 17-2-пункттар менен толукталсын:

«17-1. Алмашуу бюросу текшерүүчүлөр тобунун талабы боюнча алмашуу бюросундагы фото- жана видео жаздыруучу техникалык каражаттардагы бардык маалыматтардан пайдалануусун камсыз кылууга милдеттүү. Мындай маалыматты сунуштоодон баш тартылган шартта, текшерүүчүлөр тобу Текшерүү жүргүзүүгө каршылык көрсөткөндүгү тууралуу акты түзөт.

17-2. Алмашуу бюросун текшерүүнүн жүрүшүндө текшерүүчүлөр тобу инспектордук текшерүү үчүн касса жайындагы бардык нак акча сактоо жайларын (шкафтарды, текчелерди, сейфтерди, кутуларды жана башкаларды) ачууну талап кылууга укуктуу. Эгерде жогоруда аталган жерлерде алмашуу бюросунун кассасында эсепке алынбаган нак акча каражаттары табылса алар эсептелип, анын жыйынтыгы тууралуу маалымат ошол алмашуу бюросунун Нак акча каражаттарына ревизия жүргүзүү актысында чагылдырылууга тийиш.»;

− Нускоо төмөнкү мазмундагы 24-1-пункт менен толукталсын:

«24-1. Алмашуу бюросунун ишин текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча текшерүү тобу тарабынан Алмашуу бюросунун ишин текшерүү жөнүндө маалымкат эки нускада түзүлүп, ага текшерүүнүн жетекчиси жана алмашуу бюросунун жетекчиси/анын атынан иш алып барган ыйгарым укуктуу кызматкери кол коет, анын бир нускасы алмашуу бюросуна берилет»;

− 37-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:

«37. Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарын, анын ичинде Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларын бузууга жол берүүлөр аныкталган учурда, МФУга, адистештирилген финансы мекемесине, алмашуу жана кредиттик бюрого жана алардын кызмат адамдарына карата Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларына жана Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарына ылайык тиешелүү чаралар көрүлөт.

Ишкердикти Улуттук банктын тиешелүү лицензиясыз/күбөлүгүсүз жүргүзгөн адамдар аныкталган учурда, Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларына ылайык административдик укук бузуу жөнүндө протокол (мындан ары – Протокол) түзүлөт. Административдик жоопкерчиликке тартылган адам кол коюудан баш тарткан учурда, протоколдо анын себеби көрсөтүлүүгө тийиш. Эгерде баш тартуу

себептери көрсөтүлбөсө, анда актыда «себебин (далилин) көрсөтүүсүз» деген белги коюлууга тийиш.

Мүмкүнчүлүккө жараша, укук бузуучу тарабынан лицензиясыз ишкердик жүргүзүлгөн жер сүрөткө жана видеого тартылат.

Ошондой эле лицензиясыз ишкердикти жүргүзүүгө текшерүү мамлекеттик органдардын, уюмдардын жана жарандардын кайрылууларынын негизинде жүргүзүлүшү мүмкүн (каттар, талаптар, даттануулар ж.б.). Мында, кайрылууга ыкчам-тергөө чаралары боюнча материалдар жана административдик укук бузуу/банк мыйзамдарын бузууга жол берүү фактыларын тастыктаган башка документтер кошо тиркелеши мүмкүн.»;

− 38-пункттагы «адистештирилген финансы мекемеси» деген сөздөн кийин «, алмашуу» деген сөз менен толукталсын;

− 39-пункттагы «кредиттик бюролордун» деген сөздөн кийин «, алмашуу бюролорунун жетекчилери/кызматкерлери» деген сөздөр менен толукталсын;

− Нускоого карата 1-тиркемедеги:

«кызматкер» деген сөз тиешелүү жөндөмөдөгү «кызматкер» дегенге алмаштырылсын;

− Нускоого карата 2-тиркемедеги:

«Инспектрлөө башкармалыгынын/областтык башкармалыктын начальниги» деген сөздөр «инспектрлөө башкармалыгынын/ областтык башкармалыктын начальниги» дегенге алмаштырылсын;

− Нускоого карата 3-тиркеменин:

2-бөлүгүнүн 13-пункту төмөнкү редакцияда берилсин: «13. Аларда МФУ менен байланыштуу адамдар олуттуу кызыкчылыкка ээ, МФУнун карыздык милдеттенмелер акцияларындагы инвестицияларынын тизмеги.»;

3-бөлүгүнүн 5-пункту төмөнкү редакцияда берилсин: «5. Байланыштуу жана аффилирленген компаниялар менен операциялар боюнча маалымат.»;

− Нускоого карата 3-1-тиркеменин 2-бөлүгүнүн 5-пункту төмөнкү редакцияда берилсин: «5. Байланыштуу жана аффилирленген компаниялар менен операциялар боюнча маалымат.»;

− Нускоого карата 4-тиркеме төмөнкү редакцияда берилсин:

**«Депозиттерди тартпаган микрофинансылык уюмдардын жана Улуттук банктын көзөмөлдүгүнө алынган башка юридикалык жактардын ишине инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүү жөнүндө» нускоого карата**
**4-тиркеме**

## Текшерүү жүргүзүүгө каршылык көрсөтүү жөнүндө АКТ

______________________________________

*(МФК/МКА/МКК, адистештирилген финансы мекемесинин жана кредиттик бюронун аталышы)*

______________________________________

*(МФК/МКА/МКК, адистештирилген финансы мекемеси жана кредиттик бюро жайгашкан жер - дареги, телефону)*

_______________ 20__-жылдын «__» ________

*(түзүлгөн жери)*

Мен, _____-жылдын "___"__________ №__________ күбөлүккө ээ Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын кызматкери ________________ (Улуттук банктын кызматкеринин аты-жөнү) тарабынан МФК/МКА/МКК, адистештирилген финансы мекемесинин жана кредиттик бюронун кызматкери ______________ (МФК/МКА/МКК, адистештирилген финансы мекемесинин жана кредиттик бюронун кызматкеринин аты-жөнү, кызматы) аталган МФК/МКА/МКК, адистештирилген финансы мекемеси жана кредиттик бюро: _______________________ ишине текшерүү жүргүзүүгө каршылык көрсөткөндүгү жөнүндө ушул Акт түзүлдү. Текшерүү жүргүзүүгө каршылык көрсөтүү төмөнкүлөрдөн көрүнөт:

______________________________________________________

____________________________________________________________

____________________________________________________________

Улуттук банктын кызматкеринин текшерүү жүргүзүүгө каршылык көрсөткөндүгү үчүн МФК/МКА/МКК, адистештирилген финансы мекемесинин жана кредиттик бюронун кызматкерине жоопкерчиликке тартыла тургандыгы тууралуу эскертүү берилди.

Акт _______________ (кызматы) _____________________ (Улуттук банктын кызматкеринин аты-жөнү) тарабынан түзүлдү ___________ (кол тамгасы).

Таанышып чыктым: _______________ (кызматы) _____________________ (МФК/МКА/МКК, адистештирилген финансы мекемесинин жана кредиттик бюронун кызматкеринин аты-жөнү) ___________ (кол тамгасы).

Актынын экинчи нускасын алдым: _________________________(МФК/МКА/МКК, адистештирилген финансы мекемесинин жана кредиттик бюронун кызматкеринин аты-жөнү) ____________ (кол тамгасы)»;

− Нускоо төмөнкү мазмундагы 2-1 жана 4-1-тиркемелер менен толукталсын:

**«Депозиттерди тартпаган микрофинансылык уюмдардын жана Улуттук банктын көзөмөлдүгүнө алынган башка юридикалык жактардын ишине инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүү жөнүндө» нускоого карата**
**2-1-тиркеме**

____________________ алмашуу бюросу/бюролору
*(шаардын/облусттын аталышы)*

**Алмашуу бюросунун/бюролорунун ишин текшерүүгө**

**ЖОЛДОМО**

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы алмашуу бюросу/бюролору тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарынын жана Улуттук банктын ченемдик-укуктук актыларынын сакталышын текшерүү үчүн Улуттук банктын төмөнкү кызматкерлерин__________________________(шаардын/областтын аталышы) алмашуу бюросун/бюролорун текшерүүгө жөнөтөт:

–

–

–

Жолдомону колдонуу мөөнөтү: ________________

Башкарманын мүчөсү/
Төраганын орун басары/
областтык бапшкармалыктын начальниги/
өкүлчүлүктүн директору (аты-жөнү, кол тамгасы)

**"Депозиттерди тартпаган микрофинансылык уюмдардын жана Улуттук банктын көзөмөлдүгүнө алынган башка юридикалык жактардын ишине инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүү жөнүндө" нускоого карата 4-1-тиркеме**

**Текшерүү жүргүзүүгө каршылык көрсөтүү жөнүндө**
**АКТ**

___________________________________
*(алмашуу бюросунун аталышы)*

___________________________________
*(алмашуу бюросу жайгашкан жер)*

_________________ 20__-жылдын «__» ________
*(түзүлгөн жери)*

Мен, _____-жылдын “___”__________ №__________ күбөлүккө ээ Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын кызматкери _________________ (Улуттук банктын кызматкеринин аты-жөнү) тарабынан ____________________________ *(алмашуу бюросунун жетекчиси/бюронун атынан иш алып барууга ыйгарым укукка ээ кызматкери)* «_________________________» алмашуу бюросунун ишине текшерүү жүргүзүүгө каршылык көрсөткөндүгү жөнүндө ушул Акт түзүлдү, так айтканда:

______________________________________________________________

______________________________________________________________

______________________________________________________________

Улуттук банктын кызматкеринин текшерүү жүргүзүүсүнө каршылык көрсөткөндүгү үчүн алмашуу бюросунун жетекчисине/бюронун атынан иш алып барууга ыйгарым укукка ээ кызматкерине жоопкерчиликке тартыла тургандыгы тууралуу эскертүү берилди.

Эгерде бул актыга кол коюудан баш тартуу себептери сунушталбаса, актыда «себебин (далилин) көрсөтүүсүз» деген белги коюлууга тийиш.*_______________________________________________

Акт төмөнкүлөр тарабынан түзүлдү (Улуттук банктын кызматкерлеринин аты-жөнү):

1. _________________________ (аты-жөнү, кызматы, кол тамгасы)
2. _________________________ (аты-жөнү, кызматы, кол тамгасы)
3. _________________________ (аты-жөнү, кызматы, кол тамгасы)

Таанышып чыктым:_______________________________________

*(аты-жөнү, кызматы, кол тамгасы)*

Актынын экинчи нускасын алдым:__________________________

____________________________________________________________

*(аты-жөнү, кызматы, кол тамгасы)*

* Актка кол коюудан таш тарткан учурда толтурулат».

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫ

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

**720001, Бишкек ш., Чүй проспекти, 168**
**2018-жылдын 11-апрелиндеги**
**№ 2018-П-13/12-1-(НПА)**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иши жөнүндө” мыйзамынын 68-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Улуттук банк Башкармасынын төмөнкү токтомдоруна сунушталган өзгөртүүлөр (кошо тиркелет) бекитилсин:

− 2005-жылдын 25-августундагы №26/5 “Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын айрым ченемдик укуктук актылары жөнүндө”;

− 2011-жылдын 21-декабрындагы №69/16 «Кассалык жүгүртүүлөр отчету жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу.

2. Токтом 2018-жылдын 1-июлунан тартып күчүнө кирет.

3. Юридика башкармалыгы:

− токтомдун Улуттук банктын расмий интернет-сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;

− расмий жарыялангандан кийин Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине чагылдырылышы үчүн бул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

4. Нак акча менен иш алып баруу башкармалыгы ушул токтом менен коммерциялык банктарды, банктык эмес финансы-кредит

уюмдарын, Улуттук банктын тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөрүн, областтык башкармалыктарын жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүн тааныштырсын.

5. Токтомдун аткарылышына контролдукту жүзөгө ашыруу милдети Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын төрагасынын орун басары, айым Л. Дж. Орозбаевага ыйгарылсын.

**Төрага** **Т. Абдыгулов**

**Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук банк Башкармасынын**
**2018-жылдын 11-апрелиндеги**
**№ 2018-П-13/12-1-(НПА)**
**токтомуна тиркеме**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөр

1. Улуттук банк Башкармасынын 2005-жылдын 25-августундагы №26/5 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын айрым ченемдик укуктук актылары жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Банктардын мезгил-мезгили менен берүүчү регулятивдик отчету жөнүндө» жобого карата тиркеменин бүтүндөй тексти боюнча кездешкен «Борбордук жүгүртүү кассасы» деген тиешелүү жөндөмөлөрдөгү «Борбордук жүгүртүү касса тобу» дегенге алмаштырылсын;

− 2-тиркеменин:

33 жана 34-бөлүктөрү төмөнкү редакцияда берилсин:

### «33-БӨЛҮК
### АР БИР АЙ ҮЧҮН КАССАЛЫК ЖҮГҮРТҮҮЛӨР ЖӨНҮНДӨ ОТЧЕТ
### _____________ (жылдын) _______ (айы)

*(миң сом)*

| **Келип түшүүлөр** | | | | **Берүүлөр** | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1-39, 45(*) - 48(*) | Жыйын-тыгында | 38, 39, 49(*) - 51(*) | Баланс | 55-89, 95(*) - 100(*) | Жыйынты-гында | 88, 89, 101(*) - 103(*) | Баланс |
| | | | | | | | |

кызматы кол тамгасы аты жөнү

_______________ _______________ _____________

**34-БӨЛҮК**
**ЖУМАЛЫК КАССАЛЫК ЖҮГҮРТҮҮЛӨР ЖӨНҮНДӨ ОТЧЕТ**
**_____________ (жылдын) «__» баштап «__» чейин _______ (айы)**

*(миң сом)*

| Банктын кодц | Банк филиалынын аталышы | Нак акчанын түшүүсү (символдордун жыйынтык суммалары 1-41, 45(*)-48(*)) | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Жума ичиндеги күндөр | | | | | | | |
| | | Дүйш. | Шейш. | Шарш. | Бейш. | Жума | Иш. (жумуш күнү катары жарыяланган учурда) | Жекш. (жумуш күнү катары жарыяланган учурда) | Бардыгы болуп |

| Банктын кодц | Банк филиалынын аталышы | Нак акча берүүлөр (символдордун жыйынтык суммалары 55-91, 95(*)-100(*)) | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Жума ичиндеги күндөр | | | | | | | |
| | | Дүйш. | Шейш. | Шарш. | Бейш. | Жума | Иш. (жумуш күнү катары жарыяланган учурда) | Жекш. (жумуш күнү катары жарыяланган учурда) | Бардыгы |

| Банктын коду | Банк филиалынын аталышы | Коммерциялык банктардын кассаларындагы нак акча калдыгы | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Жума ичиндеги күндөр | | | | | | | |
| | | Дүйш. | Шейш. | Шарш. | Бейш. | Жума | Иш. (жумуш күнү катары жарыяланган учурда) | Жекш. (жумуш күнү катары жарыяланган учурда) | Бардыгы |

(*) Улуттук банктын символдору.».

2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2011-жылдын 21-декабрындагы №69/16 «Кассалык жүгүртүүлөр отчету жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

− токтомдун кириш бөлүгүндөгү жана 1-пунктундагы «жаңы редакцияда» деген сөздөр алынып салынсын.

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Кассалык жүгүртүүлөр отчету жөнүндө» жобонун:

− бүтүндөй тексти боюнча кездешкен «Борбордук жүгүртүү кассасы» деген сөздөр тиешелүү жөндөмөлөрдөгү «Борбордук жүгүртүү касса тобу» дегенге алмаштырылсын;

− 2.1-пунктунун а) пунктчасы төмөнкү редакцияда берилсин:

− «а) Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иши жөнүндө» мыйзамда каралган Улуттук банктын нак акча жүгүртүү функциясын аткаруусу алкагында»;

− 2, 3 жана 4-тиркемелер төмөнкү редакцияда берилсин:

**«Кассалык жүгүртүүлөр отчету жөнүндө”**
**жобого карата**
**2-тиркеме**

## Кассалык жүгүртүүлөр жөнүндө маалыматтар

_______________________________
*(областтык башкармалык)*

_______________ (*жылдын*) ____________ (*айы*) үчүн

| Түшүүлөр | | | | Берүүлөр | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1-39,** 45*-48* | Жыйын-тыгында | **40,41,**49*-51* | Баланс | **55-89,**95*-100* | Жыйын-тыгында | **90,91,**101*-103* | Баланс |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |

**“Кассалык жүгүртүүлөр отчету жөнүндө” жобого карата 3-тиркеме**

## Кассалык жүгүртүүлөрдү эсепке алуу ведомосту

_________________________ боюнча
*(областтык башкармалык)*

_______________ ___________ үчүн
*(жылдын)* *(айы)*

| Жуманын күндөрү | Ай ичиндеги күндөр (1-31) | Түшүүлөр | | | | Берүүлөр | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **1-39**, 45*-48* | Жыйынтыгында | **40,41**,49*-51* | Баланс | **55-89**,95*-100* | Жыйынтыгында | **90,91**,101*-103* | Баланс |
| Дүйшөмбү | | | | | | | | | |
| Шейшемби | | | | | | | | | |
| Шаршемби | | | | | | | | | |
| Бейшемби | | | | | | | | | |
| Жума | | | | | | | | | |
| **Жыйынтык** | | **0** | | | | **0** | | | |
| Дүйшөмбү | | | | | | | | | |
| Шейшемби | | | | | | | | | |
| Шаршемби | | | | | | | | | |
| Бейшемби | | | | | | | | | |
| Жума | | | | | | | | | |
| **Жыйынтык** | | **0** | | | | **0** | | | |
| Дүйшөмбү | | | | | | | | | |
| Шейшемби | | | | | | | | | |
| Шаршемби | | | | | | | | | |
| Бейшемби | | | | | | | | | |
| Жума | | | | | | | | | |
| **Жыйынтык** | | **0** | | | | **0** | | | |
| Дүйшөмбү | | | | | | | | | |
| Шейшемби | | | | | | | | | |
| Шаршемби | | | | | | | | | |
| Бейшемби | | | | | | | | | |
| Жума | | | | | | | | | |

**“Кассалык жүгүртүүлөр отчету жөнүндө” жобосуна карата**
**4-тиркеме**

## Кассалык жүгүртүүлөр жөнүндө маалыматтар

_______________ _____________ үчүн
*(жылдын)* *(айы)*

| Улуттук банктын областтык башкармалыктарынын аталыштары | Келип түшүүлөр | | | | Берүүлөр | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 1-39, 45*-48* | Жыйынтык | 40,41,49*-51* | Баланс | 55-89,95*-100* | Жыйынтык | 90,91,101*-103* | Баланс |
| | | | | | | | | |
| | | | | | | | | |

».

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫ

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

**720001, Бишкек ш., Чүй проспекти, 168**
**2018-жылдын 26-апрелиндеги**
**№ 2018-П-12/14-2-(НПА)**

## Улуттук банк Башкармасынын «2011-жылдын 27-июлундагы №40/4 «Нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүү укугуна лицензия берүү тартиби жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө» мыйзамынын 20 жана 68-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Улуттук банк Башкармасынын «2011-жылдын 27-июлундагы № 40/4 «Нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүү укугуна лицензия берүү тартиби жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна сунушталган толуктоолор жана өзгөртүүлөр (кошо тиркелет) бекитилсин.

2. Юридика башкармалыгы:

− бул токтомдун Улуттук банктын расмий интернет-сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;

− расмий жарыялангандан кийин токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

3. Көзөмөл методологиясы жана лицензиялоо башкармалыгы бул токтом менен алмашуу бюролорун, Улуттук банктын областтык башкармалыктарын жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүн тааныштырсын.

4. Токтом расмий жарыялангандан 15 (он беш) күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

5. Токтомдун аткарылышына контролдук Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын мүчөсү Т.Дж.Джусупов мырзага жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. Абдыгулов**

**Кыргыз Республикасынын
Улуттук банк Башкармасынын
2018-жылдын 26-апрелиндеги
№ 2018-П-12/14-2-(НПА)
токтомуна тиркеме**

## Улуттук банк Башкармасынын 2011-жылдын 27-июлундагы №40/4 «Нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүү укугуна лицензияны берүү тартиби жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөр жана толуктоолор

Улуттук банк Башкармасынын 2011-жылдын 27-июлундагы №40/4 «Нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүү укугуна лицензия берүү тартиби жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүү укугуна лицензия берүү тартиби жөнүндө» жобонун:

− 1-пункту төмөнкү мазмундагы бешинчи жана алтынчы абзацтар менен толукталсын:

«Эгерде юридикалык жактын алмашуу бюросу нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын сезондук негизде (бир календардык жылда 4 ырааттуу айдан азыраак) ишке ашырууну ниеттенип жатса, анда бир алмашуу бюросу үчүн жүгүртүү каражаттарынын минималдуу суммасы 500 000 сомду түзөт.

Нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын сезондук негизде (бир календардык жыл ичинде 4 ырааттуу айдан азыраак) ишке ашырууну ниеттенип жаткан юридикалык жак тарабынан кошумча түзүлгөн ар бир алмашуу бюросуна жүгүртүү каражаттарынын минималдуу суммасы 200 000 сомду түзөт.»;

− 3-пунктундагы «жүргүзүүгө» деген сөз «жүргүзүү укугуна» дегенге алмаштырылсын;

− 9-пунктунда:

«з» пунктчасы төмөнкү редакцияда берилсин:

«з) төмөнкү өлчөмдөрдө өтүнүч ээсинин коммерциялык банктагы эсебинде улуттук валютада же өтүнүч кат берилген күнү Улуттук

банктын колдонуудагы расмий курсу боюнча чет өлкө валютасындагы эквиваленттүү суммада жүгүртүү акча каражаттарынын болушу тууралуу өтүнүч катты берген күнүн тастыктаган коммерциялык банктын маалымкаты:

− кеминде 1 000 000 (бир миллион) сом;

− нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын сезондук негизде (бир календардык жыл ичинде 4 ыраттуу айдан азыраак) ишке ашырууну ниеттенип жаткан юридикалык жактар тарабынан ачылуучу алмашуу бюролору үчүн кеминде 500 000 (беш жүз миң).»;

«и» пунктчасынын экинчи абзацындагы «документтерди тапшыруу» деген сөздөрдөн кийин төмөнкү сөздөр менен толукталсын:

«(нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын ишке ашыруу укугуна лицензия берүү жөнүндө өтүнүч кат берген учурга карата кеминде эки ай мурда мамлекеттик каттоодон өткөн юридикалык жактар тарабынан берилбейт);»;

төмөнкү мазмундагы «м» пунктчасы менен толукталсын:

«м) уюштуруучунун/катышуучунун паспортунун көчүрмөсү жана өтүнүч кат тапшыруу учурунда юридикалык жактын уюштуруучусунун/катышуучусунун – өтүнүч ээсинин соттуулугу жоктугу тууралуу ыйгарым укуктуу органдын маалымкаты.»;

− жобо төмөнкү мазмундагы 9-1-пункт менен толукталсын:

«9-1. Эгерде юридикалык жактын нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүү укугуна лицензиянын мөөнөтү аяктап жатса же 1 айдан ашпаган мөөнөт мурда аяктаса, анда юридикалык жак жаңы лицензия алуу үчүн төмөнкү документтерди сунуштайт:

1) нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүү үчүн лицензия берүү жөнүндө өтүнүч катты (2-тиркеме);

2) төмөнкү өлчөмдөрдө өтүнүч ээсинин коммерциялык банктагы эсебинде улуттук валютада же өтүнүч кат берилген күнү Улуттук банктын колдонуудагы расмий курсу боюнча чет өлкө валютасындагы эквиваленттүү суммада жүгүртүү акча каражаттарынын болушун тастыктаган документтерди:

− кеминде 1 000 000 (бир миллион) сом;

− нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын сезондук негизде (бир календардык жыл ичинде 4 ыраттуу айдан азыраак) ишке ашырууну ниеттенип жаткан юридикалык жактар тарабынан ачылуучу алмашуу бюролору үчүн кеминде 500 000 (беш жүз миң) сом.

3) алмашуу бюросунун жүгүртүү каражаттарынын булактары тууралуу маалыматты (эгерде мурда буга чейинки лицензияны алууда сунушталбаса) (8-1-тиркеме);

4) алмашуу бюросунун жетекчисин дайындоо жөнүндө чечимди;

5) салык органдарынын бирдиктүү маалымкатын:

− документтерди тапшыруу учурунда бюджет алдында карызынын жоктугу тууралуу;

− контролдук-кассалык машинаны каттоо жөнүндө (3-тиркеме);

6) алмашуу бюросунун жайын идентификациялоого мүмкүндүк берген маалыматтарды камтыган ижара келишиминин же алмашуу бюросунун жайына менчик укугун тастыктаган, өтүнүч ээсинин мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн укук белгилөөчү документтин көчүрмөсүн;

7) нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын ишке ашырууда кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (изин жашырууга) жана террористтик же экстремисттик иш-аракеттерге каршы аракеттенүү боюнча ички контролдук эрежелерин сакталышы үчүн жоопту кызмат адамын дайындоо жөнүндө буйрукту;

8) паспорттун көчүрмөсү жана өтүнүч кат берүү учурунда юридикалык жактын – өтүнүч ээсинин уюштуруучусунун соттуулугу жоктугу тууралуу ыйгарым укуктуу органдын маалымкатын.

Эгерде нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүү укугуна лицензиянын мөөнөтү 1 айдан ашык мөөнөт мурда аяктаса, анда юридикалык жак жаңы лицензияны алуу үчүн документтерди ушул жобонун 9-пунктуна ылайык сунуштайт.»;

− 25-пунктунда:

биринчи абзацындагы «30» деген сандан кийин «календардык» деген сөз менен толукталсын;

үчүнчү абзацындагы «түп нускасын» деген сөз «көчүрмөсүн» дегенге алмаштырылсын;

төртүнчү жана бешинчи абзацтар төмөнкү редакцияда берилсин:

«- өзгүртүүлөр киргизилген уюштуруу документтеринин лицензиаттын мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү;

− мамлекеттик кайра каттоо жөнүндө күбөлүктүн (мамлекеттик кайра каттоодон өткөртүүгө алып келген уюштуруу документтерине өзгөртүүлөрдү киргизүүдө) лицензиаттын мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү.»;

− жобо төмөнкү мазмундагы 25-1-пункт менен толукталсын:

«25-1. Эгерде нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын сезондук негизде (бир календардык жыл ичинде 4 ырааттуу айдан азыраак) ишке ашырууну ниеттенип жаткан юридикалык жактын – лицензиаттын алмашуу бюросу жана/же кошумча алмашуу бюросу өз ишин туруктуу негизде жүзөгө ашырса, анда лицензиат жүгүртүү каражаттарынын минималдуу суммасын 1 000 000 сомго чейин жеткирүүгө жана Улуттук банкка төмөнкү документтерди берүүгө милдеттүү:

1) билдирме катты;

2) билдирүү берген күнү лицензиаттын коммерциялык банктагы эсебиндеги кеминде 1 000 000 (бир миллион) сом суммасына улуттук валютада же билдирүү берилге күнү Улуттук банктын расмий курсу боюнча чет өлкө валютасындагы эквиваленттүү суммада жүгүртүү акча каражаттарынын болушун тастыктаган маалымкатты;

3) алмашуу бюросунун жүгүртүү каражаттарынын булактары жөнүндө маалыматты (8-1-тиркеме).»;

− 27-пунктундагы «жүргүзүүгө» деген сөз «жүргүзүү укугуна» дегенге алмаштырылсын;

− 28-пунктунун үчүнчү абзацындагы

«түп нускасын» деген сөз «көчүрмөсүн» дегенге алмаштырылсын;

− 30-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:

«30. Нак чет өлкө валюталары менен алмашуу операцияларын жүргүзүү укугуна ээ бир юридикалык жак төрт кошумча алмашуу бюросун ачууга укуктуу.»;

− 32-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:

«32. Кошумча алмашуу бюросун каттоо үчүн лицензиат Улуттук банкка төмөнкү документтерди сунуштайт:

− кошумча алмашуу бюросун каттоодон өткөртүүгө 6-тиркемеге ылайык форма боюнча өтүнүч катын;

− ижара келишиминин көчүрмөсүн же кошумча ачылган алмашуу бюросу жайгашкан жайга менчик укугун тастыктаган, лицензиаттын мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн документтин көчүрмөсүн;

− кошумча алмашуу бюросун ачуу тууралуу жана кошумча алмашуу бюросунун жетекчисин дайындоо жөнүндө чечимди же буйрукту;

− документтерди тапшыруу учурунда бюджет алдында карызынын жок экендиги жана контролдук-кассалык машина каттоодон өткөртүлгөндүгү жөнүндө салык органдарынын бирдиктүү маалымкат (3-тиркеме);

з) төмөнкү өлчөмдөрдө өтүнүч ээсинин коммерциялык банктагы эсебинде улуттук валютада же өтүнүч кат берилген күнү Улуттук банктын колдонуудагы расмий курсу боюнча чет өлкө валютасындагы эквиваленттүү суммада жүгүртүү акча каражаттарынын болушун тастыктаган коммерциялык банктын маалымкаты:

− кеминде 1 000 000 (бир миллион) сом;

− нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын сезондук негизде (бир календардык жыл ичинде 4 ыраттуу айдан азыраак) жүргүзүүнү ниеттенип жаткан юридикалык жактар тарабынан ачылуучу кошумча алмашуу бюролору үчүн кеминде 200 000 (эки жүз миң) сом.

и) кошумча ачылуучу алмашуу бюросунун жүгүртүү каражаттарынын булактары жөнүндө маалымат (8-1-тиркеме).»;

− 34-пункттагы «жүргүзүүгө» деген сөз «жүргүзүү укугуна» дегенге алмаштырылсын;

− жобо төмөнкү мазмундагы 35-1-пункт менен толукталсын:

«35-1. Эгерде алмашуу бюросунун/кошумча ачылуучу алмашуу бюросунун иши токтотулган учурда, лицензиат Улуттук банкка 11-тиркемеге ылайык форма боюнча иши токтотулган учурдан тартып үч күн ичинде иши токтотулган мезгилди милдеттүү түрдө көрсөтүү менен тиешелүү билдирме жөнөтүүгө милдеттүү.

Алмашуу бюросунун/кошумча ачылуучу алмашуу бюросунун нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын иши токтотулган мезгил ичинде жүргүзүүгө жол берилбейт. Аталган талапты бузууга

жол берген учурда, лицензиатка карата таасир этүү чаралары колдонулушу мүмкүн.»;

− 36-пункттагы «казинолордо» деген сөз алып салынсын;

− 44-пункт төмөнкү мазмундагы «15» жана «16» пунктчалар менен толукталсын:

«15) экономика чөйрөсүндө кылмыш жасагандыгы үчүн алынып салынбаган жана жабылбаган соттуулугунун болушу;

16) алмашуу бюросунун ишине жана жайына ушул жобонун талаптарына ылайык келиши предметине текшерүү жүргүзүүгө каршылык көрсөтүү.»;

− 49-пункт төмөнкү мазмундагы 12-пунктча менен толукталсын:

«12) Улуттук банкка берилген билдирүүгө ылайык, иши токтотулган мезгил ичинде нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларынын ишке ашырылып жаткандыгын аныктоо.»;

− 2-тиркеменин:

«Өтүнүч кат» деген сөз «лицензияга берүүгө» деген сөздөр менен толукталсын;

төмөнкү мазмундагы 6-пункт менен толукталсын:

«6. Эгерде юридикалык жак нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын сезондук негизде (бир календардык жыл ичинде 4 ырattуу айдан азыраак) ишке ашырууну ниеттенип жатса, токтотулуп турган иш мезгили көрсөтүлөт.»;

− 6-тиркеме төмөнкү редакцияда берилсин:

**«Нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүү укугуна лицензияны берүү тартиби жөнүндө» жобого карата 6-тиркеме»**

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы**

**___________________________**

**(юридикалык жактын аталышы)**

## ӨТҮНҮЧ КАТ

*(кошумча алмашуу бюросун ачууга)*

нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүү укугуна 20___-жылдын «____»__________ №_____ лицензиясына ээ ______________________________

_____________________________________________________________

*(юридикалык жактын толук аталышы жана дареги)*

кошумча ачылуучу алмашуу бюросун каттоодон өткөртүүнү өтүнөт.

1. Кошумча ачылуучу алмашуу бюросунун дареги: ____________

2. Кошумча ачылуучу алмашуу бюросунун жетекчиси / ким тарабынан ыйгарым укук чегерилген: ___________________________

3. Кошумча ачылуучу алмашуу бюросунун байланыш телефон номери: ____________________________________________________

Төмөнкү маалыматтарды кошумча билдирем:

1. Кошумча ачылуучу алмашуу бюросунун жетекчисинин паспорттук маалыматтары:

Паспортунун сериясы ____________________ N ______________ ким тарабынан берилген ________________ берилген күнү _____-жылдын «__» _________. Жашаган жери:

2. Туруктуу иштеген жери жана ээлеген кызматы (эгерде болгон болсо) ______________________________________________________

(толук аталышы жана дареги көрсөтүлөт)

3. Кошумча ачылуучу алмашуу бюросунун жүгүртүү каражаттары __________ сомду түзөт (суммасы сан жана сөз менен жазылат).

Кошумча ачылуучу алмашуу бюросун каттоо үчүн зарыл документтер кошо тиркелет.

Өтүнүч катта көрсөтүлгөн маалыматтардын туура жана анык экендигин тастыктаймын.

Күнү

Юридикалык жактын жетекчисинин кол тамгасы

Мөөрү»;

− 10-тиркеменин:

I бөлүгүндөгү «Үмөталиев көчөсү, 101» деген сөздөр «Чүй проспектиси, 168» дегенге алмаштырылсын;

II бөлүгүнүн 4-пункту күчүн жоготкон катары таанылсын;

− жобо төмөнкү мазмундагы 11-тиркеме менен толукталсын:

**«Нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүү укугуна лицензия берүү тартиби жөнүндө» жобого карата 11-тиркеме»**

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы**

**_________________________**

**(юридикалык жактын аталышы)**

**БИЛДИРМЕ**

Нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүү укугуна 20___-жылдын «___» _____________ №____ лицензиясына ээ ____________________________________________________ (юридикалык жактын толук аталышы жана дареги)

_______________________ (ишти токтотуу себеби көрсөтүлөт) байланыштуу ___________________ (алмашуу бюросунун/кошумча алмашуу бюросунун дареги) ____ (күнү) тартып ______ (күнү) чейинки мезгилде ___________ (алмашуу бюросунун/кошумча алмашуу бюросунун каттоо номери) алмашуу бюросунун/кошумча алмашуу бюросунун ишин токтоткондугу тууралуу билдирет.

Өтүнүч катта көрсөтүлгөн маалыматтардын туура жана анык экендигин тастыктаймын.

Күнү

Юридикалык жактын жетекчисинин кол тамгасы

Мөөрү».

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫ | ПРАВЛЕНИЕ НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ |
|---|---|

# ТОКТОМ

**720001, Бишкек ш., Чүй проспекти, 168**
**2018-жылдын 23-майындагы**
**№ 2018-П-15\18-1-(НПА)**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иши жөнүндө» мыйзамынын 20 жана 68-беренелерине таянуу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Улуттук банктын төмөнкү ченемдик укуктук актыларына сунушталган өзгөртүүлөр ( кошо тиркелет) бекитилсин:

− Улуттук банк Башкармасынын 2010-жылдын 30-июнундагы № 52/1 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аркылуу жайгаштырылуучу мамлекеттик баалуу кагаздар түрүндөгү күрөөлүк камсыздоону каттоо эрежелерин» бекитүү тууралуу» токтомуна;

− Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 28-мартындагы № 10/9 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аркылуу жайгаштырылуучу мамлекеттик баалуу кагаздарды депозитардык эсепке алуу жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна.

2. Токтом расмий жарыялангандан 15 (он беш) күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

3. Юридика башкармалыгы:

− токтомдун Улуттук банктын расмий интернет-сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;

− расмий жарыялангандан кийин Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде

чагылдырылышы үчүн бул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

4. Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана документ менен иш алып баруу бөлүмү ушул токтом менен коммерциялык банктарды жана Улуттук банктын тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөрүн тааныштырсын.

5. Токтомдун аткарылышына контролдукту жүзөгө ашыруу милдети Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын төрагасынын орун басары, айым А. С. Тезекбаевага ыйгарылсын.

**Төраганын милдетин аткаруучу** **Н. Жениш**

**Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук банк Башкармасынын**
**2018-жылдын 23-майындагы**
**№ 2018-П-15\18-1-(НПА)**
**токтомуна тиркеме**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөр

1. Улуттук банк Башкармасынын 2010-жылдын 30-июнундагы №52/1 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аркылуу жайгаштырылуучу мамлекеттик баалуу кагаздар түрүндөгү күрөөлүк камсыздоону каттоо эрежелерин» бекитүү тууралуу токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

− токтомдун аталышындагы жана 1-пунктта «мамлекеттик» деген сөз алынып салынсын;

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аркылуу жайгаштырылуучу мамлекеттик баалуу кагаздар түрүндөгү күрөөлүк камсыздоону каттоо эрежесинен:

− Эреженин аталышындагы, бүтүндөй тексттен жана 2-тиркемеден «мамлекеттик» деген сөз алынып салынсын;

− бүтүндөй текстте жана тиркемелерде «МБК» деген сөз «БК» деген сөзгө алмаштырылсын;

− бүтүндөй текстте жана 1, 2, 4-тиркемелерде ар кандай түрдө жана жөндөмөдө кездешкен «МБК Депозитарийи» деген кыскартылган түрдө берилген сөздөр «Депозитарий» деген сөзгө алмаштырылсын;

− 1, 2, 4-тиркемелерде «сом» деген сөз «валюта» деген сөзгө алмаштырылсын;

− 2-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:

«2. Бул эреже Кыргыз Республикасынын Улуттук банкында (мындан ары – Улуттук банк) күрөө келишимдерин каттоо процессин иретке салуу максатында иштелип чыкты. Күрөө предмети болуп Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн балуу кагаздары жана Улуттук банк аркылуу жайгаштырылуучу жана Улуттук банктагы депозитарийде банк аралык кредиттик операциялар боюнча эсепке алынган Улуттук банктын ноталары, аны менен бирге кыймыл аракеттер күрөө мүлкүнө

караганда күрөө менен камсызданган милдеттенмени аткаруу же аткарбоо учурларда.

− 2-главанын биринчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Улуттук банк аркылуу жайгаштырылуучу баалуу кагаздар – бул Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн атынан Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан чыгарылган баалуу кагаздар жана Улуттук банктын ноталары.»;

− төртүнчү жана бешинчи абзацтарындагы «Биринчилик дилердин же финансы-кредиттик уюмдарынын» деген сөздөр «Тике катышуучунун» дегенге алмаштырылсын;

− алтынчы, тогузунчу абзацтарындагы ар кандай жөндөмөдөгү «Биринчилик дилердин» деген сөз «Тике катышуучунун» деген сөзгө тийиштүү жөндөмөдө алмаштырылсын;

− жетинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Тике катышуучу – Улуттук банк тарабынан лицензияланган, Улуттук банкта корреспонденттик/күндөлүк эсепке ээ коммерциялык банк, Улуттук банк аркылуу жайгаштырылуучу мамлекеттик баалуу кагаздар рыногунда иш алып барууга Улуттук банк менен тиешелүү келишим түзгөн Кыргыз Республикасынын Социалдык фондусу, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондусуна караштуу Мамлекеттик топтоо пенсиялык фондусу, «Борбордук депозитарий» ЖАК жана Кыргыз Республикасынын Депозиттерди коргоо боюнча агенттиги»;

− онунчу абзацы күчүн жоготкон катары таанылсын;

− 3-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:

«3. Депозитарийде «депо» эсебине ээ Тике катышуучулар ортосунда түзүлгөн күрөө келишими жана Автоматташтырылган тоорук системасынан тышкары бүтүмгө келишүүдө Улуттук банкта каттоодон өткөрүлөт.»;

− 8 жана 11-пункттарындагы «саат 15.30» деген сандар «саат 17.00» дегенге алмаштырылсын;

− 9-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:,

«9. Улуттук банк, күрөө келишиминде көрсөтүлгөн Депозитарийиндеги күрөө коюучунун депо-эсебинде көрсөтүлгөн БКлардын болушун текшерет. Күрөө келишими автоматташтырылган

тоорук системасында катталат, автоматташтырылган тоорук системасынын иши Башкарманын токтому менен жөнгө салынат. Күрөө келишимине Депозитарийдин контролерунун кол тамгасы менен тастыкталган, алардын каттоого алынган күнү жана номери тууралуу жазуу чагылдырылат. Келишимдин бир нускасы Улуттук банкта калат, ал эми экинчи жана үчүнчү нускалары тиешелүүлүгүнө жараша, Күрөө кармоочуга жана Күрөө коюучуга берилет.

− 10-пункттун экинчи абзацындагы «Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларында жана» деген сөздөр алынып салынсын;

− 12-пункттун биринчи абзацын төмөнкү мазмундагы экинчи сүйлөм менен толукталсын:

«Баалуу кагазды кошумча күрөөгө коюу жана/же колдонуудагы күрөө келишимине карата аларды жарым-жартылай бошотуу Күрөө келишимине карата Кошумча келишимдин негизинде жүргүзүлөт (5-тиркеме).»

− 13-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:,

«13. Күрөө келишимдерин каттоо үчүн Улуттук банкта 300 сом суммасында жыйым белгиленет.»;

− 15-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:,

«15. Күрөө коюучунун күрөөлүк субэсебинде турган баалуу кагаздарды Күрөө кармоочунун инвестициялык субэсебине же болбосо Күрөөнү тескөөчүнүн Депозитарийдеги жалпы субэсебине милдеттенмелердин ордун жабуу эсебине ыктыярдуу которуу, Күрөө коюучу менен макулдашылган Күрөө кармоочунун же Күрөөнү тескөөчүнүн тапшыруусу боюнча Улуттук банк тарабынан ал келген күнү ишке ашырылышы мүмкүн (4-тиркеме)»;

− Эреже төмөнкү мазмундагы 5-тиркеме менен толукталсын:

**«Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук банкы аркылуу**
**жайгаштырылуучу,**
**баалуу кагаздар түрүндөгү**
**күрөөлүк камсыздоону каттоо**
**эрежелерине карата**
**5-тиркеме**

**Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук банкы**

# ТИПТҮҮ КОШУМЧА КЕЛИШИМ №_____

20___ “___”_______№____ күрөө келишимине карата

Бишкек шаары 20___-ж. “ ___”_______

Мындан ары “Улуттук банк” же “Күрөөнү тескөөчү” деп аталуучу, жана Улуттук банктын ______ жылдын __________ №____, “_________________” буйругунун негизинде иш алып барган ____________, бир тараптан жана мындан ары “Банк” же “Күрөө коюучу” деп аталуучу _________________________ атынан уставдын негизинде иш алып барган _______________________ экинчи тараптан, биргелешип “Тараптар” деп аталуучулар ______жылдын Кредиттик келишимге таянуу менен төмөнкүлөр боюнча ____жылдын Күрөө келишимне карата (мындан ары - Күрөө келишими) ушул Кошумча келишимди түзүштү:

1.Күрөө келишиминин 1 пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

“1. Кредит келишими боюнча милдеттенменин камсыздоосу катары Күрөө коюучу, “Күрөөнү тескөөчүгө” төмөнкү баалуу кагаздарды (мындан ары-БК) жалпы номиналдык көлөмү _________ **(Сумма сөз түрүндө)** валютасы, төмөнкү чыгуудагы жана төмөнкүдөй көлөмдөгү, күрөөгө өткөрүп берет:

| № | Каттоо номери | БК чыгуу күнү | БК төлөө куну | БКдын саны (даана) | 1 БКдын номиналдык баасы (валютасы) | БКдардын номиналдык баасы (сом) |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | |
| | | | | | | |
| | | | | | | |
| | **Жыйынтыгында:** | | | | | |

2. Күрөө келишимдин калган шарттары өзгөртүүсүз калат.

3. Ушул Кошумча келишим Күрөө келишимдин ажыратылгыс бөлүгү болуп саналат.

4. Ушул Кошумча келишим бирдей юридикалык укукка ээ 3 нускада түзүлөт: 1 (бир) нуска – Банкта сактоо үчүн, 1 (бир) нуска – каттоо үчүн тиешелүү укуктуу органга берүү үчүн, 1 (бир) нуска – Улуттук банкта сактоо үчүн.

ЮРИДИКАЛЫК ДАРЕГИ, ТАРАПТАРДЫН МААЛЫМДАРЕКТЕРИ ЖАНА КОЛ ТАМГАЛАРЫ

| | |
|---|---|
| **Улуттук банк:** | **Банк:** |
| **Кол коюучу** | **Кол коюучу** |
| **____________________М.О.** | **__________________М.О.»;** |

2. Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 28-мартындагы №10/9 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аркылуу жайгаштырылуучу мамлекеттик баалуу кагаздарды депозитардык эсепке алуу жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

− токтомдун аталышындагы жана 1 жана 6-пункттарындагы «мамлекеттик» деген сөз алынып салынсын;

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аркылуу жайгаштырылуучу мамлекеттик баалуу кагаздарды депозитардык эсепке алуу жөнүндө» жобонун:

− жобонун аталышындагы жана бүтүндөй текст боюнча «мамлекеттик» деген сөз алынып салынсын;

− жободо жана 1, 2-тиркемелердеги бүтүндөй тексти боюнча;

− кыскартылган түрдө берилген «МБК» деген сөздөр тиешелүү жөндөмөдөгү «баалуу кагаздар» дегенге алмаштырылсын;

− Бүтүндөй текст боюнча ар түрдүү сандык жана жөндөмө формаларындагы «МБК Депозитарийи» деген сөздөр ар түрдүү сандык жана жөндөмө формаларындагы «Депозитарий» дегенге алмаштырылсын;

− жобого карата 1- жана 2-тиркемелеринин бүтүндөй тексти боюнча:

− «Баалуу кагаздарды рефинансылоо жана жайгаштыруу бөлүмү» деген сөздөр алынып салынсын;

− «(МКВ, МКО, ноталар) кыскартылган түрдө көрсөтүлгөн сөздөр алынып салынсын;

− «(МКВ/ ноталар) кыскартылган түрдө көрсөтүлгөн сөздөр алынып салынсын;

2-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:

«2. Бул жобо Улуттук банктын автоматташтырылган тоорук системасында (мындан ары - АТС) Улуттук банк аркылуу жайгаштырылуучу баалуу кагаздарды (мындан ары - БК) депозитардык эсепке алуу тартибин аныктайт»;

− 7-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«7. Улуттук банк аркылуу жайгаштырылуучу баалуу кагаздар – бул Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн атынан Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан чыгарылган мамлекеттик баалуу кагаздар жана Улуттук банктын ноталары.»;

− 19 пунктун биринчи абзацында «финансылык-кредиттик мекемелер» сөздөрдү «финансылык-кредиттик уюмдар» сөздөрүнө алмаштырылсын;

− 26-пункттун 14-абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«БК менчик укугу өтүүсүз күрөөлүк» суб-балансында күрөө кармоочу пайдасына блоктошулган БК эсеби жүргүзүлөт. Ушул суб-баланстагы БК кезектеги сатып алуу, сатуу жана ички позициялык которуу операцияларына колдонууга мүмкүнчүлүгү жок.

− 26-пунктун 15-абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«БК менчик укугу өтүүчү күрөөлүк» суб-балансы, бир күндүк жана «овернайт» кредиттеринин алкагында коюлган, кезектеги сатуу, сатып алуу, күрөө жана ички позициялык которуу операцияларын жүргүзүү үчүн колдонууга болбогон МБКларды эсепке алуу үчүн колдонулат. МКБлар ушул суб-баланска кредиттер берилген учурдан тартып которулат.»;

− 32-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

− «32. Кыргыз Республикасынын тийиштүү ченемдик укуктук актыларына жана келишимге ылайык түзүлгөн иш кагаздары «Депо» эсептерин жабуу боюнча операцияларды жүргүзүү үчүн негиз болуп саналат.».

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫ

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

**720001, Бишкек ш., Чүй проспекти, 168**
**2018-жылдын 28-майындагы**
**№ 2018-П-07/19-2-(ДКП)**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эсептик чен өлчөмү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө» мыйзамынын 24, 28 жана 68-беренелерине таянуу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Улуттук банктын эсептик чени жылдык 4,75 пайыз өлчөмүндө белгиленсин.

2. Токтом 2018-жылдын 29-майынан тартып күчүнө кирет.

3. Экономика башкармалыгы эсептик чен өлчөмү жөнүндө маалыматтын Улуттук банктын расмий интернет-сайтында, токтом кабыл алынгандан кийинки жумуш күнү ичинде жарыялышын камсыз кылсын.

4. Токтомдун аткарылышына контролдук Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Төрагасынын орун басары Н.Жениш мырзага жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. Абдыгулов**

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫ

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

**720001, Бишкек ш., Чүй проспекти, 168**
**2018-жылдын 30-майындагы**
**№ 2018-П-12\20-2-(НФКУ)**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иши жөнүндө» мыйзамынын 68-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Улуттук банк Башкармасынын төмөнкү токтомдоруна сунушталган өзгөртүүлөр жана толуктоолор (кошо тиркелет) бекитилсин:

− «2003-жылдын 22-октябрындагы № 31/3 «Кыргыз Республикасында жеке адамдардан жана юридикалык жактардан аманаттарды кабыл алууну жүзөгө ашырууга укугу жок микрофинансылык уюмдардын активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын, чыгым тартуулардын ордун жабууга каралган кам түзүүсүнүн жалпы принциптери жөнүндө» жобо тууралуу»;

− «2006-жылдын 12-апрелиндеги № 10/6 «Кредиттик союздарда кредиттерди классификациялоо жөнүндөгү» жобонун жаңы редакциясын бекитүү тууралуу»;

− «2014-жылдын 24-сентябрындагы № 42/8 «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган микрофинансылык уюмдар тарабынан активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун

жабууга каралган камга тиешелүү чегерүүлөр жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу»;

− «2014-жылдын 23-апрелиндеги № 16/3 «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган кредиттик союздарда активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын, чыгым тартуулардын ордун жабууга каралган камга тиешелүү чегерүүлөр жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу»;

− «2009-жылдын 27-майындагы № 25/3 «Микрокредиттик компаниянын/микрокредиттик агенттиктин мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчету жөнүндө» жана «Микрофинансылык компаниянын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчету жөнүндө» жоболорду бекитүү тууралуу»;

− «2008-жылдын 16-январындагы № 3/3 «Кредиттик союздун мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчету жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу»;

− «2014-жылдын 17-октябрындагы № 45/1 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жоболорун бекитүү жөнүндө».

2. Токтом 2018-жылдын 1-июлунан тартып күчүнө кирет.

3. Юридика башкармалыгы:

− токтомдун Улуттук банктын расмий интернет-сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;

− расмий жарыялангандан кийин Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине чагылдырылышы үчүн бул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

4. Финансы статистикасы жана маалымдоо башкармалыгы, Тышкы көзөмөл башкармалыгы 2018-жылдын 1-июлуна чейинки мөөнөттө мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчеттордун формасын автоматташтырсын.

5. Көзөмөл методологиясы жана лицензиялоо башкармалыгы ушул токтом менен Микрокаржылоо уюмдар ассоциациясын, микрокаржылоо уюмдарын, «Кредиттик союздардын финансылык компаниясы» ААКсын, Кыргызстандын кредиттик союздар жана кооперативдер ассоциациясын, кредиттик союздарды, Ислам финансы

ассоциациясын, Улуттук банктын областтык башкармалыктарын жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүн тааныштырсын.

6. Токтомдун аткарылышына контролдук Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын мүчөсү Т. Дж. Джусупов мырзага жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. Абдыгулов**

**Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук банк Башкармасынын**
**2018-жылдын 30-майындагы**
**№ 2018-П-12\20-2-(НФКУ)**
**токтомуна тиркеме**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын айрым токтомдоруна өзгөртүүлөр жана толуктоолор

1. Улуттук банк Башкармасынын 2003-жылдын 22-октябрындагы № 31/3 «Кыргыз Республикасында жеке адамдардан жана юридикалык жактардан аманаттарды кабыл алууну жүзөгө ашырууга укугу жок микрофинансылык уюмдарынын активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын, чыгым тартуулардын ордун жабууга каралган кам түзүүсүнүн жалпы принциптери жөнүндө» жобо тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Кыргыз Республикасында жеке адамдардан жана юридикалык жактардан аманаттарды кабыл алууну жүзөгө ашырууга укугу жок микрофинансылык уюмдарынын активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын, чыгым тартуулардын ордун жабууга каралган кам түзүүсүнүн жалпы принциптери жөнүндө» жобонун:

− 1.1-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«1.1. Бул жобо, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (мындар ары - Улуттук банк) күбөлүгүн/лицензиясын микрофинансылык уюм катары иш алып баруу үчүн алышкан, бирок, анын негизинде жеке адамдардан жана юридикалык жактардан аманаттарды кабыл алууга укугу жок микрофинансылык уюмдарынын (мындар ары - МФУ) активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын, чыгым тартуулардын ордун жабууга каралган кам (мындар ары - РППУ) түзүүсүнүн жалпы принциптерин аныктайт.»;

− 1.2-пункту күчүн жоготкон катары таанылсын;

− 2.2-пунктунда «МФУ, кредит берүү талаптарына ылайык берилген шарттарда» деген сөздөр алынып салынсын;

− 2.3-пункту күчүн жоготкон катары таанылсын;

− 3.6-1-пунктунда:

экинчи жана үчүнчү абзацындагы «(*)» белгилер алынып салынсын;

төртүнчү абзац төмөнкү редацияда берилсин:

«Эскертүү: Бул белгилер эмгек акы долбоорлорунун алкагында берилген овердрафттарга таркатылбайт.»;

− 3.7-пунктунда:

бешинчи жана алтынчы абзацтарында «(*)» белгилер алынып салынсын;

жетинчи абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«Эскертүү: Бул пунктун бешинчи жана алтынчы абзацтарында көрсөтүлгөн белгилер эмгек акы долбоорлорунун алкагында берилген овердрафттарга таркатылбайт;»;

− 3.9-пунктунда:

биринчи абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«3.9. Активдер сапаты аларды кайтарып берүү мүмкүн болбогондой деңгээлде начарлаган шартта, активдер жоготуулар катары саналышы ыктымал. Мындай активдерди кайтарып берүүнүн бардык юридикалык чаралары пайдаланылып бүткөндөн кийин, алар карызды төлөө мүмкүндүгү үчүн системадан тышкары кеминде үч жыл эсепке алынат.»;

пункт төмөнкү редакциядагы экинчи абзац менен толукталсын:

«Активдер жоготуулар катары саналат, эгерде, атап айтканда:»;

− 4.1-пунктунун 4.1.2-пунктчасы төмөнкү редакцияда берилсин:

«- сатуу мөөнөттөрү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген айыл чарба багытындагы жерлерди эске албаганда, кыймылсыз мүлк үчүн - менчик укугу келип чыккан учурдан тартып үч жыл.»;

− 4.3-пунктунда:

4.3.1-пунктчасы төмөнкү редакцияда берилсин:

«4.3.1. Реструктуризацияланган кредиттер - бул, МФУ кардардан карызын кайтарып алууну камсыз кылуу максатында, МФУнун буга чейин жөнгө салынган кредиттөө тажрыйбасынан айырмаланган келишим шарттарын өзгөртүү (милдеттүү түрдө жаңы келишим түзүү же кредиттик келишимге карата кошумча келишим түзүү) аркылуу,

кардарга өз алдынча тартипте, преференция (жеңилдик) берүүнү көздөп жаткан кредиттер.

Мында, кредит боюнча пайыздык ченди жана/же мөөнөтүн негизги карыз суммасын/пайыздарын төлөөгө чейин өзгөртүү келечекте күтүлүп жаткан акча агымдарынын өзгөрүшүнө алып келет.

Реструктуризациялоо дегенден улам, төмөнкүлөрдү түшүнүүгө болот:

− кардардын финансылык абалынын начарлоосуна байланыштуу, карыз алуучунун карызын кайтарып берүүсүн камсыз кылуу максатында, кардарга кредит төлөө боюнча МФУнун буга чейинки кредиттөө тажрыйбасынан айырмаланган, кыйла ыңгайлуу шарттарды сунуштоо аркылуу, колдонуудагы кредиттик келишим шарттарын өзгөртүү;

− карыз алуучу финансылык кыйынчылыктарга дуушар болгон шартта (негизги суммасы же пайыздар боюнча карызы болсо), МФУ тарабынан берилген кредитти башка ФКУдан алган кредитин төлөөгө пайдаланган учурда, активди толук же анын бир бөлүгүн кайра каржылоо;

− кредиттин негизги суммасынын бөлүгүн эсептен алып салуу (кечүү) аркылуу келишим шарттарын өзгөртүү.

Кредит боюнча келишимдин баштапкы шарттарынын өзгөртүлүшү жана анын кайра каржыланышы кардардын финансылык абалынын начарлоосуна байланыштуу болбосо, анда бул кредитти реструктуризациялоо болуп саналбайт (мисалы, кредит валютасын чет өлкө валютасынан улуттук же башка валютага которуу).»;

Жобо төмөнкү мазмундагы 4.3.2, 4.3.3, 4.3.4, 4.3.5, 4.3.6, 4.3.7, 4.3.8, 4.3.9-пункттчалары менен толукталсын:

«4.3.2. Кардардын реструктуризацияланган актив боюнча финансылык кыйынчылыкка дуушар болуу ыктымалдыгын шарттаган көрсөткүчтөн болуп, төмөнкү жагдайлар саналат:

− ал боюнча реструктуризациялоо ишке ашырылган жана акыркы 3 ай ичинде кеминде бир жолу 30 күндөн көбүрөөк мөөнөткө төлөмдөр толугу менен же алардын бөлүгү кечиктирилип төлөнгөн, классификацияланбаган кредит, же;

− кардар МФУдан үстү-үстүнө алынган кредити боюнча төлөөнү аталган кредитти кайра каржылаганга чейин акыркы 3 ай ичинде кеминде 1 жолу негизги сумманы же пайыздарды толугу менен же алардын бөлүгүн 30 күндөн көбүрөөк мөөнөткө кечиктирген учурда, кайра каржыланган кредит боюнча.

4.3.3. Реструктуризациялоо эң оболу кардарга кредитти төлөө боюнча талаптарды жеңилдетүү аркылуу ыңгайлуу шарттарды түзүүгө багытталып, ошол эле учурда колдонуудагы кредит боюнча төлөө мөөнөттөрүн узартуу эсебинен, мезгил-мезгили менен төлөнүүчү төлөмдөр көлөмүн кыскартуунун адаттагы тажрыйбасын колдонууга жол бербөөгө тийиш.

4.3.4. Реструктуризациялоо классификацияланган сыяктуу эле, классификацияланбаган активдерге да колдонулат.

4.3.5. Классификацияланган реструктуризацияланган активди Жобонун 4.4-пунктунун шарттары аткарылганга чейин классификацияланбаган кредиттерге киргизүүгө болбойт.

4.3.6. Карыз алуучу финансылык кыйынчылыктарга дуушар болгон учурда, ушул кредит боюнча күрөөлүк мүлктү сатып өткөрүүнүн эсебинен карыздын бир бөлүгүн төлөө аркылуу кредиттик келишимге өзгөртүүлөрдүн киргизилиши кредитти реструктуризациялоо катары каралууга тийиш.

4.3.7. Реструктуризацияланган активдер МФУ тарабынан кеминде «байкоого алынган активдер» катары классификацияланат.

4.3.8. Эгерде, реструктуризацияланган актив боюнча төлөмдөр 30 күндөн ашык мөөнөткө кечиктирилип төлөнсө же кайрадан реструктуризацияланган болсо, анда «субстандарттык» актив катары классификацияланууга тийиш.

4.3.9. Эгерде, кайрадан реструктуризацияланган актив боюнча төлөмдөр 30 күндөн ашык мөөнөткө кечиктирилип төлөнсө, анда мындай актив «шектүү» катары классификацияланууга тийиш.»;

− төмөнкү мазмундагы 4.4-пункту менен толукталсын:

«4.4. Мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыздын орду жабылган учурда «шектүү» же «жоготуулар» катары классификацияланган активдер «субстандарттык» категориясына которулат. Мында МФУ классификацияланган «субстандарттык» активди

классификацияланбаган активдер категориясына төмөнкү шарттар аткарылган учурда гана которо алат:

− мөөнөтүндө төлөнбөгөн суммалар болбогон шартта;

− акыркы үч төлөм графикке ылайык, өз учурунда толук төлөнгөн учурда;

− карыз алуучунун учурдагы иши жана финансылык абалы реструктуризациялоо шарттарын толук сактоого мүмкүнчүлүк берген шартта.»;

− 5.4-пунктунун б) пунктчасы төмөнкү редакцияда берилсин:

«б) Өзүндө кредиттик тобокелдикти камтыган инвестициялар жана башка активдер боюнча РППУ;».

2. Улуттук банк Башкармасынын 2006-жылдын 12-апрелиндеги № 10/6 «Кредиттик союздарда кредиттерди классификациялоо жөнүндө» жобонун жаңы редакциясын бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин:

токтомдун аталышында «жаңы редакциясын» деген сөздөр алынып салынсын;

1-пункттагы «Жобонун жаңы редакциясы» деген сөздөр «Жобо» дегенге алмаштырылсын;

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Кредиттик союздарда кредиттерди классификациялоо жөнүндө» жобонун:

− 2.2-пункту күчүн жоготкон катары таанылсын;

− 3.4-1-пунктунда:

экинчи жана үчүнчү абзацтарындагы «(*)» белгилери алынып салынсын;

төртүнчү абзац төмөнкү редацияда берилсин:

«Эскертүү: Бул белгилер эмгек акы долбоорлорунун алкагында берилген овердрафттарга таркатылбайт.»;

пункт төмөнкү мазмундагы бешинчи абзац менен толукталсын:

«- кредитти реструктуризациялоо»;

− 3.5- пунктунда:

а) пунктчасында «60» деген сан «90» деген санга алмаштырылсын;

в) пунктчасы төмөнкү мазмунда берилсин:

«в) кредитти кайрадан реструктуризациялоо;»;

д) жана е) пунктчаларында «(*)» белгилери алынып салынсын;

тогузунчу абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«Эскертүү: Ушул пункттун жетинчи жана сегизинчи абзацтарында көрсөтүлгөн белгилер эмгек акы долбоорлорунун алкагында берилген овердрафттарга таркатылбайт;»;

− 3.6-пунктунда:

а) пунктчасындагы «61 күндөн 90 күнгө» деген сөздөр «91 күндөн 180 күнгө» дегенге алмаштырылсын;

б) пунктчасы төмөнкү редакцияда берилсин:

«б) кайрадан реструктуризацияланган актив боюнча төлөмдөр 30 күндөн ашык мөөнөткө кечиктирилип төлөнгөн;»;

− 3.7-пунктунда:

биринчи абзацтагы «чыгашалуу» деген сөз «жоготууларга» дегенге алмаштырылсын;

а) пунктчасында «90» деген сан «180» деген санга алмаштырылсын;

б) пунктчасы күчүн жоготкон катары таанылсын;

− 3.9-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«3.9. Кредиттик союздардын реструктуризацияланган кредиттерин классификациялоо.»;

− 3.9-пункту төмөнкү мазмундагы 3.9.1, 3.9.2, 3.9.3, 3.9.4, 3.9.5, 3.9.6-пунктчалар менен толукталсын:

«3.9.1. Реструктуризацияланган кредиттер – бул, кредиттик союз кардардан карызды кайтарып алууну камсыз кылуу максатында, кредиттик союздун буга чейин жөнгө салынган кредиттөө тажрыйбасынан айырмаланган келишим шарттарын өзгөртүү (милдеттүү түрдө жаңы келишим түзүү же кредиттик келишимге карата кошумча келишим түзүү) аркылуу, кардарга өз алдынча тартипте, преференция (жеңилдик) берүүнү көздөп жаткан кредиттер. Мында, кредит боюнча пайыздык ченди жана/же мөөнөтүн негизги карыз суммасын/пайыздарын төлөөгө чейин өзгөртүү келечекте күтүлүп жаткан акча агымдарынын өзгөрүшүнө алып келет.

Реструктуризациялоо дегенден улам, төмөнкүлөрдү түшүнүүгө болот:

− кардардын финансылык абалынын начарлоосуна байланыштуу, карыз алуучунун карызын кайтарып берүүсүн камсыз кылуу максатында, кардарга кредит төлөө боюнча кредиттик союздун буга чейинки кредиттөө тажрыйбасынан айырмаланган, кыйла ыңгайлуу шарттарды сунуштоо аркылуу, колдонуудагы кредиттик келишим шарттарын өзгөртүү;

− карыз алуучу финансылык кыйынчылыкка дуушар болгон шартта (негизги сумма же пайыздар боюнча карызы болсо), кредиттик союз сунуштаган кредитти башка кредиттин ордун жабууга пайдаланган учурда активди толугу менен же анын бөлүгүн кайра каржылоо;

− кредиттин негизги суммасынын бөлүгүн эсептен алып салуу (кечүү) аркылуу келишим шарттарын өзгөртүү.

Кредит боюнча келишимдин баштапкы шарттарынын өзгөртүлүшү жана анын кайра каржыланышы кардардын финансылык абалынын начарлоосуна байланыштуу болбосо, анда бул кредитти реструктуризациялоо болуп саналбайт (мисалы, кредит валютасын чет өлкө валютасынан улуттук же башка валютага которуу).»;

3.9.2. Кардардын реструктуризацияланган актив боюнча финансылык кыйынчылыкка дуушар болуу ыктымалдыгын шарттаган көрсөткүчтөн болуп төмөнкү жагдайлар саналат:

− ал боюнча реструктуризациялоо ишке ашырылган жана акыркы 3 ай ичинде кеминде бир жолу 30 күндөн көбүрөөк мөөнөткө төлөмдөр толугу менен же алардын бөлүгү мөөнөтүнөн кечиктирилип төлөнгөн, классификацияланбаган кредит, же;

− кардар ушул кредиттик союздан үстү-үстүнө алынган кредити боюнча төлөөнү аталган кредитти кайра каржылаганга чейин акыркы 3 ай ичинде кеминде 1 жолу негизги сумманы же пайыздарды толугу менен же алардын бөлүгүн 30 күндөн көбүрөөккө кечиктирген учурда, кайра каржыланган кредит боюнча.

3.9.3. Реструктуризациялоо эң оболу кардарга кредитти төлөө боюнча талаптарды жеңилдетүү аркылуу ыңгайлуу шарттарды түзүүгө багытталып, ошол эле учурда колдонуудагы кредит боюнча төлөө мөөнөттөрүн узартуу эсебинен, мезгил-мезгили менен төлөнүүчү

төлөмдөр көлөмүн кыскартуу тажрыйбасын колдонууга жол бербөөгө тийиш.

3.9.4. Реструктуризациялоо классификацияланган сыяктуу эле, классификацияланбаган активдерге да колдонулат.

3.9.5. Классификацияланган реструктуризацияланган активди Жобонун 3.12-пунктунун шарттары аткарылганга чейин классификацияланбаган кредиттерге киргизүүгө болбойт.

3.9.6. Карыз алуучу финансылык кыйынчылыктарга дуушар болгон учурда, ушул кредит боюнча күрөөлүк мүлктү сатып өткөрүүнүн эсебинен карыздын бир бөлүгүн төлөө аркылуу кредиттик келишимге өзгөртүүлөрдүн киргизилиши кредитти реструктуризациялоо катары каралууга тийиш.»;

− 3.11-пунктунун бешинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«- сатуу мөөнөттөрү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген айыл чарба багытындагы жерлерди эске албаганда, кыймылсыз мүлк үчүн - менчик укугу келип чыккан учурдан тартып үч жыл.»;

− төмөнкү мазмундагы 3.12-пункту менен толуктaлсын:

«3.12. Мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыздын орду жабылган учурда, «шектүү» же «жоготуулар» катары классификацияланган активдер «субстандарттык» категориясына которулат. Мында кредиттик союз классификацияланган «субстандарттык» активди классификацияланбаган активдер категориясына төмөнкү шарттар аткарылган учурда гана которо алат:

− мөөнөтүндө төлөнбөгөн суммалар болбогон шартта;

− акыркы үч төлөмдү графикке ылайык, өз учурунда толук төлөө;

− карыз алуучунун учурдагы иши жана финансылык абалы реструктуризациялоо шарттарын толук сактоого мүмкүнчүлүк берген шартта.»;

3. Улуттук банк Башкармасынын 2014-жылдын 24-сентябрындагы №42/8 «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган микрофинансылык уюмдар тарабынан активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга каралган

камга тиешелүү чегерүүлөр жөнүндө» Жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган микрофинансылык уюмдар тарабынан активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга каралган камга тиешелүү чегерүүлөр жөнүндө» жобонун:

− бүтүндөй тексти боюнча ар башка жекелик/көптүк санда жана жөндөмөдө берилген «финансы-кредит мекемеси», «башка финансы-кредит мекемеси» деген сөздөр тиешелүү жекелик/көптүк санда жана жөндөмөдө «финансы-кредит уюму», «башка финансы-кредит уюму» дегенге алмаштырылсын;

− 7-пункт күчүн жоготкон катары таанылсын;

− 22-пункттун биринчи жана экинчи абзацтары төмөнкү редакцияда берилсин:

«Эгерде, үстөк баа/киреше жана/же негизги сумма боюнча пландык төлөмдөр мөөнөтүндө төлөнгөн же 30 күндөн ашпаган убакытка мөөнөтүнөн кечиктирилип төлөнгөн учурда, активдер нормалдуу катары саналат, ошондой эле төмөнкү белгилер толук камтылган шартта:»;

− 24-пункттун онунчу абзацы күчүн жоготкон катары таанылсын;

− 25-пункттун он үчүнчү абзацы күчүн жоготкон катары таанылсын;

− 27-пункттун экинчи сүйлөмү төмөнкү редакцияда берилсин;

«Эгерде, колдонулган чаралар активдин кайтарылышын камсыз кыла албаса, анда ал системадан тышкары кеминде үч жыл эсепке алынат.»;

32-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:

«32. МФУнун реструктуризацияланган активдерин классификациялоо.

Реструктуризацияланган активдер - бул, МФУ кардардан карызды кайтарып алууну камсыз кылуу максатында, келишим шарттарын өзгөртүү (милдеттүү түрдө жаңы келишим түзүү же каржылоо келишимине карата кошумча келишим түзүү) аркылуу, кардарга өз алдынча тартипте, преференция (жеңилдик) берүүнү көздөп жаткан активдер. Мында, үстөк бааны жана/же каржылоо мөөнөтүн негизги

карыз суммасын/үстөк бааны төлөөгө чейин өзгөртүү келечекте күтүлүп жаткан акча агымдарынын өзгөрүшүнө алып келет.

Реструктуризация дегенден улам, төмөнкүлөрдү түшүнүү зарыл:

− кардардын финансылык абалынын начарлоосуна байланыштуу, карызынын кайтарылышын камсыз кылуу максатында, ага каржылоонун ордун жабуу боюнча кыйла ыңгайлуу шарттарды сунуштоо аркылуу, колдонуудагы келишим шарттарын өзгөртүү;

− негизги каржылоо суммасынын бөлүгүн эсептен алып салуу (кечүү) аркылуу келишим шарттарын өзгөртүү.

Каржылоо боюнча келишимдин баштапкы шарттарынын өзгөртүлүшү кардардын финансылык абалынын начарлоосуна байланыштуу болбосо, анда бул активди реструктуризациялоо болуп саналбайт (мисалы, активди чет өлкө валютасынан улуттук же башка валютага которуу).»;

− Жобо төмөнкү мазмундагы 32-1, 32-2, 32-3, 32-4, 32-5, 32-6, 32-7 жана 32-8 пункттар менен толукталсын:

«32-1. Эгерде, классификацияланбаган актив боюнча реструктуризациялоо ишке ашырылып жана акыркы 3 ай ичинде кеминде бир жолу төлөмдөр толугу менен же алардын бөлүгү 30 күндөн көбүрөөк мөөнөткө кечиктирилип төлөнгөн болсо, анда бул жагдай реструктуризацияланган актив боюнча кардар финансылык кыйынчылыкка дуушар болушу ыктымалдыгын шарттаган көрсөткүч болуп эсептелиши мүмкүн.

32-2. Реструктуризациялоо классификацияланган сыяктуу эле, классификацияланбаган активдерге да колдонулат.

32-3. Классификацияланган реструктуризацияланган активди Жобонун 32-8-пунктунун шарттары аткарылганга чейин классификацияланбаган активдерге киргизүүгө болбойт.

32-4. Кардар финансылык кыйынчылыктарга дуушар болгон учурда, ушул каржылоо боюнча күрөөлүк мүлктү сатып өткөрүүнүн эсебинен карыздын бир бөлүгүн төлөө аркылуу каржылоо келишимине өзгөртүүлөрдүн киргизилиши каржылоону реструктуризациялоо катары каралууга тийиш.

32-5. Реструктуризацияланган активдер кеминде «байкоого алынган активдер» катары классификацияланат.

32-6. Эгерде, реструктуризацияланган актив боюнча төлөмдөр 30 күндөн ашык мөөнөткө кечиктирилип төлөнсө же кайрадан реструктуризацияланса, анда ал «субстандарттык» актив катары классификацияланууга тийиш.

32-7. Эгерде кайрадан реструктуризацияланган актив боюнча төлөмдөр 30 күндөн ашык мөөнөткө кечиктирилип төлөнсө, анда мындай актив «шектүү» катары классификацияланууга тийиш.

32-8. Мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыздын орду жабылган шартта, «шектүү» же «жоготуулар» катары классификацияланган активдер «субстандарттык» категориясына которулат. Мында МФУ классификацияланган «субстандарттык» активдерди классификацияланбаган активдер категориясына төмөнкү шарттар аткарылган учурда гана которо алат:

− мөөнөтүндө төлөнбөгөн суммалар болбогон шартта;

− акыркы үч төлөмдү графикке ылайык, өз учурунда толук төлөө;

− карыз алуучунун учурдагы иши жана финансылык абалы реструктуризациялоо шарттарын толук сактоого мүмкүнчүлүк берген шартта.».

4. Улуттук банк Башкармасынын 2014-жылдын 23-апрелиндеги №16/3 «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган кредиттик союздарда активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын, чыгым тартуулардын ордун жабууга каралган камга тиешелүү чегерүүлөр жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган кредиттик союздарда активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын, чыгым тартуулардын ордун жабуу үчүн каралган камга тиешелүү чегерүүлөр жөнүндө» жобонун:

− бүтүндөй тексти боюнча ар башка жекелик/көптүк санда жана жөндөмөдө берилген «финансы-кредит мекемеси», «башка финансы-кредит мекемеси» деген сөздөр тиешелүү жекелик/көптүк санда жана жөндөмөдө «финансы-кредит уюму», «башка финансы-кредит уюму» дегенге алмаштырылсын;

− 6-пункту күчүн жоготкон катары таанылсын;

− 15-пункттун биринчи жана экинчи абзацтары төмөнкү редакцияда берилсин:

«Эгерде, үстөк баа/кирешe жана/же негизги сумма боюнча пландык төлөмдөр мөөнөтүндө төлөнгөн же 30 күндөн ашпаган мөөнөткө кечиктирилип төлөнгөн учурда, активдер стандарттуу катары саналат, ошондой эле төмөнкү белгилер толук камтылган шартта:»;

− 16-пунктунда:

он экинчи абзацындагы «биринчи» деген сөз алынып салынсын:

он үчүнчү абзац күчүн жоготкон катары таанылсын;

− 17-пунктунда:

үчүнчү, төртүнчү, бешинчи, алтынчы жана жетинчи абзацтарында «60» деген сан «90» деген санга алмаштырылсын;

онунчу абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«- кайрадан реструктуризацияланган актив болуусу;»;

− 18-пунктунда:

үчүнчү, төртүнчү, бешинчи, алтынчы жана жетинчи абзацтарында «61 күндөн 90 күнгө» деген сөздөр «91 күндөн 180 күнгө» дегенге алмаштырылсын;

он үчүнчү абзац күчүн жоготкон катары таанылсын;

− Жобо төмөнкү мазмундагы 18-1-пункту менен толукталсын:

«18-1. Кайрадан реструктуризацияланган актив төмөнкү учурларда «шектүү» катары классификацияланууга тийиш:

− актив кайрадан реструктуризациялангандан кийин, кардар тарабынан келишим шарттарын аткаруу графигин 30 күндөн ашык мөөнөткө бузууга жол берилсе;

− актив кайрадан реструктуризациялангандан кийин, пландык төлөмдөр графигин 30 күндөн ашык мөөнөткө бузууга жол берилсе;

− актив кайрадан реструктуризациялангандан кийин, келишимге ылайык, товарларды берүү мөөнөттөрүн 30 күндөн ашык убакытка бузууга жол берилсе;

− актив кайрадан реструктуризациялангандан кийин, долбоорду жүзөгө ашыруу, финансылык агымдар графигин 30 күндөн ашык мөөнөткө бузууга жол берилсе;

− актив кайрадан реструктуризациялангандан кийин, үчүнчү тарап контракттарды аткаруу мөөнөттөрүн 30 күндөн ашык мөөнөткө бузууга жол берсе.»

− 19-пунктунда:

экинчи, үчүнчү, төртүнчү, бешинчи, алтынчы абзацтарында «90» деген сан «180» деген санга алмаштырылсын;

сегизинчи абзац күчүн жоготкон катары таанылсын;

− 20-пункттун экинчи сүйлөмүндөгү «системадан тышкаркы эсептерде» деген сөздөр «системадан тышкары» дегенге алмаштырылсын;

− 21-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:

«21. Кредиттик союздардын реструктуризацияланган активдерин классификациялоо

Реструктуризацияланган активдер - бул, кредиттик союз кардардан карызын кайтарып алууну камсыз кылуу максатында, келишим шарттарын өзгөртүү (милдеттүү түрдө жаңы келишим түзүү же каржылоо келишимине карата кошумча келишим түзүү) аркылуу, кардарга өз алдынча тартипте, преференция (жеңилдик) берүүнү көздөп жаткан кредиттер.

Реструктуризациялоо дегенден улам, төмөнкүлөрдү түшүнүү зарыл:

− кардардын финансылык абалынын начарлоосуна байланыштуу, ага каржылоонун ордун жабуу боюнча кыйла ыңгайлуу шарттарды сунуштоо аркылуу, колдонуудагы каржылоо келишиминин шарттарын өзгөртүү;

− негизги каржылоо суммасынын бөлүгүн эсептен алып салуу (кечүү) аркылуу келишим шарттарын өзгөртүү.

Каржылоо келишиминин баштапкы шарттарынын өзгөртүлүшү кардардын финансылык абалынын начарлоосуна байланыштуу болбосо, анда активди реструктуризациялоо болуп саналбайт (мисалы, актив валютасын чет өлкө валютасынан улуттук же башка валютага которуу).»;

− Жобо төмөнкү мазмундагы 21-1, 21-2, 21-3, 21-4, 21-5-пункттар менен толуктасын:

«21-1. Эгерде, классификацияланбаган актив боюнча реструктуризациялоо ишке ашырылып жана акыркы 3 ай ичинде кеминде бир жолу төлөмдөр толугу менен же алардын бөлүгү 30 күндөн көбүрөөк мөөнөткө кечиктирилип төлөнгөн болсо, анда бул жагдай реструктуризацияланган актив боюнча кардар финансылык кыйынчылыкка дуушар болушу ыктымалдыгын шарттаган көрсөткүч болуп эсептелиши мүмкүн.

21-2. Реструктуризациялоо классификацияланган сыяктуу эле, классификацияланбаган активдерге да колдонулат.

21-3. Классификацияланган реструктуризацияланган активди Жобонун 21-5-пунктунун шарттары аткарылганга чейин классификацияланбаган активдерге киргизүүгө болбойт.

21-4. Кардар финансылык кыйынчылыктарга дуушар болгон учурда, ушул каржылоо боюнча күрөөлүк мүлктү сатып өткөрүүнүн эсебинен карыздын бир бөлүгүн төлөө аркылуу каржылоо келишимине өзгөртүүлөрдүн киргизилиши, каржылоону реструктуризациялоо катары каралууга тийиш.

21-5. Мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыздын орду жабылган шартта, «шектүү» же «жоготуулар» катары классификацияланган активдер «субстандарттык» категориясына которулат. Мында кредиттик союз, классификацияланган «субстандарттык» активди классификацияланбаган активдер категориясына төмөнкү шарттар аткарылган учурда гана которо алат:

− мөөнөтүндө төлөнбөгөн суммалар болбогон шартта;

− акыркы үч төлөмдү графикке ылайык, өз учурунда толук төлөө;

− кардар тарабынан реструктуризациялоо шарттарынын сакталбай калышына алып келүүчү жагдайлар болбосо.».

5. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2009-жылдын 27-майындагы № 25/3 «Микрокредиттик компаниянын/микрокредиттик агенттиктин мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчету жөнүндө» жана «Микрофинансылык компаниянын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчету жөнүндө» жоболорду бекитүү тууралуу токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин:

1) Жогоруда белгиленген токтом менен бекитилген «Микрокредиттик компаниянын/микрокредиттик агенттиктин мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчету жөнүндө» жободо:

2-тиркемесинин:

− бүтүндөй тексти боюнча ар башка жөндөмөдөгү «финансы-кредиттик мекемелер» деген сөздөр тиешелүү жөндөмөдөгү «финансы-кредит уюмдары» дегенге алмаштырылсын;

− бүтүндөй тексттеги «ФКМ» деген аббревиатура «ФКУ» деген аббревиатурасына алмаштырылсын;

− «Активдер тууралуу маалымат» деп аталган 3-бөлүктө:

«Активдерди тобокелдик деңгээли боюнча классификациялоо» А бөлүкчөсү жана «Ислам банк иши жана каржылоо принциптери боюнча активдерди тобокелдик деңгээли боюнча классификациялоо» А-1 бөлүкчөсү төмөнкү редакцияда берилсин:

«

## 3-Бөлүк. Активдер жөнүндө маалымат

А. Активдерди тобокелдик деңгээли боюнча классификациялоо — Орточо салмактанып алынган пайыздык чен

| Статьясы | Бардыгы болуп | Учурдагы (мөөнөтүндөтөлөнгөн) активдер | Реструктуризацияланган кредиттер | Бардыгы болуп мөөнөтүндө төлөнбөгөн активдер | Стандарттык активдер | Байкоого алынган активдер | Субстандарттык активдер | Шектүү | Жоготуулар | Чегербөө статусундагы бардык кредиттер | «Жалпы» камдар | «Атайы» камдар |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 |
| 1. Банктар жана финансы-кредит уюмдары менен түзүлгөн кредиттер жана бүтүмдөр | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| а) башка банктарда жана финансы-кредит уюмдарындагы депозиттер жана эсептешүү эсептери | | | | | | | | | | | | 0 |
| б) финансы-кредит уюмдарына сунушталган кредиттер | | | | | | | | | | | | 0 |
| 2. Кардарларга сунушталган кредиттер жана ссудалар | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| а) өнөр жай | | | | | | | | | | | | 0 |
| б) айыл чарба | | | | | | | | | | | | 0 |
| в) даярдоо жана кайра иштетүү | | | | | | | | | | | | 0 |
| г) соода жана коммерциялык операциялар | | | | | | | | | | | | 0 |
| д) кызмат көрсөтүүлөр | | | | | | | | | | | | 0 |
| е) транспорт | | | | | | | | | | | | 0 |
| ж) байланыш | | | | | | | | | | | | 0 |
| з) курулуш жана ипотека | | | | | | | | | | | | 0 |
| и) жеке адамдар (керектөө кредиттери) | | | | | | | | | | | | 0 |
| к) факторинг операциялары | | | | | | | | | | | | 0 |
| л) башка кредиттер | | | | | | | | | | | | 0 |
| 3. Инвестициялар | | | | | | | | | | | | 0 |
| 4. Классификациянууга тийиш болгон башка активдер | | | | | | | | | | | | 0 |
| 5. Бардыгы болуп: Классификациялануууга тийиш болгон активдер | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| Маалымат катары: Реструктуризацияланган кредиттер, бардыгы болуп (саны) | | | | | | | | | | | | |

Аткаруучу органдын жетекчиси ______________ *Аты-жөнү* ______________ *Кол тамгасы*

Башкы бухгалтер ______________ *Аты-жөнү* ______________ *Кол тамгасы*

Мөөрдүн орду

## А-1. Ислам банк иши жана каржылоо принциптери боюнча активдерди тобокелдик деңгээли боюнча классификациялоо

| Статья | Бардыгы болуп | Учурдагы (мөөнөтүндө төлөнгөн) активдер | Реструктуризацияланган активдер | Мөөнөтү бүткөн бардык активдер | Нормалдуу активдер | Байкоого алынганактивдер | Субстандарттык активдер | Шектүү | Жоготуулар | Чегербөө статусундагы бардык активдер | «Жалпы» камдар | «Атайы» камдар |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 |
| 1. Банктар жана финансы-кредит уюмдары менен каржылоо жана башка операциялар | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| а) банктарда жана финансы-кредит уяюмдарында эсептешүү жана башка эсептер | | | | | | | | | | | | |
| б) финансы-кредит уюмдарына берилген каржылоо | | | | | | | | | | | | |
| 2. Кардарларга берилген каржылоо | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| а) өнөр жай | | | | | | | | | | | | 0 |
| б) айыл чарба | | | | | | | | | | | | 0 |
| в) даярдоо жана кайра иштетүү | | | | | | | | | | | | 0 |
| г) соода жана коммерциялык операциялар | | | | | | | | | | | | 0 |
| д) кызмат көрсөтүүлөр | | | | | | | | | | | | 0 |
| е) транспорт | | | | | | | | | | | | 0 |
| ж) байланыш | | | | | | | | | | | | 0 |
| з) курулуш жана кыймылсыз мүлк сатып алуу (турак-жай) | | | | | | | | | | | | 0 |
| и) жеке адамдар | | | | | | | | | | | | 0 |
| к) башкалар | | | | | | | | | | | | 0 |
| 3. БАРДЫГЫ БОЛУП: | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| Маалымат катары: Реструктуризацияланган активдер, бардыгы болуп (саны) | | | | | | | | | | | | |

Аткаруучу органдын жетекчиси ____________________ ____________________

*Аты-жөнү* *Кол тамгасы*

Башкы бухгалтер ____________________ ____________________

*Аты-жөнү* *Кол тамгасы*

Мөөрдүн орду

»;

«Тармактар жана региондор боюнча берилген кредиттердин көлөмү тууралуу маалымат» деп аталган Ж бөлүкчөсүнөн кийин «Тармактар жана региондор боюнча ислам каржылоо принциптерине ылайык берилген каржылоо көлөмү тууралуу маалымат» деп аталган төмөнкүдөй мазмундагы Ж-1-бөлүкчөсү менен толукталсын:

«Ж-1. «Тармактар жана региондор боюнча ислам каржылоо принциптерине ылайык берилген каржылоо көлөмү тууралуу маалымат»

| №п. | Статьянын аталышы | Отчеттук чейректин башталышына карата каржылоо портфелинин калдыгы | Отчеттук чейрек ичинде сунушталган каржылоо көлөмү | Отчеттук чейрек ичинде сунушталган каржылоо саны | Отчеттук чейрек ичинде иш жүзүндө төлөнгөн көлөмү | Отчеттук чейректин акырына карата каржылоо портфелинин калдыгы | Отчеттук мезгилдин акырына карата орточо алынган үстөк баа/киреше, % менен | Отчеттук мезгилдин акырына карата кирешелүүлүк коэффициенти, % менен |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 |
| 1 | Өнөр жай, анын ичинен: | | | | | | | |
| | юридикалык жактар | | | | | | | |
| | жеке адамдар | | | | | | | |
| 2 | Айыл чарба, анын ичинен: | | | | | | | |
| | − өсүмдүк өстүрүүчүлүк, анын ичинен: | | | | | | | |
| | юридикалык жактар | | | | | | | |
| | жеке адамдар | | | | | | | |
| | − мал чарбачылык, анын ичинен: | | | | | | | |
| | юридикалык жактар | | | | | | | |
| | жеке адамдар | | | | | | | |
| 3 | Даярдоо жана кайра иштетүү, анын ичинен: | | | | | | | |
| | юридикалык жактар | | | | | | | |
| | жеке адамдар | | | | | | | |
| 4 | Соода жана коммерция, анын ичинен: | | | | | | | |
| | юридикалык жактар | | | | | | | |
| | жеке адамдар | | | | | | | |
| 5 | Кызмат көрсөтүүлөр, анын ичинен: | | | | | | | |
| | юридикалык жактар | | | | | | | |
| | жеке адамдар | | | | | | | |
| 6 | Транспорт, анын ичинен: | | | | | | | |
| | юридикалык жактар | | | | | | | |
| | жеке адамдар | | | | | | | |
| 7 | Курулуш жана кыймылсыз мүлктү (анын ичинде ипотека) сатып алуу | | | | | | | |
| | юридикалык жактар | | | | | | | |
| | жеке адамдар | | | | | | | |
| 8 | Керектөөгө берилген каржылоо, анын ичинен: | | | | | | | |

| №п. | Статьянын аталышы | Отчеттук чейректин башталышына карата каржылоо портфелинин калдыгы | Отчеттук чейрек ичинде сунушталган каржылоо көлөмү | Отчеттук чейрек ичинде сунушталган каржылоо саны | Отчеттук чейрек ичинде иш жүзүндө төлөнгөн көлөмү | Отчеттук чейректин акырына карата каржылоо портфелинин калдыгы | Отчеттук мезгилдин акырына карата орточо алынган үстөк баа/киреше, % менен | Отчеттук мезгилдин акырына карата кирешелүүлүк коэффициенти, % менен |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 |
| | юридикалык жактар | | | | | | | |
| | жеке адамдар | | | | | | | |
| 9 | Финансы-кредит уюмдарын каржылоо, анын ичинде: | | | | | | | |
| | юридикалык жактар | | | | | | | |
| | жеке адамдар | | | | | | | |
| 10 | Башка каржылоо, анын ичинен: | | | | | | | |
| | юридикалык жактар | | | | | | | |
| | жеке адамдар | | | | | | | |
| 11 | Бардыгы болуп, анын ичинен: | | | | | | | |
| | юридикалык жактар | | | | | | | |
| | жеке адамдар | | | | | | | |

Аткаруучу органдын жетекчиси ______________________ ______________________
*Аты-жөнү* *Кол тамгасы*

Башкы бухгалтер ______________________ ______________________
*Аты-жөнү* *Кол тамгасы*

Мөөрдүн орду

»;

2) Жогоруда белгиленген токтом менен бекитилген «Микрофинансылык компаниянын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчету жөнүндө» жобонун:

2-тиркемесинин:

«Мөөнөтүндө төлөнбөгөн активдер, активдерди жана балансстан тышкаркы милдеттенмелерди тобокелдик деңгээли боюнча классификациялоо жөнүндө маалымат» деп аталган 4-бөлүгүнүн «Мөөнөтүндө төлөнбөгөн активдер тууралуу маалымат» А бөлүкчөсү жана «Ислам банк иши жана каржылоо принциптери боюнча берилген, өзүндө кредиттик тобокелдикти камтыган мөөнөтүндө төлөнбөгөн активдер тууралуу маалымат» А-1 бөлүкчөсү төмөнкү редакцияларда берилсин:

## «4-Бөлүк.

### А. Мөөнөтүндө төлөнбөгөн активдер тууралуу маалымат *(миң сом)*

| № | Статьялар | Бардыгы бо-луп (3 жана 5-колонка-лардын сум-масы) | Учурдагы (мөөнөтүндө төлөнгөн) | Реструктури-зацияланган кредиттер | Мөөнөтүндө төлөнбөгөн бардык кре-диттер | 30 күнгө чейин | 31 күндөн 60 күнгө чейин | 61 күндөн 90 күнгө чейин | 91 күндөн 120 күнгө чейин | 121 күндөн 180 күнгө чейин | 181 күндөн 360 күнгө чейин | 360 күндөн көп | Чегербөө статусунда-гы бардык кредиттер |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 |
| 1 | Кардарларга кредиттер жана каржы ижарасы | **0,00** | **0,00** | **0,00** | **0,00** | **0,00** | **0,00** | **0,00** | **0,00** | **0,00** | **0,00** | **0,00** | **0,00** |
| а) | Өнөр жай | 0,00 | | | 0,00 | | | | | | | | |
| б) | Айыл чарбасы | 0,00 | | | 0,00 | | | | | | | | |
| в) | Даярдоо жана кайра иштетүү | 0,00 | | | 0,00 | | | | | | | | |
| г) | Соода жана коммерциялык операциялар | 0,00 | | | 0,00 | | | | | | | | |
| д) | Кызматтар | 0,00 | | | 0,00 | | | | | | | | |
| е) | Транспорт | 0,00 | | | 0,00 | | | | | | | | |
| ж) | байланыш | 0,00 | | | 0,00 | | | | | | | | |
| з) | Курулуш жана ипотека | 0,00 | | | 0,00 | | | | | | | | |
| и) | Жеке адамдар (керектөөчү кредиттер) | 0,00 | | | 0,00 | | | | | | | | |
| к) | к) башка кредиттиер | 0,00 | | | 0,00 | | | | | | | | |
| | Анын ичинде факторинг операциялары | 0,00 | | | 0,00 | | | | | | | | |
| 2 | ФКУлардын кредиттери | 0,00 | | | 0,00 | | | | | | | | |
| | Анын ичинде факторинг операциялары | 0,00 | | | 0,00 | | | | | | | | |
| 3 | Балансктан тышкары активдерди эске алгандагы башка активдер | 0,00 | | | 0,00 | | | | | | | | |
| 4 | **Жалпы** | **0,00** | **0,00** | **0,00** | **0,00** | **0,00** | **0,00** | **0,00** | **0,00** | **0,00** | **0,00** | **0,00** | **0,00** |

Ээлеген кызматы:___________ Фамилиясы:________________ Кол тамгасы: ______________________________

Ээлеген кызматы:___________ Фамилиясы:________________ Кол тамгасы: ______________________________

## 4-Бөлүк.

### А-1. Ислам банк иши жана каржылоо принциптери боюнча берилген, өзүндө кредиттик тобокелдикти камтыган, мөөнөтүндө төлөнбөгөн активдер тууралуу маалымат

*миң сом*

| Статьялар | Бардыгы болуп (Зжана 5-колонкалардын суммасы) | Учурдагы (мөөнөтү бүткөн эмес) | Реструктуризацияланган активдер | Мөөнөтүндө төлөнбөгөн бардык активдер | 30 күнгө чейин | 31 күндөн 60 күнгө чейин | 61 күндөн 90 күнгө чейин | 91 күндөн 120 күнгө чейин | 121 күндөн 180 күнгө чейин | 181 күндөн 360 күнгө чейин | 360 күндөн көп | Чегербөө статусундагы жалпы кредиттер |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 |
| 1. Кардарларга берилген каржылоо | 0,00 | 0,00 | 0,00 | 0,00 | 0,00 | 0,00 | 0,00 | 0,00 | 0,00 | 0,00 | 0,00 | 0,00 |
| а) Өнөр жай | 0,00 | | | 0,00 | | | | | | | | |
| б) айыл чарба | 0,00 | | | 0,00 | | | | | | | | |
| в) даярдоо жана кайра иштетүү | 0,00 | | | 0,00 | | | | | | | | |
| г) соода жана коммерциялык операциялар | 0,00 | | | 0,00 | | | | | | | | |
| д) кызмат көрсөтүүлөр | 0,00 | | | 0,00 | | | | | | | | |
| е) транспорт | 0,00 | | | 0,00 | | | | | | | | |
| ж) байланыш | 0,00 | | | 0,00 | | | | | | | | |
| з) курулуш жана кыймылсыз мүлк сатып алуу (турак-жай) | 0,00 | | | 0,00 | | | | | | | | |
| и) жеке адамдар | 0,00 | | | 0,00 | | | | | | | | |
| к) башка | 0,00 | | | 0,00 | | | | | | | | |
| 2. ФКУларга берилген каржылоо | 0,00 | | | 0,00 | | | | | | | | |
| 3. Балансстан тышкары активдерди кошо алгандагы башка активдер | 0,00 | | | 0,00 | | | | | | | | |
| 4. Жыйынтыгында | 0,00 | 0,00 | 0,00 | 0,00 | 0,00 | 0,00 | 0,00 | 0,00 | 0,00 | 0,00 | 0,00 | 0,00 |

Кол тамгасы:_____ Ээлеген кызматы:_________ Фамилисы:___________

Кол тамгасы:_____ Ээлеген кызматы:_________ Фамилисы:___________

»;

6. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2008-жылдын 16-январындагы № 3/3 «Кредиттик союздун мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчету жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөндөгү өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин:

Жогоруда белгиленген токтом менен бекитилген «Кредиттик союздун мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчету жөнүндө» жобонун:

2- тиркемесинин:

3-бөлүгүнүн «Кредиттик портфель боюнча маалымат» А бөлүкчөсү төмөнкү редакцияда берилсин:

«

**3-Бөлүк. А. Кредиттик портфель боюнча маалымат**

| № | Мөөнөтүндө төлөнбөгөн кредиттер | Суммасы, миң сом | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Негизги сумма боюнча төлөм (графикке ылайык) | Пайыздар боюнча төлөм (графикке ылайык) | Отчеттук мезгилдин акырына карата мөө-нөтүндө төлөнбөгөн төлөмдөрдү эске алгандагы кредит калдыгы |
| 1 | 30 күнгө чейинки мөөнөткө | | | 0 |
| 2 | 31 күндөн 60 күнгө чейинки мөөнөткө (минималдуу=субстандарттык) | | | 0 |
| 3 | 61 күндөн 90 күнгө чейинги мөөнөткө (минималдуу=шектүү) | | | 0 |
| 4 | 90 күндөн 360 күнгө чейинки мөөнөткө (минималдуу=жоготуулар) | | | 0 |
| 5 | 360 күндөн ашык мөөнөткө (жоготуулар) | | | 0 |
| 6 | Мөөнөтүндө төлөнбөгөн бардык кредиттер | **0** | **0** | **0** |
| 7 | Реструктуризацияланган кредиттер, анын ичинде | | | 0 |
| 8 | − бир | | | 0 |
| 9 | − эки же андан көп | | | 0 |
| 10 | Отчеттук мезгилде баланстан алынып салынган кредиттердин жалпы суммасы | | | 0 |
| 11 | Өсүү жыйынтыгы менен баланстан алынып салынган кредиттердин жалпы суммасы | | | 0 |

Башкарманын Төрагасы ____________________ ____________________

*Аты-жөнү* *Кол тамгасы*

Башкы бухгалтер ____________________ ____________________

*Аты-жөнү*________________ *Кол тамгасы*

Мөөрдүн орду

».

7. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2014-жылдын 17-октябрындагы № 45/1 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жоболорун бекитүү жөнүндө» токтомуна төмөндөгү толуктоолор жана өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) Жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырышкан микрофинансылык компаниялардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчету жөнүндө» жобонун:

2-тиркемесинин:

«Мөөнөтүндө төлөнбөгөн активдер, активдерди жана баланстан тышкаркы милдеттенмелерди тобокелдик деңгээли боюнча классификациялоо жөнүндө маалымат» 4-бөлүгүнүн «Мөөнөтүндө төлөнбөгөн активдер тууралуу маалымат» 4.А-бөлүкчөсү төмөнкү редакцияда берилсин:

**«4-Бөлүк. Мөөнөтүндө төлөнбөгөн активдер, активдерди жана баланстан тышкаркы милдеттенмелерди тобокелдик деңгээли боюнча классификациялоо жөнүндө маалымат**

**4А бөлүкчөсү. Мөөнөтүндө төлөнбөгөн активдер тууралуу маалымат** *(миң сом)*

| Статьялар | Бардыгы болуп (3жана 5-колонкалардын суммасы) | Учурдагы (мөөнөтүндө төлөнгөн) | Реструктуризацияланган активдер | Мөөнөтүндө төлөнбөгөн бардык активдер | 30 күнгө чейин | 31 күндөн 60 күнгө чейин | 61 күндөн 90 күнгө чейин | 91 күндөн 120 күнгө чейин | 121 күндөн180 күнгө чейин | 181 күндөн 360 күнгө чейин | 360 күндөн көп | Чегербөө статусундагы бардык активдер |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 |
| 1. Кардарларга берилген каржылоо | **0** | **0** | **0** | **0** | **0** | **0** | **0** | **0** | **0** | **0** | **0** | **0** |
| а) өнөр жай | 0 | | | | | | | | | | | |
| б) айыл чарба | 0 | | | | | | | | | | | |
| в) даярдоо жана кайра иштетүү | 0 | | | | | | | | | | | |
| г) соода жана коммерциялык операциялар | 0 | | | | | | | | | | | |
| д) кызмат көрсөтүүлөр | 0 | | | | | | | | | | | |
| е) транспорт | 0 | | | | | | | | | | | |
| ж) байланыш | 0 | | | | | | | | | | | |
| з) курулуш жана ипотека | 0 | | | | | | | | | | | |
| и) жеке жактыр | 0 | | | | | | | | | | | |
| к) башка | 0 | | | | | | | | | | | |
| 2. ФКУларга берилген каржылоо | 0 | | | | | | | | | | | |
| 3. Баланстан тышкары активдерди эске алгандагы башка активдер | 0 | | | | | | | | | | | |
| **4. Жыйынтыгында** | **0** | **0** | **0** | **0** | **0** | **0** | **0** | **0** | **0** | **0** | **0** | **0** |

Ээлеген кызматы:__________ Фамилиясы:___________ Кол тамгасы: __________________»;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырышкан микрокредиттик компаниялардын жана микрокредиттик агенттиктердин мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчету жөнүндө» жобонун:

2-тиркемесинин:

− бүтүндөй тексти боюнча ар башка жөндөмөдөгү «финансы-кредиттик мекемелер» деген сөздөр тиешелүү жөндөмөдөгү «финансы-кредит уюмдары» дегенге алмаштырылсын;

− бүтүндөй текст боюнча «ФКМ» деген аббревиатура «ФКУ» деген аббревиатурага алмаштырылсын;

− «Активдер жөнүндө маалымат» 3-бөлүгүнүн «Активдерди тобокелдик деңгээли боюнча классификациялоо» А бөлүкчөсү төмөнкү редакцияда берилсин:

**«3-бөлүк. Активдер жөнүндө маалымат**

А. Активдерди тобокелдик деңгээли боюнча классификациялоо

**Отчеттук жылдын акырына карата орточо салмактанып алынган үстөк баа/киреше % менен**

| Статьялар | Бардыгы болуп | Учурдагы (мөөнөтүндө төлөнгөн) активдер | Реструктуризацияланган активдер | Мөөнөтүндө төлөнбөгөн бардык активдер | Стандарттык | Байкоого алынган активдер | Субстандарттык | Шектүү | Жоготуулар | Чегербөө статусундагы жалпы активдер | «Жалпы» камдар | «Атайы» камдар |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 |
| 1. Банктар жана финансы-кредит **уюмдарын каржылоо жана алар менен жүргүзүлгөн башка операциялар** | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| а) банктарда жана финансы-кредит **уюмдарында эсептешүү жана башка эсептер** | | | | | | | | | | | | 0 |
| **б) финансы-кредит уюмдарына берилген каржылоо** | | | | | | | | | | | | 0 |
| 2. Инвестициялар | | | | | | | | | | | | |
| 3. Кардарларга берилге**н каржылоо** | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| а) өнөр жай | | | | | | | | | | | | 0 |
| **б) айыл чарба** | | | | | | | | | | | | 0 |
| **в) даярдоо жана кайра иштетүү** | | | | | | | | | | | | 0 |
| **г) соода жана коммерциялык операциялар** | | | | | | | | | | | | 0 |
| **д) кызмат көрсөтүүлөр** | | | | | | | | | | | | 0 |
| **е) транспорт** | | | | | | | | | | | | 0 |
| **ж) байланыш** | | | | | | | | | | | | 0 |
| **з) курулуш жана кыймылсыз мүлктү сатып алуу** | | | | | | | | | | | | 0 |
| **и) жеке адамдар** | | | | | | | | | | | | 0 |
| **к) башкалар** | | | | | | | | | | | | 0 |
| 4. Классификация**ланууга тийиш болгон башка активдер** | | | | | | | | | | | | 0 |
| 5. **БАРДЫГЫ БОЛУП**: | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| **Маалымат катары: Реструктуризацияланган активдер**, бардыгы болуп (саны) | | | | | | | | | | | | |

Аткаруучу органдын жетекчиси ____________________ ____________________

*Аты-жөнү* *Кол тамгасы*

Башкы бухгалтер ____________________ ____________________

*Аты-жөнү* *Кол тамгасы*

Мөөрдүн орду

»;

3) жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырышкан кредиттик союздардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчету жөнүндө» жобонун:

2-тиркемесинин:

3-бөлүгүнүн А бөлүкчөсү «Каржылоо портфели боюнча маалымат» төмөнкү редакцияда берилсин:

**«3-бөлүк. 20__-жылдын ________карата абал боюнча «_________» кредиттик союзунун каржылоо портфели боюнча маалымат.**

А. Мөөнөтүндө төлөнбөгөн активдер *сом*

| № | Мөөнөтүндө төлөнбөгөн активдер | Суммасы, сом | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Негизги сумма боюнча төлөм (графикке ылайык) | Үстөк баа/ киреше % менен (графикке ылайык) | Мөөнөтүндө төлөнбөгөн төлөмдөрдү эске алгандагы отчеттук мезгилдин аягына карата каржылоо калдыгы |
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
| 1 | 30 күнгө чейинки мөөнөткө | | | |
| 2 | 31 күндөн 60 күнгө чейинги мөөнөткө (минималдуу=субстандарттык) | | | |
| 3 | 61 күндөн 90 күнгө чейинги мөөнөткө (минималдуу=шектүү) | | | |
| 4 | 90 күндөн 360 күнгө чейинги мөөнөткө (минималдуу=жоготуулар) | | | |
| 5 | 360 күндөн көп мөөнөткө (жоготуулар) | | | |
| 6 | Мөөнөтүндө төлөнбөгөн бардык активдер | 0 | 0 | 0 |
| 7 | Реструктуризацияланган активдер, анын ичинде | | | |
| 8 | − бир | | | |
| 9 | − эки же андан ашык | | | |
| 10 | Отчеттук ай ичинде балансттан алынып салынган активдердин жалпы суммасы | | | |
| 11 | Өсүү жыйынтыгы менен балансттан алынып салынган активдердин жалпы суммасы | | | |

Башкарманын Төрагасы ______________ ______________

*Аты-жөнү* *Кол тамгасы*

Башкы бухгалтер ______________ ______________

*Аты-жөнү* *Кол тамгасы*

Мөөрдүн орду

».

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫ

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

**720001, Бишкек ш., Чүй проспекти, 168**
**2018-жылдын 20-июнундагы**
**№ 2018-П-12/24-1-(НПА)**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө» мыйзамынын 68-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Улуттук банктын төмөнкү ченемдик укуктук актыларына сунушталган өзгөртүүлөр жана толуктоолор (кошо тиркелет) бекитилсин:

− Улуттук банк Башкармасынын 2017-жылдын 15-июнундагы № 2017-П-12/25-8-(НПА) “Кыргыз Республикасынын банктарында тобокелдиктерди тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө” жобону бекитүү тууралуу” токтому;

− Улуттук банк Башкармасынын 2017-жылдын 17-майындагы № 19/12 “Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарында корпоративдик башкаруу жөнүндө” жобону бекитүү тууралуу” токтому;

− Улуттук банк Башкармасынын 2006-жылдын 28-июнундагы № 19/3 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан коммерциялык банктарда жана башка финансы-кредит уюмдарында өлкөлүк тобокелдикти тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтому;

− Улуттук банк Башкармасынын 2006-жылдын 28-июнундагы № 19/2 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан коммерциялык банктарда жана башка финансы-кредит

уюмдарында рыноктук тобокелдикти тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтому;

− Улуттук банк Башкармасынын 2004-жылдын 21-июлундагы № 18/3 “Активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга резервге тиешелүү чегерүүлөр жөнүндөгү” жобону бекитүү жөнүндө” токтому.

2. Улуттук банк Башкармасынын 2012-жылдын 1-февралындагы № 6/1 “Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2005-жылдын 18-мартындагы № 5/5 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы менен банктык операциялардын айрым бир түрлөрүн жүзөгө ашырган коммерциялык банктар, уюмдар, жана алардын уюштуруучулары (катышуучулары), ошондой эле юридикалык жактар жана жеке адамдар ортосунда келип чыккан талаш маселелерди сотко чейин жөнгө салуу жөнүндө жобонун 3.1-пунктун чечмелөө (түшүндүрүү) тууралуу” токтому күчүн жоготкон катары таанылсын.

3. Токтом расмий жарыялангандан он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет, ал эми “Кыргыз Республикасынын банктарында тобокелдиктерди тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө” жобонун 27-пункту 2018-жылдын 1-октябрынан тартып күчүнө кирет.

4. Активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга резервге тиешелүү чегерүүлөр жөнүндөгү жобонунун 4.1.2-пункту 2019-жылдын 1-июлуна чейин, жана Бишкек шаарынан тышкары республиканын региондоруна таркатылат.

4. Юридика башкармалыгы:

− токтомдун Улуттук банктын расмий интернет-сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;

− расмий жарыялангандан кийин Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине чагылдырылышы үчүн бул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

5. Көзөмөл методологиясы жана банктарды лицензиялоо башкармалыгы ушул токтом менен коммерциялык банктарды, Улуттук банктын тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөрүн, Улуттук банктын областтык

башкармалыктарын жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүн тааныштырсын.

6. Токтомдун аткарылышына контролдук Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын мүчөсү Т. Дж. Джусупов мырзага жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. Абдыгулов**

**Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук банк Башкармасынын**
**2018-жылдын 20-июнундагы**
**№ 2018-П-12/24-1-(НПА)**
**токтомуна тиркеме**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөр жана толуктоолор

1. Улуттук банк Башкармасынын 2017-жылдын 15-июнундагы № 2017-П-12/25-8-(НПА) «Кыргыз Республикасынын банктарында тобокелдиктерди тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын банктарында тобокелдиктерди тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобонун:

3-пунктунун:

− жыйырма жетинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Тобокелдикти кабыл алуу мүмкүнчүлүгү (р**иск-аппетит)** – бул, банк өз стратегиясында жана бизнес-планында каралган максаттарга жетүүсү үчүн өзүнө кабыл алууга даяр болгон, банктын аброю жана этикага жатпаган практика сыяктуу татаал өлчөнүүчү тобокелдиктерди эске алуу менен чогуу алгандагы тобокелдиктер деңгээли жана түрлөрү. Тобокелдикти кабыл алуу мүмкүнчүлүгү банкты өнүктүрүү стратегиясын жана банктын бизнес-планын иштеп чыгууда эске алынат.»;

− пункт төмөнкү мазмундагы жыйырма сегизинчи, жыйырма тогузунчу жана отузунчу абзацтар менен толукталсын:

«Тобокелдикти кабыл алуу мүмкүнчүлүгү деңгээли жөнүндө ички документ – бул, банк өз стратегиясында жана бизнес-планында каралган максаттарга жетүүсү үчүн кабыл алууга же жол бербөөгө даяр болгонтобокелдиктердин чогуу алгандагы деңгээли жана түрлөрү (кирешелүүлүк, капитал, ликвиддүүлүк жана башка тиешелүү чаралар боюнча сапаттык жана сандык көрсөткүчтөрдү аныктоо, мисалы өсүш, өзгөрмөлүүлүк), мында банктын аброю жана этикага жатпаган практика сыяктуу татаал өлчөнүүчү тобокелдиктерди эске

алуу зарыл. Мында, аталган документ банктын бизнес-планынын бир бөлүгү болушу мүмкүн.

Тобокелдиктер боюнча лимиттер – банктын чогуу алгандагы тобокелдикти кабыл алуу мүмкүнчүлүгү деңгээли деңгээлин (белгилүү бир көрсөткүчтөргө коюлуучу сандык чектөөлөр) иш чөйрөсү, банктын филиалдары, туунду компаниялары, аныкталган тобокелдик категориялары, концентрациялар, продукттар жана башка зарыл деңгээлдер боюнча бөлүштүрүү. Банк лимиттердин ар кандай түрлөрүн ишке ашыруу боюнча ыйгарым укуктарын туура бөлүштүрүү үчүн жоопкерчилик тартат.

Банк ишинин тобокелдүүлүгүнүн профили – бул, банк үчүн алгылыктуу тобокелдиктердин бардык түрлөрүнүн жана алардын деңгээлдеринин жыйынтыкталган маалыматы, алар банк ишинде бардык негизги көйгөйлөрдү жана аталган тобокелдиктер боюнча колдо болгон маалыматтарга учурдагы (акыркы жаңыртылган) баа берүү жыйынтыктарын чагылдырат.»;

− 5-пункттун экинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Банктын ишинин өлчөмүн жана стратегиясын ачып көрсөтүү максатында, банк мыйзамдын жана банктын ички документтеринин талаптарына ылайык бизнес-план түзүүгө тийиш. Тобокелдиктер боюнча лимиттер деңгээлин көрсөтүү менен тобокелдикти кабыл алуу мүмкүнчүлүгү деңгээли жөнүндө ички документ банктын бизнес-планында да чагылдырылышы мүмкүн.»;

− 12-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:

«12. Тобокелдик-менеджменти кызматы, кеминде ай сайын отчетторду Тобокелдик боюнча комитетке, ошондой эле чейрек сайын Директорлор кеңешине сунуштап турат. Мында, Директорлор кеңеши жана/же Тобокелдик боюнча комитет мындай отчетторду сунуштоонун башка мезгилдүүлүгүн, бирок ушул пунктта белгиленген мезгилдүүлүктөн кем эмес кошумча белгилей алышат.

Тобокелдик-менеджмент кызматы күндөлүк иштерди аткаруу жана чечимдерди оперативдүү кабыл алуу үчүн банк Башкармасынын мүчөлөрү, түзүмдүк бөлүмдөр жана кызматкерлер менен тыгыз кызматташтыкта иш алып барат.»;

− Жобо төмөнкү мазмундагы 14-1 - 14-5-пункттар менен толукталсын:

«14-1. Тобокелдикти кабыл алуу мүмкүнчүлүгү деңгээли жөнүндө ички документте белгиленген лимиттер Директорлор кеңеши тарабынан милдеттүү түрдө жактырылышы менен артышы мүмкүн болгон учурлады так аныкталууга тийиш. Бул менен Директорлор кеңеши өз алдынча белгиленген/жактырылган лимиттерди, лимиттердин артышы ким тарабынан бекитилет, кайсы органга тобокелдикти кабыл алуу мүмкүнчүлүгүнүн деңгээли жөнүндө отчетун берилишин жана кандай маалда, мыйзам бузуулар орун алган учурда маалымат берүү тартибин жана мөөнөтүн, ошондой эле банктын ыйгарым укуктуу органдарына тобокелдик боюнча лимиттерди белгилөө/ жактыруу жагында укук берүүнү өз алдынча аныктайт.

Мында, тобокелдиктер боюнча лимиттердин деңгээлин төмөндөтүү жагында чаралар каралышы мүмкүн.

14-2. Банк ишинин тобокелдүүлүгүнүн учурдагы профилин тескөө максатында, банк тобокелдикти кабыл алуу мүмкүнчүлүгүн, атап айтканда, банк үчүн алгылыктуу болгон тобокелдиктердин бардык түрлөрүн жана алардын деңгээлдерин (тактап айтканда банктын тобокелдикке дуушар кылбаган жана банктын аманаттарынын жана кирешелүүлүгүнүн сакталышын камсыз кылган деңгээлде) так чагылдырууга тийиш. Мында, тобокелдикти кабыл алуу мүмкүнчүлүгү банктын кыска жана узак мөөнөттүү стратегиясы менен байланыштуу болууга тийиш жана банктын бизнес планына каршы келбейт, ошондой эле банктын тиешелүү коллегиалдуу органдарынын деңгээлинде макулдашылуусу зарыл. Бул үчүн:

1) Жобонун 3-пунктунун 28-абзацында көрсөтүлгөн банктын кыска жана узак мөөнөттүү стратегиясы, бизнес планы, анын капиталы жана финансылык планы менен байланыштуу болгон тобокелдикти кабыл алуу мүмкүнчүлүгү деңгээли жөнүндө ички документти иштеп чыгуу жана бекитүү;

2) банктын тобокелдикти кабыл алуу мүмкүнчүлүгүн аныктоо процессин камтыган саясатты иштеп чыгуу жана банк ишинин тобокелдикти кабыл алуу мүмкүнчүлүгүнүн деңгээлине ылайык келишин туруктуу негизде контролдоо. Мында, банктын тобокелдикти кабыл алуу мүмкүнчүлүгүн аныктоонун ушул документи кеминде жылына бир жолу кайра каралып чыгууга тийиш;

3) баа берүү, жактыруу, маалымдоо (банк ичинде маалымдалышы) боюнча жол-жоболорду, ошондой эле банктын Директорлор

кеңеши тарабынан аныкталган жана жактырылган тобокелдиктер жана принциптер боюнча лимиттерге мониторинг, аудит жүргүзүү процесстерин иштеп чыгуу;

4) банктын Директорлор кеңеши тарабынан жактырылган тобокелдикти кабыл алуу мүмкүнчүлүгүнөн ашпоого тийиш болгон тобокелдиктер боюнча лимиттерди өлчөө, белгилөө, контролдоо жана тескөө зарыл.

14-3. Директорлор кеңеши лимиттерге жана маанилерге мониторинг жүргүзүү максатында, банк Башкармасы тарабынан ишке ашырылган банктын тобокелдүүлүк профилин контролдойт жана ал үчүн жоопкерчилик тартат.

Банктын операциялык ишине байланыштуу ар кандай өлчөнүүчү тобокелдиктерге (мисалы, кредиттик тобокелдик, рыноктук тобокелдик, пайыздык чен тобокелдиги, ликвиддүүлүк тобокелдиги ж.б.) банк дуушар болушун контролдукка алууга лимиттердин топтомун белгилөө зарыл. Тобокелдиктер боюнча лимиттер негизинен банктын пайда алышына, капиталына, ликвиддүүлүгүнө жана башка ушундай сыяктуу көрсөткүчтөргө карата белгиленет (мисалы, өсүш жана өзгөрмөлүүлүк). Тобокелдиктер боюнча лимиттерди банктын тобокелдикти кабыл алуу мүмкүнчүлүгү деңгээлине ылайык белгилөө керек.

14-4. Директорлор кеңеши тарабынан жактырылган тобокелдиктер боюнча лимиттер банктын тигил же башка ишин жүзөгө ашырган адамдарга/кызматкерлерге, бөлүмгө же түзүмдүк бөлүмдөргө таркатылат.

14-5. Ыйгарым укуктуу түзүмдүк бөлүмдөр, банктын операциялык иш процессине тартылган адамдар/кызматкерлер тобокелдиктер боюнча белгиленген лимиттер жөнүндө маалым болуусу зарыл жана банк аталган лимиттер тууралуу түшүнүүсүн камсыз кылууга тийиш. Лимиттердин колдонулушуна кылдат мониторинг жүргүзүү зарыл. Банк Башкармасы тиешелүү чараларды көрүү үчүн бузууга жол берилген лимиттер тууралуу токтоосуз түрдө маалымдалууга тийиш.»;

− 17-пункттун:

1-пунктчасынын бешинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«- тобокелдик-менеджменти кызматынын иш планын бекитүү жана анын аткарылышын контролдоо;»;

2-пунктчанын үчүнчү абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«- тобокелдик-менеджменти кызматы сунуштаган тобокелдик түрлөрү боюнча утурумдук отчеттор, ошондой эле тобокелдиктер боюнча лимиттер абалы, гэп жана стресс-тестирлөө жыйынтыктары»;

3-пунктча төмөнкү редакцияда берилсин:

«3) банкта орун алышы ыктымал болгон тобокелдиктерди тескөө маселелери жагында тобокелдик-менеджменти кызматынын жетекчиси, комплаенс-контроль кызматынын жетекчиси, ички жана тышкы аудит, ошондой эле зарыл учурларда, банктын башка түзүмдүк бөлүмдөрү менен өз ара иш алып баруу;»;

5-пунктчадагы «тобокелдиктерге туруштук берүү» деген сөздөр «тобокелдикти кабыл алуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө ички документ» дегенге алмаштырылсын;

18-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

“18. Тобокелдик боюнча комитеттин сандык жана жеке курамы банктын Директорлор кеңеши тарабынан аныкталып, бекитилет жана Директорлор кеңешинин кеминде үч мүчөсү болууга тийиш. Мындан тышкары, аталган комитеттин кеминде эки мүчөсү Директорлор кеңешинин көз карандысыз мүчөлөрүнүн ичинен шайланууга жана алардын бири Тобокелдиктер боюнча комитеттин төрагасы болууга жана Аудит боюнча комитеттин жетекчиси болбоого тийиш.

Тобокелдик боюнча комитеттин бардык мүчөлөрү добуш берүү укугуна ээ, ал эми чакыртылгандарга добуш берүү укугу чегерилбейт.”;

− 19-пункттун экинчи сүйлөмү алып салынсын;

− 20-пункттун биринчи абзацындагы «3 (үч) айда кеминде бир жолу» деген сөздөр «айына кеминде бир жолу» дегенге алмаштырылсын;

− 27-пункттун 2-пунктчасы төмөнкү редакцияда берилсин:

«2) банк Башкармасы жана тобокелдик-менеджменти кызматынын жетекчиси менен биргеликте банктын тобокелдикти кабыл алуу мүмкүнчүлүгүнүн чараларын иштеп чыгуу, ошондой эле банктын тобокелдикти кабыл алуу мүмкүнчүлүгүнө карата талаптарды, тобокелдик саясатынын жана лимиттеринин сакталышын көзөмөлгө алууга жана туруктуулукту камсыз кылууга көмөктөшүү.»;

− 28-пункттагы:

«милдеттерин жана» деген сөздөр алып салынсын;

төмөнкү мазмундагы экинчи абзац менен толукталсын:

«Банктын тобокелдик-мененедменти кызматынын жетекчисинин кызмат ордуна талапкер Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларында белгиленген тартипте Улуттук банк менен макулдашылат»;

− 31-пункттун 3-пунктчасындагы «айына бир жолу» деген сөздөр «чейрек ичинде бир жолу» дегенге алмаштырылсын;

− 38-пункт төмөнкү мазмундагы 11-пунктча менен толукталсын:

«11) Директорлор кеңеши тарабынан жактырылган банктын тобокелдикти кабыл алуу мүмкүнчүлүгүн жана тобокелдиктер боюнча лимиттерин аныктоо.»;

− 66-пункттагы «Ички документте» деген сөздөр «Ички документтерде» дегенге алмаштырылсын;

− 67-пункттун биринчи сүйлөмүндөгү «Ички документте» деген сөздөр «Ички документтерде» дегенге алмаштырылсын;

− 90-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:

«90. Банкта Директорлор кеңеши тарабынан бекитилген кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштыруу (изин жашыруу) жана террористтик же экстремисттик иш-аракеттерди каржылоо тобокелдигин тескөө боюнча ички документ (саясат) болууга тийиш. Ички документтерде банк ишинин өлчөмүнө жана татаалдыгына жараша кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштыруу (изин жашыруу) жана террористтик же экстремисттик иш-аракеттерди каржылоо тобокелдигин аныктоо, табуу, ага баа берүү, контролдоо жана төмөндөтүү жол-жоболору каралууга, бирок Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген минималдуу талаптар бардык банктар тарабынан сакталууга тийиш»;

2. Улуттук банк Башкармасынын 2017-жылдын 17-майындагы № 19/12 “Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарында корпоративдик башкаруу жөнүндө” жобону бекитүү тууралуу” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарында корпоративдик башкаруу жөнүндө» жобонун:

− 19-пунктунун бешинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

“- катышуу аркылуу (комитеттин мүчөлөрдүн катышуусу менен) же катышуусуз (комитеттин мүчөлөрдүн катышуусуз, мисалы видео, - аудио конференция ж.б.) отурумдарды өткөрүү, анын ичинде комитеттин мүчөлөрүнө добуш берүү тартиби;”;

3. Улуттук банк Башкармасынын 2006-жылдын 28-июнундагы №19/3 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан коммерциялык банктарда жана башка финансы-кредит уюмдарында өлкөлүк тобокелдикти тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан коммерциялык банктарда жана башка финансы-кредит уюмдарында өлкөлүк тобокелдикти тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобонун:

− 2.2-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«2.2. Банктын Кыргыз Республикасынын резидент кардарлары менен иш алып баруусунда да кыйыр түрдөгү өлкөлүк тобокелдиктин болуп калуусун эске алуусу зарыл.»;

− 2.3-пункту төмөнкү мазмундагы 2.3.5 жана 2.3.6-пунктчалар менен толукталсын:

«2.3.5. Макроэкономикалык тобокелдик – карыз алуучунун өз милдеттенмелерин аткаруу жөндөмдүүлүгүнө таасир эткен мамлекеттеги же чет өлкөдөгү макроэкономикалык шарттардын олуттуу өзгөрүүсүнүн (мисалы, чет өлкө борбордук банкынын улуттук валютасынын нарксыздануусун/бекемделүүсүн алдын алуу үчүн багытталган кайра каржылоо ченин жогорулатуу/төмөндөтүү боюнча чечим кабыл алуусу, ал кийинчерээк аталган өлкө менен ишкердик мамилеге ээ болгон карыз алуучуларга терс таасир этиши мүмкүн) натыйжасында чыгашалардын (жоготуулардын) келип чыгуу тобокелдиги.

2.3.6. Кыйыр түрдөгү өлкөлүк тобокелдик – анда карыз алуучу олуттуу ишкердик байланышка жана кызыкчылыкка ээ болгон чет өлкөдө экономикалык, социалдык жана саясий шарттардын өзгөрүүсүнүн натыйжасында карыз алуучунун карыздарын төлөө

жөндөмдүүлүгүнүн начарлап кетиши тобокелдиги (2-эскертүүнү кара). Кыйыр түрдөгү өлкөлүк тобокелдик кардардардын кредитти төлөө жөндөмдүүлүгүнө баа берүүдө эске алынууга тийиш.».

4. Улуттук банк Башкармасынын 2006-жылдын 28-июнундагы №19/2 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан коммерциялык банктарда жана башка финансы-кредит уюмдарында рыноктук тобокелдикти тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан коммерциялык банктарда жана башка финансы-кредит уюмдарында рыноктук тобокелдикти тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобонун:

− 3.1-пункттагы «иш чөйрөсүнө» деген сөздөрдөн кийин «тобокелдикти кабыл алуу мүмкүнчүлүгү деңгээлине» деген сөздөр менен толуктальсын;

− 3.4-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:

«3.4. Банктын Директорлор кеңеши тарабынан бекитилген рыноктук тобокелдикти тескөө саясаты банк дуушар болгон тобокелдиктин деңгээлин жана татаалдыгын эске алууга жана рыноктук тобокелдиктин банктын ишине байланыштуу түрлөрүн камтууга, ошондой эле жаңы банктык продукттарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү ишке киргизүүдөн тобокелдик деңгээлин эске алууга тийиш.

Банктар тобокелдиктерине баа берүүдө жана тескөөдө өз ишин жүзөгө ашырган жалпы жана макроэкономикалык шарттарды жана банкты олуттуу жоготууларга алып келген алардын жөндөмдүүлүгүн эске алууга тийиш.

*Эскертүү:* Улуттук банктын Бюллетени же башка булактар макроэкономикалык маалымат булактарынан болушу мүмкүн.

Эгерде банк тобокелдикти хеджирлөө чечимин кабыл алса, анда рыноктук тобокелдикти тескөө боюнча саясатта тобокелдиктерди хеджирлөөнүн ыкмалары жана критерийлери, анын ичинде хеджирлөөнүн натыйжалуулугу (оптималдуулугун) жана наркы боюнча критерийлер аныкталууга тийиш.»;

− Жобо төмөнкү мазмундагы 3.11-пункт менен толукталсын:

«3.11. Банктын ички аудити банктын рыноктук тобокелдигин тескөө бүтүндүгүн, тактыгын жана натыйжалуулугун туруктуу негизде текшерип турууга тийиш. Ички аудит жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча аныкталган кемчиликтер боюнча корректировкалоочу иш-чаралардын андан аркы аткарылышы боюнча маалыматты мезгил-мезгили менен кеминде чейрек ичинде бир жолу банктын Директорлор кеңешине жана кеминде айына бир жолу Аудит боюнча комитетке билдирилет.

Банктын ички аудит тарабынан өткөрүлгөн рыноктук тобокелдикке баа берүү кеминде төмөнкү факторлорду камтууга тийиш:

− рыноктук тобокелдикти тескөө процессинин көлөмүнүн шайкештигин (рыноктук тобокелдикке алып келген позициялардын түрүн, мазмунун жана татаалдыгы деңгээлин эске алуу менен, ошондой эле алар рыноктук тобокелдикти тескөө процессинде талаптагыдай кароого алынганын текшерүүгө тийиш);

− банк тарабынан колдонулуучу рыноктук тобокелдикке тескөө системасынын шайкештигин;

− бардык маалыматтардын аныктыгын, толук, бүтүн болушун жана макулдашылгандыгын жана мындай маалыматтардын булактарын, ошондой эле рыноктук тобокелдикке баа берүүдө колдонулган баа берүү ыкмаларын.»;

− 4.1-пунктунун:

биринчи абзацындагы «курамдык бөлүгү» деген сөздөр «курамдык элементи» дегенге алмаштырылсын;

экинчи абзацынын экинчи сүйлөмү төмөнкү редакцияда берилсин:

«Мындай лимиттер банктын активдерин жана милдеттенмелерин тескөөдө эсепке алынып, ошондой эле банктын тобокелдикти кабыл алуу мүмкүнчүлүгүнө жана капиталына дал келүүгө тийиш»;

төмөнкү мазмундагы жетинчи абзац менен толукталсын:

«- жаңы продукттар менен байланыштуу процесстерди жана принциптерди аныктоо.»;

− Жобо төмөнкү мазмундагы 4.3-пункт менен толукталсын:

«4.3. Пайыздык тобокелдикти өлчөө кайра баалоо тобокелдигин, базалык тобокелдикти, опцион тобокелдигин жана кыйыр кирешелүүлүк тобокелдигин камтууга тийиш.

Банктын Директорлор кеңеши жана Башкармасы стресс-тестирлөөнүн натыйжаларын, анын ичинде алардын негизин түзгөн негизги божомолдорду туруктуу негизде, бирок чейрек ичинде кеминде бир жолу жүргүзүүгө тийиш. Мындай иштердин жыйынтыктары рыноктук тобокелдикти тескөө боюнча саясатты түзүүдө жана кайра карап чыгууда эске алынууга тийиш. Стресс-тесттер аркылуу болжолдонуучу потенциалдуу жоготууларды жана мындай жоготуулардын келип чыгуу ыктымалдыгын эске алуу менен банктын Директорлор кеңеши жана Башкармасы тобокелдиктерди тескөө ишин күчөтүү үчүн кошумча чараларды көрө алат.».

5. Улуттук банк Башкармасынын 2004-жылдын 21-июлундагы № 18/3 «Активдерди классификациялоо жана потенциалдуу, жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга резервге тиешелүү чегерүүлөр жөнүндөгү» жобону бекитүү жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Активдерди классификациялоо жана потенциалдуу, жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга резервке тиешелүү чегерүүлөр жөнүндөгү» жобонун:

- 4.1.2-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

4.1.2. Эгерде банкта «Гарантиялык фонд» ААКсынын депозити жайгаштырылган болсо, банк «Гарантиялык фонд» ААКсынын гарантиясы менен камсыздалган активдин бөлүгүн «нормалдуу» актив катары классификациялашы мүмкүн».

Мында, «Гарантиялык фонд» ААКсы менен коммерциялык банк ортосунда түзүлгөн депозиттик жана гарантиялык келишимдер, кеминде төмөнкү шарттарды камтууга тийиш:

- «Гарантиялык фонд» ААКсынын гарантиясы менен камсыздалган активдер көлөмү депозиттин суммасынан эки эсе ашпоого тийиш;

- «Гарантиялык фонд» ААКсы тарабынан камсыздалган активдердин орду толук жабылганга чейин аталган фонддун депозитинин болушу жана кайтарылып алынгыстыгы шарты.

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫ

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

**720001, Бишкек ш., Чүй проспекти, 168**
**2018-жылдын 20-июнундагы**
**№ 2018-П-12/24-2-(НПА)**

## «Банктык көзөмөлдүктү жүзөгө ашыруу жөнүндө Нускоону» бекитүү тууралуу

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө» мыйзамынын 20, 68, 136, 139 жана 140-беренелерине таянуу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. «Банктык көзөмөлдүктү жүзөгө ашыруу жөнүндө Нускоо» (кошо тиркелет) бекитилсин.

2. Төмөнкүлөр күчүн жоготкон катары таанылсын:

− Улуттук банк Башкармасынын 2004-жылдын 4-февралындагы № 2/2 «Жеринде барып инспектордук текшерүүнү жүргүзүү жөнүндө» нускоону бекитүү тууралуу» токтому;

− Улуттук банк Башкармасынын 2004-жылдын 23-октябрындагы № 26/3 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик актыларына өзгөртүүлөрдүн жана толуктоолордун I - пункту;

− Улуттук банк Башкармасынын 2009-жылдын 14-октябрындагы № 41/3 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» токтомуна карата тиркеменин IV - пункту;

− Улуттук банк Башкармасынын 2011-жылдын 27-июлундагы № 40/8 «Улуттук банк Башкармасынын 2004-жылдын 4-февралындагы № 2/2 «Жеринде барып инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүү

жөнүндө» нускоону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» токтому;

− Улуттук банк Башкармасынын 2012-жылдын 25-апрелиндеги № 18/9 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу» токтомуна карата тиркеменин 5 - пункту;

− Улуттук банк Башкармасынын 2012-жылдын 31-октябрындагы № 41/11 «Жеринде барып инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүү жөнүндө» нускоого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу» токтому;

− Улуттук банк Башкармасынын 2012-жылдын 16-ноябрындагы № 43/1 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» токтомуна карата тиркеменин 4 - пункту;

− Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 23-декабрындагы № 52/6 «Депозиттерди тартпаган МФУлардын жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банктын көзөмөлдүгүнө алынган башка юридикалык жактардын ишине инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүү жөнүндө» жөнүндө нускоону бекитүү тууралуу» токтомунун 2 - пункту;

− Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 5-февралындагы № 5/1 «Улуттук банк Башкармасынын айрым токтомдоруна толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтомунун 1 - пунктунун он алтынчы абзацы;

− Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 5-февралындагы № 5/1 «Улуттук банк Башкармасынын айрым токтомдоруна толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтомуна карата тиркеменин 15 - пункту;

− Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 10-февралындагы № 7/2 «Улуттук банк Башкармасынын айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» токтомунун 1 - пунктунун он үчүнчү абзацы;

− Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 10-февралындагы № 7/2 «Улуттук банк Башкармасынын айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» токтомуна карата тиркеменин 12 - пункту;

− Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 11-апрелиндеги № 17/3 «Улуттук банк Башкармасынын айрым токтомдоруна толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтомунун 1 - пунктунун үчүнчү абзацы;

− Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 11-апрелиндеги № 17/3 «Улуттук банк Башкармасынын айрым токтомдоруна толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтомуна карата тиркеменин 2 - пункту;

− Улуттук банк Башкармасынын 2017-жылдын 31-майындагы № 21/8 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» токтомунун 1 - пунктунун экинчи абзацы;

− Улуттук банк Башкармасынын 2017-жылдын 31-майындагы № 21/8 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» токтомуна карата тиркеменин 1 - пункту.

3. Токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

4. Юридика башкармалыгы:

− токтомдун Улуттук банктын расмий интернет-сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;

− расмий жарыялангандан кийин Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн бул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

5. Көзөмөл методологиясы жана лицензиялоо башкармалыгы ушул токтом менен «Кыргызстан банктарынын бирикмеси» юридикалык жактар бирикмесин, коммерциялык банктарды, «Кредиттик союздардын финансылык компаниясы» ААКсын тааныштырсын.

6. Токтомдун аткарылышына контролдук Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын мүчөсү Т.Дж.Джусупов мырзага жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. Абдыгулов**

**Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук банк Башкармасынын**
**2018-жылдын 20-июнундагы**
**№ 2018-П-12/24-2-(НПА)**
**токтомуна тиркеме**

Банктык көзөмөлдүктү жүзөгө ашыруу жөнүндө

# НУСКОО

## 1-глава.
## Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иши жөнүндө» мыйзамына ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы (мындан ары – Улуттук банк) банк системасынын туруктуулугун жана ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу, аманатчылар жана башка кредиторлор укугун коргоо, банктык мыйзам талаптарын сактоо максатында банктык көзөмөлдүктү жүзөгө ашырат жана жөнгө салуу нормаларын белгилейт.

2. Улуттук банктын көзөмөл системасы бири-бирин толуктап турган жана колдоого алган көзөмөл иш багытынын негизги эки түрүнөн – тышкы көзөмөлдүктү жана инспектордук текшерүүлөрдү жүзөгө ашыруудан турат.

3. Банктык көзөмөлдүктү жүзөгө ашыруу жөнүндө бул нускоо (мындан ары – Нускоо) коммерциялык банктардын, депозиттерди тартуу менен иш алып барган микрофинансылык компаниялардын, «Кредиттик союздардын финансылык компаниясы» ААКсынын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик өнүктүрүү банкынын ишине инспектордук текшерүүлөрдүн негизги максаттарын жана түрлөрүн аныктайт. Мындан тышкары нускоо банктарга, алардын ишине тышкы көзөмөлдүктү жана инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүүгө карата коюлуучу милдеттүү талаптарды белгилейт.

4. Бул нускоонун максаттары үчүн төмөнкү аныктамалар колдонулат:

− банктар – Улуттук банктан лицензия алышкан коммерциялык банктар жана финансы-кредит уюмдары, «Кредиттик союздардын финансылык компаниясы» ААКсы жана Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик өнүктүрүү банкы;

− коммерциялык банктарга тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөлдүк – бул, коммерциялык банктардын иш коопсуздугун жана туруктуулугун камсыз кылуу максатында, алардын иш тажрыйбасында орун алышы ыктымал болгон негизги тобокелдиктерди аныктоо үчүн каралган көзөмөлдөө ыкмасы, демек, көзөмөлдүк коммерциялык банк ошол тобокелдиктерди кандай жөнгө салып жаткандыгына баа берүүгө багытталат (6-тиркеме);

− куратор/институционалдык инспектор – ага жүктөлгөн функционалдык милдеттерге ылайык, анын жоопкерчилигине берилген көзөмөлдөө астындагы уюмдардын ишине банктык көзөмөлдүктү жүзөгө ашырган Улуттук банктын ыйгарым укуктуу кызматкери;

− мүнөздүү болгон тобокелдик – бул, кандай гана болбосун контролдук чаралары жок болгон шартта тобокелдикке дуушар болушу;

− накта тобокелдик – тобокелдикти тескөө сапатынын эсебинен орун алган тобокелдикти төмөндөткөндөн кийин мүнөздүү болгон тобокелдик катары аныкталат;

− банктын тобокелдик профили - бул, тобокелдиктердин бардык түрлөрүнүн жана алардын деңгээлдеринин жыйынтыкталган маалыматы, алар банктын (холдинг компаниясынын/аффилирленген банктын) ишинде орун алган бардык негизги көйгөйлөрдү жана ушул тобокелдиктер боюнча колдо болгон маалыматка учурдагы (акыркы жаңыртылган) баа берүүнүн жыйынтыгы боюнча корутундуларды чагылдырат.»;

− банктын жыйынтык рейтинги – бул, банктын тобокелдик профилине анын менеджментине, кирешелүүлүгүнө жана капиталына накта тобокелдик көз карашынан алганда баа берүүнүн жыйынтыгын кароого алгандан кийин жалпы баа берүү.

## 2-Глава.
## Банктык көзөмөл

5. Банктык көзөмөл – бул, көзөмөл органы менен банктын ортосунда кызматташуу каралган, Улуттук банктын пландаштыруу, инспектрлөө, мониторинг жүргүзүү, баа берүү жана өз ара иш алып баруу боюнча иш-чараларынын жыйындысы. Улуттук банк жүргүзүлүп жаткан комплекстүү жана максаттуу инспектордук текшерүүлөрдү

тышкы көзөмөл менен айкалыштыруу менен ар бир банк үчүн көзөмөл стратегиясын түзөт.

Улуттук банктын банктардын ишине көзөмөл жүргүзүүнүн алкагында тобокелдикти аныктоого багытталган ыкма, ага тобоеликке баа берүү, анын ичинде инспекторлордун кесипкөй ой-жүгүртүүсүнө негизделген, сандык жана сапаттык талдап-иликтөө, банктын иш алып баруу мүнөзүн, тобокелдик-профилин жана маанилүүлүгүн эске алуу менен ага карата жеке мамиле кылуу камтылган, ошондой эле ал кыйла иштиктүү колдонуу үчүн көзөмөл ресурстарынын натыйжалуу бөлүштүрүлүшүн камсыз кылат. Көзөмөлдүктүн ар бир баскычында Улуттук банктын атынан анын ыйгарым укуктуу бөлүмдөрү, банк жетекчилиги тобокелдиктерди канчалык деңгээлде натыйжалуу аныктап, өлчөп, контролдукка алып жана тескеп жаткандыгына баа берет.

6. Улуттук банктын банктар менен өз ара аракеттенүүсү жана маалымат алмашуусу банктык көзөмөлдүктүн маанилүү компоненттери болуп саналат. Улуттук банк анын көзөмөлүндө турган банктар менен туруктуу жана натыйжалуу кызматташуу принцибине таянат. Өз ара иш жүргүзүү инспектордук текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча отчетторду кароодо сүйлөшүүлөр, жолугушуулар, кат алышуулар түрүндө жана башка кат жүзүндөгү документтердин негизинде жүзөгө ашырылат.

7. Банктын учурдагы көйгөйлөрүн талкуулоо үчүн кураторлор/институционалдык инспекторлор банктын аткаруу жетекчилиги, ошондой эле банктын Директорлор кеңеши/Директорлор кеңешинин мүчөсү менен - зарылчылыкка жараша, бирок жылына кеминде бир жолу жолугуша алышат. Мындан тышкары, кураторлор/институционалдык инспекторлор банктын тышкы аудиторлору менен зарылчылыкка жараша, бирок жылына кеминде бир жолу жолугуша алышат. Жолугушууларды зарылчылыгына жараша документтештирүүгө болот.

Талкуулоодо төмөнкү маселелер каралышы мүмкүн:

− финансылык абалдын көрсөткүчтөрү жана белгиленген тенденциялар;

− банктын аткаруу органынын жана Директорлор кеңешинин пикири боюнча, банкка жана бүтүндөй банк тутумуна тиешелүү болгон олуттуу маселелер;

− кемчиликтерге жана алгылыксыз натыйжаларга жол бербөө/четтетүү боюнча чараларды аткаруу;

− башкаруу маалыматынын шайкештиги жана банк менеджментинин натыйжалуулугу;

− банктын (холдинг компаниясынын/аффилирленген банктын) тобокелдик профилиндеги мүмкүн болуучу өзгөрүүлөр;

− келечекте ишке ашырылуучу көзөмөлдүк чаралары;

− банк тарабынан коомчулукка маалымдоо боюнча көрүлүүчү чаралар;

− башка маселелер.

Улуттук банктын тиешелүү бөлүмүнүн начальниги банктык көзөмөлдүктүн алкагында тигил же бул банктын кураторунун/институционалдык инспектору боюнча маалыматтарды (аты-жөнүн, почта дарегин, телефон номерин, ээлеген кызматын), куратор/институционалдык инспектор тарабынан талап кылынган маалыматтарды кандай болбосун жеткиликтүү түрдө, анын ичинде электрондук почта аркылуу сунуштоо зарылчылыгы тууралуу маалыматты корпоративдик электрондук почта аркылуу банк Башкармасынын төрагасынын/төрагасынын орун басарынын атына жөнөтөт. Куратор/институционалдык инспектор банктын ишине көзөмөлдүк иш-милдеттерине кирген маселелер боюнча гана сурап-билүүлөрдү банкка жөнөтөт. Көзөмөлдүк милдеттерин жүзөгө ашыруу алкагында Улуттук банктын тиешелүү бөлүмүнүн начальниги тарабынан Улуттук банктын доменинен (*@nbkr.kg или *@nbkr.banks.kg) электрондук почта аркылуу банктын кураторуна/институционалдык инспекторуна маалымдоо менен келип түшкөн талаптар банктын кураторунун/институционалдык инспекторунун талаптарына теңештирилет.

Улуттук банктын кураторунун/институционалдык инспекторунун банкка баруу зарылчылыгы келип чыккан шартта, банк жайларына, тиешелүү документтерине, материалдарына, анын ичинде банктык жазууларга, банктын ыйгарым укуктуу кызматкеринин катышуусунда – пайдалануулардын жана кардарлардын автоматташтырылган

системаларына жана башка окшош маалыматтарынан пайдалануу коддору (паролдор, PIN коддор) тууралуу маалыматты эске албаганда, техникалык инфраструктурасына (банктын автоматташтырылган системасына, тесттик текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча документтерди кошо алганда, системага карата документтерге, СВИФТ кошо алганда, төлөм системаларынын маалыматтар базасына) кирүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга тийиш.

Банк, анын акционерлери, кызмат адамдары жана башка кызматкерлери жана банк менен байланыштуу жактар Улуттук банктын талабы боюнча отчетторду, документтерди жана кандай болбосун маалыматты өз убагында берүүгө милдеттүү.

8. Банктарга тышкы көзөмөл сунушталган отчеттор жана башка маалыматтар боюнча банктардын ишине талдап-иликтөө жүргүзүү, ошондой эле банк ишинин негизги багыттары боюнча банктын башкаруу органдары менен өз ара иш алып баруу аркылуу аралыктан, туруктуу негизде ишке ашырылат.

Банктарга тышкы көзөмөл банктык көзөмөлдүктүн үзгүлтүксүз иши болуп саналат, ал өзүндө кеминде төмөнкүлөрдү камтыйт;

− мезгил-мезгили менен берилүүчү отчеттун алкагында финансылык абалдын өзгөрүүсүнө мониторинг жүргүзүү жана баа берүү;

− тобокелдик профилинин өзгөрүүсүнө ички жана тышкы аудиттин, инспектордук текшерүүлөрдүн буга чейинки жыйынтыктарын жана учурдагы маалыматтарды эске алуу менен байкоо жүргүзүү;

− колдо болгон маалыматтын негизинде баштапкы алдын алуу системасы жана стресс-тестирлөө аркылуу финансылык түзүмдүн жана иш көрсөткүчтөрүнүн өзгөрүүсүн өз убагында аныктоону камсыз кылуу;

− банкта жана бүтүндөй банк тутумунда финансылык өзгөрүүлөргө карата андан аркы иш-аракеттер жана аларга талдап-иликтөө жүргүзүү;

− бизнес-пландын жана бизнес-стратегиянын өзгөрүүсүнө мониторинг жүргүзүү жана баа берүү.

9. Банктык көзөмөлдүктү жүргүзүүдө, банк операцияларынын жана бүтүмдөрүнүн масштабы жана деңгээли башкаруу сапатынан жана ыкмаларынан, ошондой эле текшерилүүчү иштердин же операциялар түрүнүн олуттуулугунан көз каранды болгондуктан, банк тарабынан

башкаруу процесстерине баа берүүгө өзгөчө көңүл бурулат. Банк операцияларын жана бүтүмдөрүн текшерүү банктын жалпы абалына баа берүү жана ички саясатынын, жол-жоболорунун жана ички контролдуктун сакталышы деңгээлин аныктоо үчүн ишенимдүү жана зарыл инструмент болуп саналат.

Эскертүү. Ушул Нускоонун алкагында операцияларды жана бүтүмдөрдү текшерүү дегенден улам, ички эсепке алуу жазууларын регулятивдик жана финансылык отчеттор менен салыштыруу жана күн ичинде ишке ашырылган операцияларды саясат жана жол-жоболордун талаптарына салыштыруу (ички жол-жоболордун сакталышына баа берүү үчүн) гана эмес, мисалы, айрым кредиттердин жана инвестициялардын сапатын текшерүү сыяктуу, башка текшерүү жол-жоболорун түшүнүү зарыл.

10. Улуттук банк, кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (изин жашыруу) жана террористтик же экстремисттик иш-аракеттерди каржылоого каршы аракеттерди көрүү максатында, ички контролдукту уюштуруу маселелери боюнча банк ишине банктык көзөмөлдүктү жүзөгө ашырат жана анын жыйынтыгы тууралуу маалыматты терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттерди көрүү чөйрөсүндө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга жөнөтөт.

## 3-глава.
## Инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүү максаттары

11. Банк ишин текшерүүнүн негизги максаттары болуп төмөнкүлөр саналат:

− банктын туруктуу жана коопсуз иш алып баруусуна тоскоолдук кылган банк ишине мүнөздүү болгон тобокелдиктердин деңгээлдерин, мүнөзүн жана өзгөчөлүктөрүн тобокелдик профилин эске алуу менен изилдөө жана баа берүү;

− банктын корпоративдик башкаруу жана ички контролдоо түзүмүнүн натыйжалуулугун жана сапатын анын бизнесинин мүнөзүн жана орун алышы ыктымал болгон тобокелдиктерди эске алуу менен изилдөө жана ага баа берүү;

− тобокелдиктерди тескөө системаларына жана процесстерине банктын капиталынын шайкештигине жана ликвиддүүлүгүнө таасир этиши мүмкүн болгон чабал жерлерин аныктоого өзгөчө көңүл буруу менен баа берүү;

− банктын финансылык жана регулятивдик отчетторунун аныктыгын текшерүү;

− банк тарабынан Улуттук банктын жазма буйруктары, талаптары жана сунуш-көрсөтмөлөрү аткарылгандыгына баа берүү;

− банктын банктык мыйзам нормаларына, ошондой эле кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоого) жана террористтик же экстремисттик ишти каржылоого каршы аракеттенүү жөнүндө мыйзам нормаларына ылайык келишин жана аларды так сактоосун аныктоо;

− банк ишинде түптөлүшү ыктымал болгон тенденцияларга жол бербөө, кемчиликтерди четтетүү, банктын абалын жакшыртуу, тобокелдиктерди азайтуу боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү иштеп чыгуу, ал эми зарыл учурларда – эскертүү чараларын жана таасир этүү чараларын иштеп чыгуу;

− негизги тобокелдиктер боюнча баяндама жасоо, ошондой эле контролдоо жана тобокелдиктерди тескөө функциясын изилдөө;

− банктын банктык мыйзамдарында жана кылмыш жолу менен лынган кирешелерди легализациялоого (адалдоого) жана террористтик же экстремисттик ишти каржылоого каршы аракеттенүү жөнүндө мыйзамдарында белгиленген башка милдеттерди жана талаптарды аткаруусу.

## 4-глава.
## Инспектордук текшерүүлөрдүн түрлөрү

12. Инспектордук текшерүүлөр, коюлган максаттарга жана милдеттерге жараша комплекстүү жана максаттуу болушу мүмкүн. Бузуулар, кемчиликтер, тобокелдүү иш тажрыйбасы аныкталган учурда банкка карата тиешелүү таасир этүү чаралары колдонулушу жана/же тобокелдикти төмөндөтүү боюнча сунуш-көрсөтмөлөр (банк жетекчилигине көңүл бурууну талап кылган аныкталган көйгөйлөр жана маселелер боюнча маалымдөө максатында түзүлгөн көзөмөл органдын конструктивдүү жана негиздүү пикирлери жана сунуштары),

банктын тобокелдик профилине жана анын айрым компоненттерине баа берүү жөнөтүлүшү, ал эми зарылчылык келип чыккан учурда – банктын көзөмөл стратегиясы кайра каралышы мүмкүн.

Комплекстүү текшерүүлөр банктын тобокелдик профили тууралуу толук маалымат менен камсыз кылуу үчүн тиешелүү банктын тобокелдиктеринин жана ишинин кеңири чөйрөсүн камтыйт.

Максаттуу текшерүүлөр банктын айкын иш участогунда, мисалы, белгилүү бир продуктка (кредиттик картка), функциясына (ички аудитке) же тобокелдикке (кредиттик тобокелдик, Кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштыруу жана терроризм менен экстремизмди каржылоо тобокелдиги) ж.б.у.с. багытталган.

13. Инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүү мезгил аралыгы жана көлөмү жалпы көзөмөл стратегиясын жана банктын мүнөздөмөлөрүн (өлчөмү, иш мүнөзү, тобокелдик профили, аныкталган кемчиликтер) эске алуу менен аныкталат. Жогоруда белгиленген текшерүүлөрдөн тышкары, максаттуу текшерүүлөр банкта орун алган жана токтоосуз түрдө көзөмөлдүк чараларын талап кылган жагдайга же иштеги кемчиликтерге карата өткөрүлүшү мүмкүн. Зарылчылыкка жараша, банктын буга чейинки пландаштырылган же максаттуу текшерүүдө аныкталган корректировкалоочу иш-аракеттерди же чараларды жүзөгө ашырууда банктын алдыга илгерилөөсүнө баа берүү үчүн андан ары текшерүүлөр жүргүзүлүшү мүмкүн.

Инспектордук текшерүүнүн мөөнөтү банк ишин текшерүүгө берилген жолдомодо көрсөтүлөт (2-тиркеме) жана алар төмөнкүлөргө жараша белгиленет:

− текшерүүнүн түрүнө;

− маанилүүлүгүнө жана банктын тобокелдик профилине;

− банк тарабынан жүргүзүлгөн операциялардын көлөмүнө жана өзгөчөлүгүнө.

Мында, жеринде барып инспектордук текшерүүнү жүргүзүүнүн жалпы мөөнөтү 60 жумуш күнүнөн ашпоого тийиш.

14. Улуттук банктын тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөлдүктү жүзөгө ашыруу боюнча саясатына ылайык, комплекстүү текшерүү пландаштырылган иш көлөмдөрүнүн негизинде банктын тобокелдик профилинин бардык элементтерине (кредиттик тобокедик, рыноктук тобокелдик, ликвиддүүлүк тобокелдиги, Кылмыш жолу

менен алынган кирешелерди легалдаштырууга жана терроризм менен экстремизмди каржылоо тобокелдиги, комплаенс-тобокелдиги, тобокелдикти тескөө сапаты, накта тобокелдик, капитал, кирешелүүлүк жана менеджмент) баа берүү үчүн жүргүзүлөт жана банктын ишинин бардык түрүн изилдөөнү камтыйт. Комплекстүү текшерүү эң аз дегенде, төмөнкү элементтерди камтыйт:

банктын менчик түзүмүн жана топтук түзүмүн жана анын корпоративдик башкаруусун изилдөө;

банктын финансылык абалын, капиталынын жетиштүүлүгүн, кирешелүүлүк деңгээлин, ликвиддүүлүк түзүмүн талдап-иликтөө;

банктын стратегиялык документтерин, ишкердик моделин, маданиятын/иш-аракеттерин изилдөө;

мүнөздүү болгон тобокелдиктин негизги категорияларын (кредиттик, рыноктук, пайыздык чен, ликвиддүүлүк тобокелдиктери, операциялык, Кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштыруу жана терроризм менен экстремизмди каржылоо жана комплаенс-тобокелдиги) жана тобокелдиктерди тескөө сапатын (стратегиялар жана саясат, процесстер жана жол-жоболор, контролдук каражаттары жана кадрлар) ;

банктын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчеттун алкагында сунушталуучу, финансылык отчеттордо жарыялануучу маалыматтардын, ошондой эле басма сөз беттерине жарыялануучу башка маалыматтардын аныктыгын текшерүү. Бул жол-жободо банк тарабынан кредиттик бюрого (бюролорго) жөнөтүлүүчү маалыматтардын/отчеттордун толуктугун жана тактыгын текшерүү да камтылышы мүмкүн.

Тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөлдүктүн алкагында, комплекстүү текшерүүнүн жыйынтыгына негизделген отчет төмөнкү маалыматтарды (бирок муну менен чектелбестен) камтыйт:

- кредиттик тобокелдик,
- рыноктук тобокелдик,
- ликвиддүүлүк тобокелдиги,
- операциялык тобокелдик,
- комплаенс-тобокелдиги,

− Кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга жана терроризм менен экстремизмди каржылоо тобокелдиги,

− менеджмент,

− кирешелүүлүк,

− капиталдын жетиштүүлүгү,

− ички контролдук, тобокелдиктерди тескөө жана тышкы аудит;

− банктык ченемдик, финансылык отчеттордо көрсөтүлгөн маалыматтарды жана кеңири коомчулук үчүн жарыяланган маалыматтарды текшерүү;

− банктын акцияларын сатып алуу/ээликтен ажыратуу боюнча операцияларды, ошондой эле акционердик капиталдын суммасын көбөйтүү/азайтуу боюнча процесстин мыйзам талаптарына ылайык келүүсүн текшерүү;

− чет өлкө валютасында ишке ашырылган операцияларга байланыштуу тобокелдик деңгээлин аныктоо жана алмашуу курсунун тобокелдиктерин тескөөгө алынышына баа берүү максатында чет өлкө валютасындагы операцияларга байкоо жүргүзүү;

− банктын баланстан тышкары ишин баланстан тышкаркы операцияларга байланыштуу тобокелдик деңгээлин аныктоо жана бул тобокелдиктерди тескөөгө алынышына баа берүү максатында кароо.

15. Максаттуу текшерүүнү жүргүзүү банк ишинин тигил же бул аспектисин кыйла кылдат кароо зарылчылыгына байланыштуу болушу мүмкүн.

Максаттуу текшерүүлөр план боюнча же пландан тышкаркы (атайын) болушу мүмкүн.

16. Текшерүүлөр банкка алдын ала билдирүү аркылуу сыяктуу эле, күтүүсүз (боло турган текшерүү жөнүндө алдын ала билдирүүсүз) да болушу мүмкүн. Күтүүсүз текшерүү жүргүзүлгөн учурда текшерүүгө жолдомо, банкка инспекторлор тобу келген учурда көрсөтүлөт.

17. Күтүүсүз текшерүүлөр төмөнкү учурларда да жүргүзүлүшү мүмкүн, эгерде:

− берилген отчеттордун жана башка маалыматтардын негизинде банктын финансылык абалынын начарлашына алып келиши мүмкүн болгон алгылыксыз тенденциялар аныкталса;

− банк ишинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келген жагдайлар орун алса;

− текшерүү жөнүндө банкка алдын ала билдирүү кутүүсүз текшерүү максаттарына натыйжалуу жетишүүгө өбөлгө түзбөсө (мисалы, касса ишин текшерүү ж.б.).

Улуттук банк башка негиздер келип чыккан шартта күтүүсүз текшерүүлөрдү жүргүзүүнү демилгелөөгө укуктуу.

18. Эгерде текшерүү күтүүсүз болбосо, анда текшерүү тобунун жетекчиси банкка тиешелүү документтердин тизмесин тиркөө менен билдирүү катын (1-тиркеме) текшерүүгө чейинки 10 жумуш күндөн кечиктирбестен жөнөтөт, ал эми текшерүүгө жолдомо (2-тиркеме) банкка келген учурда көрсөтүлөт. 1-тиркемеде көрсөтүлгөн зарыл документтер тизмеги акыркы болуп саналбайт жана маанилүүлүгүнө, ошондой эле банктын тобокелдик профилине жараша толукталышы/өзгөртүлүшү мүмкүн.

19. Банктын филиалдарында/аманат кассаларында өзүнчө текшерүүлөр жүргүзүлүшү мүмкүн.

## 5-глава.
## Инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүү

20. Текшерүүнүн жетекчиси төмөнкү максаттарда банк Башкармасынын төрагасы (же анын милдетин аткарган адам)/филиалдын, аманат кассанын жетекчиси менен жолугушууну өткөрөт:

− текшерүүгө жолдомону тапшыруу, ошондой эле текшерүүнүн масштабы жана милдеттери жөнүндө билдирүү;

− текшерүүнү жүргүзүү процессин талкуулоо;

− алардын иштөө багытын белгилөө менен инспекторлорду Таанышуу;

− банктын жетекчилиги жана кызматкерлери менен байланышты жүзөгө ашыруу тартибин аныктоо;

− банк жетекчилигинин ишке ашырылуучу текшерүү боюнча суроолоруна жооп берүү.

21. Улуттук банктын текшерүү жөнүндө билдирме катын алган шартта, банк текшерүүнүн биринчи күнүндө билдирме катка кошо

тиркелген тизмекте келтирилген бардык документтерди көрсөтүүгө милдеттүү.

Банк документтердин түп нускасын, ал эми объективдүү себептер боюнча түп нусканы сунуштоо мүмкүн эмес болгон өзгөчө учурларда гана, кызмат адамдын кол тамгасы жана банктын мөөрү менен күбөлөндүргөн документтердин көчүрмөлөрүн сунуштоого тийиш. Текшерүүчүлөр тобунун талабы боюнча банк инспекторлор талап кылган документтердин электрондук версиясын көрсөтүүгө тийиш.

22. Инспектордук текшерүү убагында банктын жетекчилиги жана персоналы текшерүүчүлөр тобуна (инспекторлорго) ар тараптуу көмөк көрсөтүүгө жана төмөнкү шарттардын аткарылышын камсыз кылууга тийиш:

− банктын жайларына, кайсы болбосун кызматкерине, инспекторлор талап кылган форматтагы документтерге белгиленген мөөнөттө, анын ичинде банктык жазууларга, банктын ыйгарым укуктуу кызматкеринин катышуусунда – пайдалануулардын жана кардарлардын автоматташтырылган системаларына жана башка зарыл маалыматтарынан пайдалануу коддору (паролдор, PIN коддор) тууралуу маалыматты эске албаганда, инспектордук текшерүү жүргүзүү үчүн зарыл техникалык инфраструктурасына (банктын автоматташтырылган системасына, тесттик текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча документтерди кошо алганда, системага карата документтерге, СВИФТ кошо алганда, төлөм системаларынын маалыматтар базасына) эркин кирүү мүмкүнчүлүгүн;

− пайдалануучулардын жана банк кардарларынын автоматташтырылган системаларга кирүү коддору (паролдор, PIN коддор) тууралуу маалыматтардан тышкары, банктын кайсыл болбосун көрсөтүлгөн убакыт ичиндеги депозиттик, кредиттик, төлөм, казына ишин, ошондой эле корпоративдик баалуу кагаздар менен ишин кошо алганда, автоматташтырылган банктык системадан иштин бардык багыты боюнча толук жана так маалыматтардын электрондук көчүрмөсүн (банктардын маалыматтар базасы менен иш алып барууда кеңири форматта колдонулуучу резервдик көчүрмөлөө файлдары) берүүгө;

− испекторлор талап кылган күнгө корреспондент-банктардын корреспонденттик эсептери боюнча көчүрмөлөрүн кошо алганда, СВИФТ системасы, ошондой эле банк колдонгон башка төлөм

системалары аркылуу өткөрүлгөн бардык финансылык операциялары, корреспонденттик эсептер боюнча толук жана так маалыматтардын электрондук көчүрмөлөрүн берүүгө;

− инспекторлор бардык зарыл оозеки жана жазуу түрүндөгү маалыматты өз убагында алууга;

− текшерүүчүлөр тобуна аудио/видео жазуулар жүргүзүлбөгөн аудио/видео жабдуулар орнотулбаган өзүнчө жай менен камсыздоого, текшерүүчүлөр тобуна берилген жайга үчүнчү жактардын аудио/видео жабдууларын орнотуу аракеттерине бөгөт коюуга жана бул тууралуу текшерүүнүн жетекчисине токтоосуз билдирүүгө. Бул талаптарды бузууга жол берген учурда банк кызматкерлери, анын ичинде банк жетекчилиги Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке тартылышат;

− банк өзүнүн жана Улуттук банктын документтеринин коопсуз сакталышын камсыздоого, ошондой эле текшерүүнү жүзөгө ашыруу үчүн зарыл жабдуулар жана техника менен камсыз кылууга;

− текшерүүчүлөр тобуна банктын бардык кардарлары жана алардын эсептери, банктын бардык балланстык эсептери (окуу, отчетторду түзүү жана басып чыгаруу) тууралуу маалыматты алуу мүмкүнчүлүгү менен автоматташтырылган банктык системалардан пайдалануу укугун берүүгө;

− банк менен текшерүү тобунун өз ара аракеттенүүсүн координациялоо, инспектордук текшерүүнүн жүрүшүндө келип чыккан административдик жана башка маселелерди ыкчам жана натыйжалуу чечилиши үчүн Башкарманын Төрагасынын орун басарларынын ичинен бирин жооптуу катары дайындоого.

23. Инспектордук текшерүүнүн кайсы болбосун баскычында инспекторлор банктын жетекчилиги жана кызматкерлери менен жолугушуулардын жана сүйлөшүүлөрдүн протоколун аудио/видео жазуу аркылуу жүргүзүүгө укуктуу. Мында, жолугушуу/сүйлөшүү алдында бардык катышуучулар аудио/видео жазуу жүзөгө ашырылып жаткандыгы тууралуу алдын ала эскертилүүгө тийиш.

24. Инспектордук текшерүүнү жүргүзүүгө банк, анын жетекчилиги жана/же кызматкерлери тарабынан кандай болбосун каршылык көрсөтүлгөн учурда, анын ичинде талап кылынган маалыматты (электрондук/кагаз түрүндө) сунуштоодон баш тартылган шартта,

текшерүүнүн жетекчиси Текшерүүнү жүргүзүүгө каршылык көрсөтүү аракеттери жөнүндө акт (мындан ары – Каршылык көрсөтүү аракеттери жөнүндө акт) түзүлөт (эки нускада) (3-тиркеме), бул тууралуу өзүнүн түздөн-түз жетекчисине (түзүмдүк бөлүмдүн начальнигине), ошондой эле Улуттук банктын Төрагасынын көзөмөл блогунун ишин түздөн-түз тескөөгө алган орун басарына/Башкарманын мүчөсүнө дароо билдирилет. Банкта инспектордук текшерүүнү жүргүзүүгө каршылык көрсөткөн же талап кылынган маалыматты сунуштоодон баш тарткан банктын өкүлү эки нускада түзүлгөн Каршылык көрсөтүү аракеттери жөнүндө актыга кол коюшат. Түзүлгөн актынын бир нускасы банкка берилет, ал эми экинчиси Улуттук банктын инспекторлорунда сакталат. Банк Каршылык көрсөтүлгөндүгү жөнүндө актыга кол коюудан баш тарткан учурда, актынын бир нускасына кол коюудан баш тарткандыгын белгилөө менен банктын өкүлүнүн кол тамгасыз эле Улуттук банктын түзүмдүк бөлүмүнүн коштомо каты менен банкка жөнөтүлөт.

Инспектордук текшерүүнү жүргүзүүгө каршылык көрсөткөн банкка жана/же анын кызмат адамдарына карата (жол бербөө, баш тартуу, инспектордун талабы боюнча маалыматтардын толук берилбеши жана/же өз убагында берилбеши түрүндө) Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларына жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык башка таасир этүү чаралары колдонулушу мүмкүн.

25. Текшерүүнүн жүрүшүндө текшерүүчүлөр тобу айрым маселелерди талкуулоо үчүн банктын аткаруучу жетекчилиги менен жолугушууларды өткөрүп турат.

26. Инспекторлор, аларга жүктөлгөн милдеттерди аткарууга байланыштуу банктын документтерин талап кылууга, ошондой эле тиешелүү документтердин көчүрмөлөрүн алууга жана банктан же банктын акцияларынын беш пайызына жана андан көбүрөөгүнө добуш берүү укугу менен ээлик кылуучулардан жана акционер болуп саналган адамдардан башкаруу чечимдеринин кабыл алынышына таасир этүүчү документтер боюнча түшүндүрмө берүүлөрүн талап кылууга укуктуу.

27. Тапшырмаларды аткаруунун жүрүшүндө инспекторлор текшерүүнүн жүрүшүндө келип чыккан маселелер боюнча түздөн-түз аткаруучулар жана түзүмдүк бөлүмдөрдүн начальниктери менен

талкуулашы мүмкүн. Текшерүү жүргүзүлүп жаткан банктын Директорлор кеңешинин, Башкарма мүчөлөрүнүн, тышкы аудиторлорунун компетенциясына тиешелүү маселелерди талкуулоо текшерүүнүн жетекчисинин катышуусу астында жүзөгө ашырылат.

28. Алгач текшерүүнү пландаштырууда каралбаган, текшерүүнүн жүрүшүндө банк ишинин башка чөйрөлөрүндө тобокелдиктер/кемчиликтер/мыйзам бузуулар аныкталган учурда, текшерүү мөөнөтү ушул нускоонун 13-пунктунда белгиленген мөөнөттөн ашпаган мөөнөткө узартылышы мүмкүн.

29. Текшерүүнүн жүрүшүндө инспекторлор банк кызматкерлери менен биргеликте ишкердикке мониторинг жүргүзүү максатында, кардар иштеп жаткан жерге, ошондой эле күрөөлүк мүлк жайгашкан жерге барышы мүмкүн.

## 6-глава.
## Банктын аткаруучу жетекчилиги менен жыйынтыктоочу жолугушуу

30. Текшерүүнүн жетекчиси жана көзөмөл блогунун тиешелүү түзүмдүк бөлүмүнүн начальниги зарыл деп эсептеген шартта, текшерүүнүн акыркы жумасында текшерүүчүлөр тобу банктын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилеринин/кызматкерлеринин катышуусунда банк Башкармасынын Төрагасы (же анын милдетин аткарган адам) менен алдын ала жолугушуу өткөрөт, бул банктын жетекчилигине текшерүүнүн жыйынтыгын маалымдоо, тыянактарды талкуулоо жана кемчиликтер/мыйзам бузуулар/олуттуу тобокелдиктер аныкталган учурда – таасир этүү чараларынын (талаптардын, жазма буйруулардын ж.б.у.с.) алдын ала долбоору тууралуу маалымдоо үчүн уюштурулат.

Бул жолугушуунун алкагында текшерүүчүлөр тобунун текшерүү жүргүзүлгөн чөйрөгө тиешелүү тигил же бул маселелерине түшүндүрмө же комментарийлерди берүү үчүн банкка мүмкүндүк берилет. Алдын ала жолугушуунун жыйынтыгында кыскача протокол түзүлөт, ага текшерүүнүн жетекчиси жана банк Башкармасынын Төрагасы же анын милдетин аткарган адам жолугушуу өткөрүлгөн күндөн тартып 5 (беш) жумуш күнүнөн кечиктирбестен кол коюуга тийиш.

Жолугушуунун жыйынтыгы боюнча түзүлгөн протоколго банк кол коюудан баш тарткан учурда, банкка жолугушууда талкуулаган негизги маселелер чагылдырылган кат жолдонот.

31. Текшерүү тобунун жетекчиси текшерүү аяктагандан кийинки 20 (жыйырма) жумуш күнү ичинде тыянактарды жана текшерүү жыйынтыгын талкуулоо үчүн банк жетекчилиги менен жыйынтык жолугушуу уюштурулууга тийиш. Мында жыйынтык жолугушуу, зарыл болгон шартта, бир нече баскычтарда (бирок үч жолудан көп эмес) өткөрүлүшү мүмкүн. Жолугушууда текшерүүнүн жүрүшүндө ишке тартылган бардык инспекторлор, ошондой эле зарылчылык келип чыккан шартта көзөмөл блогунун тиешелүү бөлүмүнүн (бөлүмдөрүнүн) начальниги (начальниктери) катышууга тийиш. Зарылчылык келип чыккан шартта, жыйынтык жолугушууга Улуттук банктын Төрагасынын көзөмөл блогунун ишин түздөн-түз тескөөгө алган орун басары/ Башкарманын мүчөсү катышуусу мүмкүн.

Жыйынтык жолугушуу банк жетекчилигине банктык көзөмөл органында кооптонууну жараткан маселелер боюнча жагдай, орун алган проблемалар боюнча түшүндүрмө алууга жана такташтырууга, ошондой эле текшерүүнү жүзөгө ашырган инспекторлорго суроолорду берүүгө мүмкүндүк берет.

Жыйынтык жолугушуу өткөргөнгө чейин банк, алдын ала жолугушуу учурунда текшерүүчүлөр тобунун текшерилген чөйрөгө тиешелүү тигил же бул маселелери боюнча маалыматтарына карата өз комментарийлерин же түшүндүрмөлөрүн жазуу түрүндө жетекчиге же текшерүү тобуна сунуштоого укуктуу, мындай комментарийлер/ түшүндүрмөлөр текшерүү жыйынтыгы жөнүндө отчетто эске алынышы мүмкүн.

Комментарийлер/түшүндүрмөлөр алдын ала жолугушууда, зарылчылыкка жараша тастыктоочу документтер менен бирге, Улуттук банк тарабынан белгиленген мөөнөттөн кечиктирилбей берилүүгө тийиш.

32. Жыйынтык жолугушуунун жүрүшүндө текшерүүнүн жетекчиси банктын жетекчилигине текшерүүнүн жүрүшүндө чыгарылган алдын ала тыянактар, анын ичинде ушул нускоонун 14-пунктунда аныкталган маселелер боюнча маалымат берет.

33. Жыйынтык жолугушууда текшерүүнүн жетекчиси аныкталган кемчиликтерди четтетүү зарылчылыгы жөнүндө банк жетекчилигине билдирет, ошондой эле бул проблемаларды алгылыктуу чечүү жолдорун жана аларды аткаруу мөөнөтүн сунуш кылат.

34. Жолугушуунун жыйынтыгында протокол түзүлүп, анда бардык талкууланган маселелер чагылдырылат жана ага текшерүүнүн жетекчиси, банк Башкармасынын Төрагасы, ал эми ал жок учурда – анын милдетин аткарган адам жолугушуу өткөрүлгөн күндөн тартып 5 жумуш күндөн кечикпестен кол тамгасын коет.

35. Зарылчылыкка жараша текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча текшерүү күнү аяктагандан кийинки отчеттук күнгө (айдын акырына) же текшерүү күнүнө карата олуттуулугун эске алуу менен финансылык жана регулятивдик отчеттуулукка Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарынын “Эсептик саясат, эсептик бааларга өзгөртүүлөр жана ката кетирүүлөр” 8-стандартына ылайык оңдоолорду киргизүү талап кылынышы мүмкүн. Мында, эгерде алар боюнча корректировкалоолор талап кылынган операция отчеттук жылдын өткөн чейректерине тиешелүү болсо, анда банк түшүндүрмөлөрдү келтирүү менен өткөн чейрек үчүн финансылык отчеттун тиешелүү формаларынын статьялары өзгөртүлгөндүгүн милдеттүү түрдө көрсөтүп, операцияларды ишке ашырууда алар финансылык отчетто туура чагылдырылгандай өзгөртүүгө тийиш. Жарыялоо, корректировкалоо киргизилгенден кийинки 15 (он беш) календардык күн ичинде жүзөгө ашырылуусу зарыл.

Ошондой эле аталган жарыялоодо, операциялар ишке ашырылган учурдан тартып финансылык отчеттор ар айлык негизде (айларды көрсөтүү менен) өзгөртүлгөндүгү жана пайдалануучулар андан таанышууга боло тургандай банктын (анын башкы кеңсеси, филиалдары, өкүлчүлүктөрү, аманат кассалары) дареги көрсөтүлүүгө тийиш;

− эгерде алар боюнча корректировкалоолор талап кылынган операция отчеттук жылдын өтүп жаткан чейрегине тиешелүү болсо, анда банк ошол чейректин өткөн айлары үчүн финансылык отчетторду ошол операциялар ишке ашырылган учурда туура чагылдырылгандай кайрадан карап чыгууга жана өтүп жаткан чейрек үчүн финансылык отчет кийинчерээк ишке ашырылган корректировкалоолор боюнча түшүндүрмөлөр менен белгиленген мөөнөттө жарыяланууга тийиш.

Ошондой эле мындай жарыялоодо, ай сайын берилүүчү өткөн чейректин финансылык отчетторунун өзгөртүлгөндүгү (айларды көрсөтүү менен) тууралуу маалыматты камтууга тийиш жана пайдалануучулар алар менен банк (анын башкы кеңсеси, филиалдары, өкүлчүлүктөрү, аманат кассалары) жайгашкан жери боюнча дарегин көрсөтүү менен таанышууга болот.

## 7-глава.
## Текшерүү жөнүндө отчет

36. Текшерүүнүн жыйынтыгында кемчиликтер/мыйзам бузуулар/тобокелдүү тажрыйба аныкталган шартта мындай жагдайды жөнгө салуу жана/же жакшыртуу үчүн таасир этүү чаралары колдонулушу жана/же сунуш-көрсөтмөлөр берилиши мүмкүн. Комплекстүү текшерүүлөрдүн жыйынтыгында банкка текшерүү жөнүндө отчет жөнөтүлөт. Текшерүү жөнүндө отчетто Директорлор кеңешине жана Башкармага маалымдоо үчүн бардык олуттуу көйгөйлөр жана көрүлүүгө тийиш болгон чараларды кошо алганда, негизги корутундулар жана тыянактар чагылдырылат.

37. Текшерүү жөнүндө отчетто банктын жалпы абалы тууралуу маалымат камтылат, эгерде зарыл болсо, банктын айрым бөлүмдөрүнүн (филиалдарынын) абалы, ошондой эле орун алган орчундуу тобокелдиктер жана/же кемчиликтер жөнүндө маалымат камтылышы мүмкүн.

38. Текшерүү жөнүндө отчет Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын талаптарына ылайык түзүлөт. Текшерүү жөнүндө отчет Улуттук банктын менчиги болуп саналат, ошол эле учурда текшерүү жөнүндө отчет үчүнчү жактарга Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында бекитилген тартипте Улуттук банктын уруксаты болгон шартта тапшырышы мүмкүн. Банктар текшерүү жөнүндө отчеттун сакталышын камсыз кылууга жана анын кагаз түрүндө же электрондук түрдө таркатылышына жол бербөөгө тийиш.

## 8-глава.
## Текшерүү жөнүндө отчет менен таанышуу

39. Текшерүү жөнүндө отчет текшерүү жүргүзүлгөн банктын Директорлор кеңешинин Төрагасына жана Башкарманын Төрагасына «Кызматтык иште пайдалануу үчүн» деген белги коюлган конвертке

салынып, чапталган түрдө, текшерүүнүн жыйынтыгы банк менен талкууланган күндөн тартып 40 (кырк) жумуш күнүнөн кечиктирбестен коштомо кат менен бирге жөнөтүлөт. Милдеттүү түрдөотчетту алуучунун аты-жөнү жана берилген күнү көрсөтүлгөн отчеттун жеткирилгендиги жөнүндө тастыктама болууга тийиш.

40. Банктын Директорлор кеңешинин төрагасына жана Башкарманын төрагасына коштомо кат «Кызматтык иште пайдалануу үчүн» деген белги коюлган конвертке салынган текшерүү жөнүндө отчет менен бирге жөнөтүлөт. Анда текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча банкка ыйгарылган рейтинг жөнүндө маалымат көрсөтүлүшү мүмкүн, бул учурда катта чагылдырылган маалымат купуялуулукту камтыган маалымат болуп санала тургандыгы жана үчүнчү жакка берилүүгө тийиш эместиги эскертилет.

41. Коштомо катта төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

− банктын Директорлор кеңешинин жана Башкармасынын мүчөлөрү отчет менен кылдат таанышып чыгып, отчетто камтылган сунуш-көрсөтмөлөргө жана талаптарга жараша аныкталган бузууга жол берүүлөрдү жана белгиленген кемчиликтерди четтетүү боюнча зарыл чараларды көрүүгө тийиш экендиги;

− текшерүү жөнүндө отчет менен таанышкандан кийин Директорлор кеңешинин жана Башкармасынын мүчөлөрү, ошондой эле ички аудит, тобокелдик-менеджменти жана комплаенс-контролдук бөлүмдөрүнүн (кызматтарынын) начальниктери (жетекчилери) отчет менен кылдат таанышып чыккандыгы жөнүндө баракчага кол коюуга тийиш экендиги;

− эгерде Улуттук банк Директорлор кеңеши менен жолугушуу зарыл деп эсептесе, жолугушуу күнү көрсөтүлөт.

42. Эгерде, Улуттук банктын пикири боюнча Директорлор кеңеши менен жолугушууну өткөрүү зарылчылыгы жок болсо, ал эми Директорлор кеңеши жолугушууну зарыл деп эсептесе, анда банк жолугушуу күнүн болжолдоп, ал тууралуу Улуттук банкка маалымдайт.

43. Банктын Директорлор кеңешинин жана Башкармасынын мүчөлөрү, ошондой эле ички аудит, тобокелдик-менеджменти жана комплаенс-контролдук бөлүмдөрүнүн (кызматтарынын) начальниктери (жетекчилери) отчет менен таанышып чыккандан кийин кол тамга коюуга милдеттүү, мында отчетто камтылган тыянактар

жана корутундулар менен макул эместиги Таанышуу барагына кол тамга коюудан баш тартууга негиз болуп саналбайт.

## 9-глава.
## Текшерүү жөнүндө отчет менен таанышуу барагы

44. Текшерүү жөнүндө отчет менен таанышуу барагында (барактар) (4,5-тиркемелер) Директорлор кеңешинин, Башкарманын бардык мүчөлөрүнүн, ички аудит, тобокелдик-менеджменти жана комплаенс-контролдук бөлүмдөрүнүн (кызматтарынын) начальниктеринин (жетекчилеринин) кол тамгалары камтылат. Отчет менен таанышкандан кийин таанышуу барагы Улуттук банктан коштомо катты алынгандан кийинки 10 (он) жумуш күнү ичинде Улуттук банкка кайтарылып берилет. Банк таанышуу барагынын көчүрмөсүн текшерүү жөнүндө отчет менен бирге сактоого тийиш.

45. Директорлор кеңешинин, банк Башкармасынын бул же тигил мүчөлөрү жок учурда жана/же отчет менен таанышуу үчүн белгиленген мезгил ичинде алар менен байланышуу мүмкүн эмес болсо, банк отчетту алгандан кийинки 5 (беш) жумуш күнү ичинде Улуттук банкка Директорлор кеңешинин жана/же Башкарманын бардык мүчөлөрү Таанышуу барагына кол тамгасын кое албай тургандыгы себебин билдирүүгө тийиш. Мында, Таанышуу барагы белгиленген мөөнөттө Улуттук банкка Директорлор кеңешинин, Башкарманын жок болуп калган мүчөлөрүнүн кол тамгасысыз кайтарылып берилиши мүмкүн. Улуттук банк айрым учурларда Таанышуу барагына кол коюу үчүн белгиленген мөөнөттөрдү узартышы мүмкүн.

46. Отчет менен таанышуу жана Башкарма мүчөлөрүнүн жана/же Директорлор кеңешинин Таанышуу барагына кол тамга койуу үчүн жоопкерчилик банк Башкармасынын/Директорлор кеңешинин Төрагасына жүктөлөт.

## 10-глава.
## Банктын Директорлор кеңеши менен жолугушуу

47. Банктын Директорлор кеңеши менен жолугушуу максаты - текшерүү жыйынтыктарын жана көрүлүүчү зарыл чараларды жыйынтыктап талкуулоо саналат. Директорлор кеңеши менен жолугушуу бардык мүчөлөр отчет менен таанышкандан кийин өткөрүлөт.

Өзгөчө учурда Банктын Директорлор кеңеши менен жолугушуу интернет байланышты пайдалануу менен видеоконференция форматында өткөрүлүшү мүмкүн.

48. Жолугушуу учурунда банк жетекчилигине текшерүү жыйынтыгы, күчөтүүнү талап кылган тиешелүү чаралар жөнүндө маалымдалат жана/же Улуттук банктын эскертүү чараларын жана таасир этүү чараларын кабыл ала тургандыгы жөнүндө ниети, ошондой эле төмөнкүлөр тууралуу маалымат берилет:

− банк дуушар болушу мүмкүн болгон тобокелдиктерди кошо алганда, негизги проблемалар же маселелер;

− мурда аныкталган кемчиликтерди жана бузууга жол берүүлөрдү четтетүү боюнча көрүлгөн чаралар, кемчиликтерди жана бузууга жол берүүлөрдү четтетпөө натыйжалары, ошондой эле кесепеттери;

− текшерүү жыйынтыгын талкуулоо боюнча банк менен алдын ала жана жыйынтык жолугушуулар;

− банктын өнүгүшүн, продукттарын, кызмат көрсөтүүлөрүн жана банктын стратегиясын камтыган стратегиялык маселелер;

− аныкталган тобокелдиктерди кошо алганда, банктык көзөмөл органын тынчсыздандырган негизги маселелер;

− банктын алгылыктуу жана начар жактары;

− банкка таасирин тийгизген тышкы шарттар;

− Улуттук банк банктан күтүп жаткан аракеттер жана мөөнөттөр (мисалы, иш-аракеттер планы, көзөмөл стратегиясы, милдеттенмелер).

## 11-глава.
## Эскертүү жана таасир этүү чаралары

49. Банкка карата бул же тигил эскертүү чараларын жана таасир этүү чараларын колдонуу жөнүндө чечим Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларына ылайык, ушундай чечимдерди кабыл алууга ыйгарым укуктуу Улуттук банктын тиешелүү кызмат адамдары жана органдары тарабынан белгиленген тартипте кабыл алынат.

50. Олуттуу тобокелдиктерди шартташы мүмкүн болгон бузууга жол берүүлөр аныкталган шартта, көзөмөлдүк чараларынын негизинде таасир этүү чаралары колдонулат, алар банкка жөнөтүлөт.

51. Таасир этүү чараларында банк милдеттүү түрдө белгиленген мөөнөттө аткарууга тийиш болгон айкын чаралар белгиленет. Кемчиликтерди четтетүү жана таасир этүү чараларды аткаруу боюнча банктын иш-чаралар планы банкта жүргүзүлгөн текшерүү жөнүндө отчетту алган күндөн баштап 30 (отуз) календардык күн ичинде Улуттук банкка сунушталат.

## 12-глава.
## Таасир этүү чаралары боюнча даттануу менен кайрылуу тартиби

53. Текшерүү жөнүндө отчет боюнча даттануу менен кайрылууга жол берилбейт.

54. Отчеттун негизинде даярдалган таасир этүү чаралары боюнча даттануу менен Улуттук банк Башкармасынын токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы менен коммерциялык банктар, банктык операциялардын айрым түрлөрүн жүзөгө ашырган уюмдар жана алардын уюштуруучулары (катышуучулары), юридикалык жактар жана жеке адамдар ортосунда келип чыккан талаш маселелерди сотко чейин жөнгө салуу жөнүндө» жобого ылайык кайрылууга жол берилет.

**Банктык көзөмөлдүктү жүзөгө ашыруу жөнүндө нускоого карата 1-тиркеме**

**Улуттук банктын 20__ж.**
**“__”________**
**№ _______________**
**катына карата тиркеме**

## Банк тарабынан текшерүүгө сунушталган документтердин жана маалыматтардын ТИЗМЕСИ

### I. Уюштуруу документтери, банкты түзүү учурунда сыяктуу эле, анын өлчөмүнүн көбөйүүсү/азаюусу учурунда да акционерлер жана капиталды түзүү боюнча документтер

1. Уюштуруу документтери:

− Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте каттоодон өткөртүлгөн уюштуруу келишими, өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген устав;

− уставдык капиталды түзүү боюнча туруктуу сакталуучу көктөмөлөр.

2. Акционерлердин текшерүү күнүнө карата тизмеси жана көз карандысыз каттоочу тарабынан тастыкталган, акциялардын суммасын жана уставдык капиталга карата пайыздык катышка ээлик кылуу үлүшүн көрсөтүү менен текшерилүүчү бир мезгил ичиндеги өзгөртүүлөр жөнүндө маалымат.

3. Банктын акцияларынын бардык эмиссияларынын проспектилери жана ага тиешелүү колдо болгон бардык документтер.

4. Текшерилүүчү мезгил ичинде акционерлердин кезектүү жана кезексиз жалпы чогулушунан толтурулган протоколдор.

5. Банктын 1% акциясын ээлеген акционерлер боюнча юридикалык иштер.

### II. Банктын тескөө органдары жана ички документтери

6. Банкты өнүктүрүүнүн стратегиялык планын, өткөн жыл жана өтүп жаткан жыл үчүн бизнес-планды кошо алганда, өткөн жана учурдагы жылдар үчүн үчүн жылдык отчеттор.

7. Банк ишин жөнгө салуучу жана анын саясатын аныктай турган документтердин топтому.

8. Акыркы эки жыл жана өтүп жаткан жыл ичинде айкын аткарылгандыгы тууралуу отчеттор менен салыштырылган кирешелер жана бюджет тууралуу отчеттордун көчүрмөсү.

9. Ликвиддүүлүктүн, активдер менен пассивдерди тескөөнүн жана бардык финансылык тобокелдиктерди (пайыздык, валюталык ж.б.) тескөөнүн бардык аспектилерине мониторинг жүргүзүү үчүн колдонулган, бардык негизги отчеттордун көчүрмөлөрү.

10. Кеңеште иштөө мөөнөтүн жана иштеген жерин көрсөтүү менен банктын Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнүн тизмеси.

11. Ээлеген кызматын, аткаруучу милдеттеринин чөйрөсүн көрсөтүү менен банк Башкармасынын мүчөлөрүнүн тизмеси.

12. Директорлор кеңешинин, банк Башкармасынын жана комитеттердин текшерилүүчү мезгил ичинде отурумдарынан толтурулган протоколдор.

13. Текшерилүүчү мезгил ичинде өзгөрүүлөрү менен бирге банктын уюштуруу түзүмү.

14. Банктын штаттык тизими, эмгекке төлөө системасы боюнча ички документтери, жеке курамы жана негизги иши боюнча буйруктары.

15. Персоналдык курамын көрсөтүү менен банкты тескөө боюнча бардык комитеттердин тизмеси, ошондой эле комитеттердин мүчөлөрүн дайындоо жөнүндө, мурдагы текшерүү жүргүзүлгөн мезгилден тартып, учурдагы текшерүү мезгили ичиндеги тиешелүү документтер (жалпы жыйындан толтурулган протокол, комитеттин мүчөлөрүн дайындоо жөнүндө буйруктар, келишимдер жана башкалар).

16. Банктын филиалдарын жана өкүлчүлүктөрүн кошо алганда, түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилеринин/начальниктеринин кызматтык милдеттеринин тизмегин көрсөтүү менен тизмеси (кагаз жүзүндө/электрондук түрдө).

17. Ар бир маанилүү оперативдүү бөлүм, департамент жана функционалдык топ боюнча телефон номерлерин көрсөтүү менен негизги байланышуучу кызматкерлердин тизмеси.

**III. Банктын кредиттик жана депозиттик операциялары боюнча маалымат**

18. Текшерүү күнүнө жана өткөн төрт чейректик күнгө карата абал боюнча кредит портфелине баяндама (валюта номиналында):

− карыз алуучунун аты-жөнү, кредиттин түрү, суммасы, мөөнөтү, пайыздык чендер, кредиттин текшерүү күнүнө карата калдыгы, кредитти жана ал боюнча пайыздарды төлөө графиги;

− күрөөлүк документтер;

− реструктуризациялардын саны, күрөөнүн түзүмү, мөөнөтүндө төлөнбөй калган күндөрдүн саны (негизги сумма жана пайыздар), 1-30 күн, 31-60 күн, 61-90 күн, 91-180 күн, 181-360 күн жана андан ашык интервалдары боюнча жыйынтык суммаларды кошо алганда, келишим боюнча кайтарып берүүнүн баштапкы күнүнө тиешелүү мөөнөтүндө төлөнбөй калган учурларды көрсөтүү менен;

− кредит портфелин классификациялоо, ошондой эле бүтүндөй банк жана филиалдар боюнча өткөн текшерүүлөрдөн кийинки аралыкта РППУну түзүү боюнча туруктуу сактоодогу көктөмөлөр.

19. Банк тарабынан банк менен байланыштуу/аффилирленген жактарга берилген кредиттердин жана кредиттин ордун алмаштыруучулардын тизмеси.

20. Кредиттерди берүүгө билдирмелерди каттоо жана карыз алуучулар менен байланышууларды эсепке алуу журналдары, банк кардарларынын даттанууларынын жана сунуштарынын китепчеси.

21. Кардарлардын даттануулары жана кайрылуулары менен банктын иш алып баруусу боюнча маалымат (ички отчеттуулук).

22. Системадан тышкаркы эсепке алууга киргизилген кредиттердин тизмеси.

23. Банк, өзү же башкалар үчүн кайсы болбосун кредиттин же милдеттенмелердин төлөнүшүнө же аткарылышына кепилдик берген кандай болбосун контракттардын чагылдырылышы.

24. Төмөнкү отчеттордун түрлөрү:

− аткаруу шарттары өзгөртүлгөн (пайыздык ченди азайтуу же негизги сумманы төлөө мөөнөтүн кийинкиге калтыруу, пайыздык ченди же негизги сумманы же кайсы бир башка шарттарды төлөө жолу менен) кредиттер жөнүндө отчеттор;

− ар бир кредиттик продукт боюнча пайыздык чендердин өзгөрүү тенденциясы жөнүндө отчет;

− пайыздык чендин күндөлүк түзүмү жөнүндө отчет, кредиттик продукттар боюнча күрөөнүн түзүмү;

− кредиттердин ар бир продукт боюнча кайтарылып берилиши деңгээли жөнүндө отчет;

− пайыздары кредиттик келишимдин шарттарына ылайык карыз алуучу тарабынан төлөнбөгөн кредиттер жөнүндө отчет;

− банктын филиалдарды, өкүлчүлүктөрдү тескөөчү кызматкерлерине, кызмат адамдарына, банктын негизги акционерлерине жана алар же банк менен байланыштуу болгон жакка кредиттерди берүү жөнүндө отчет;

− жетекчилик жана аткаруучулар тарабынан активдердин сапатына мониторинг жүргүзүү үчүн колдонулган Маалыматтык башкаруу системасы (МБС) боюнча негизги отчеттордун көчүрмөлөрү.

25. Банктын ири депозиторлорунун тизмеси.

26. Банктын негизги акционерлеринин, банк менен байланыштуу жактардын жана аткаруучу кызмат адамдарынын, филиалдардын жетекчилеринин депозиттер түрү, аманат суммалары, чендери, салынган күнү жана мөөнөтү боюнча тизмеси.

27. Банк менен байланыштуу жактар жана аффилирленген жактар менен операцияларды эсепке алуу журналы.

28. Өткөн текшерүү учурунан тартып текшерүү мезгили үчүн жабык жана ачык корреспонденттик эсептердин, башка кардарлардын тизмеси. Аларды жабуу негиздери.

29. Банктар тарабынан расмий тастыкталган жана тиешелүү түрдө күбөлөндүрүлгөн (мисалы, күнү, мөөрү жана кол тамгасы) калдыктар көрсөтүлгөн, ошол банктардагы кредиттердин, депозиттердин жана корреспонденттик эсептердин тизмеси.

30. Банк менен башка финансылык уюмдар ортосундагы кредиттик линиялар тууралуу маалымат. Ири жеке каржылоо булактарынын тизмеси.

*Эскертүү:* Улуттук банкты, башка банктарды (анын ичинде чет өлкө банктарын), банкка каражаттарын салышкан юридикалык жактар менен жеке адамдарды кошо алганда, банктын 10 эң ири

кредиторлору тууралуу маалымат келтирилет (салынган каражаттар өлчөмүнүн азаюу деңгээли боюнча).

31. Төлөмдөрдү төлөө мөөнөттөрүнүн сакталышын, реквизиттердин туура толтурулушун жана өткөрүлгөн төлөмдөр боюнча кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөөлөрдү кармап калууларды текшерүү үчүн документтер.

32. Өткөн текшерүү учурунан тартып текшерүү мезгили ичинде тартылган депозиттерге тиешелүү (юридикалык жактардын жана жеке адамдардын) белгиленген пайыздык чендер боюнча маалыматтары.

33. Негизги кредиттик продуктулар боюнча эффективдүү пайыздык чендерге тиешелүү маалыматтар жана эсептөөлөр.

**IV. Банктын баалуу кагаздар менен операциялары боюнча маалымат**

34. Улуттук банктын белгиленген талаптарына ылайык банк тарабынан сатылып алынган/сатылган баалуу кагаздар боюнча банктын бүтүмдөрү тууралуу тастыктоочу документтер менен текшерилүүчү мезгил ичиндеги баалуу кагаздардын тизмеси.

35. Банк алар менен иш алып барган же анын ичинде банк кардарларынын баалуу кагаздары менен операцияларды жана бүтүмдөрдү жүргүзүүнү пландаштырган брокерлердин, дилерлердин жана депозитарийлердин Директорлор кеңеши тарабынан бекитилген тизмеси, ошондой эле жогоруда аталган адамдарды тандоо тууралуу Директорлор кеңишинин бардык мүчөлөрүнүн кол тамгасы коюлган чечим.

36. Суб-брокерлердин жана/же брокерлердин контрагенттеринин, ошондой эле брокер алардын кызмат көрсөтүүлөрүн баалуу кагаздар боюнча операцияларды жана бүтүмдөрдү жүзөгө ашыруу үчүн банктын атынан колдонууга ниеттенген депозитарийлердин жана суб-депозитарийлердин тизмеси.

37. Банктын брокерлеринин, дилерлеринин жана депозитарийлеринин Улуттук банктын талаптарына ылайык келүүлөрүн иликтөө жана баалоо боюнча маалыматтар, анын ичинде банктын юристинин кол тамгасы коюлган, банк тарабынан тандалып алынган баалуу кагаздар рыногунун жогоруда аталган кесипкөй

катышуучусу Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарына жооп берет деген корутундусунун көчүрмөсү.

38. Баалуу кагаздар рыногун жөнгө салуу боюнча ыйгарым укук чегерилген мамлекеттик органдардан алынган, брокерлердин, дилерлердин жана депозитарийлердин абройлору тууралуу маалымат (ыйгарым укук чегерилген мамлекеттик органдардан алынган жооп иретиндеги маалымат менен каттардын көчүрмөлөрү тиркелсин).

39. Банк брокерлер/дилерлер жана депозитарийлер аркылуу ишке ашырууга ниеттенген операцияларды жана бүтүмдөрдү кеңири чагылдырган маалыматтар.

40. Банк менен байланыштуу жактары олуттуу кызыкдар болгон, банктын акцияларга, карыздык милдеттенмелерге инвестицияларынын тизмеси.

41. Күрөөгө коюлган баалуу кагаздардын тизмеси (номиналдык, баланстык жана рыноктук наркы).

42. Баалуу кагаздар портфелине мониторинг жүргүзүү үчүн колдонулган Маалыматтык башкаруу системасы боюнча негизги отчеттордун көчүрмөлөрү.

## V. Бухгалтердик эсепке алуу, Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчет, аудит боюнча маалыматтар

43. Банктын бухгалтердик балансы, акыркы эки жыл үчүн корректировкаланган жылдык отчеттору. Акыркы эки жыл үчүн ай сайын берилүүчү Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчет (кагаз жүзүндө/электрондук түрдө).

44. Экономикалык ченемдердин аткарылышы тууралуу акыркы эки жыл жана өтүп жаткан жыл үчүн мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчеттор жана маалыматтар.

45. Баланстын статьяларынын чечмелөөлөрү: «Негизги каражаттар», «Башка менчик», «Башка активдер», «Башка милдеттенмелер».

46. Тышкы жана ички аудиттин акыркы жыл үчүн отчеттору (жетекчиликке жазган катын кошо алганда). Аудитордук текшерүүлөрдүн өткөн жана өтүп жаткан жыл үчүн пландарынын аткарылышы тууралуу маалымат.

**VI. Терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттерди көрүү максатында, тобокелдиктерди тескөө жана ички контролдукту уюштуруу боюнча маалыматтар.**

47. Кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (изин жашыруу) жана террористтик же экстремисттик иш-аракеттерди каржылоого аракеттерди көрүү боюнча тобокелдик менеджеринин жана кызмат адамынын мурдагы текшерүүдөн тартып учурдагы текшерүү мезгили ичиндеги отчеттору.

48. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик финансылык чалгындоо кызматына (МФЧК) маалыматтарды жөнөтүүнү эсепке алуу журналы.

49. Банктын текшерүү мезгил ичинде Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик финансылык чалгындоо кызматы менен кат алышуулары.

50. Ишинде жогорку тобокелдиктер камтылган кардарлардын тизмеси.

51. Оффшордук аймактарда катталган кардарлардын тизмеси.

52. Эркин экономикалык аймакта катталган кардарлардын тизмеси.

53. Эсептер боюнча жүгүртүүлөрү анкетада көрсөтүлгөн жүгүртүүлөрдөн олуттуу арткан кардарлардын тизмеси.

54. Аралыкта орнотулган кызмат көрсөтүүлөрдү (Интернет-банкинг ж.б.у.с.) пайдаланышкан кардарлардын тизмеси.

55. Кыргыз Республикасынын “Терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттерди көрүү жөнүндө” мыйзамын жүзөгө ашыруу максатында, банк тарабынан бекитилген ченемдик документтер. Түзүмдүк бөлүмдөр жана терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттерди көрүү боюнча саясаттын ишке ашырылышына жооп берген кызматкерлердин кызматтык нускоолору жөнүндө жобо.

**VII. Улуттук банктын жазма буйруктарын жана сунуш-көрсөтмөлөрүн сактоо, Улуттук банк жана башка органдар менен өз ара иш алып баруусу тууралуу маалымат**

56. Улуттук банк жана башка мамлекеттик бийлик органдары менен кат алышуу.

57. Мурдагы текшерүүлөрдүн натыйжасында берилген жазма буйруктардын аткарылышы жана сын-пикирлердин четтетилиши жөнүндө маалымат.

*Эскертүү:* Тизме зарылчылыкка жараша толукталышы мүмкүн.

**Банктык көзөмөлдүктү жүзөгө ашыруу жөнүндө нускоого карата 2-тиркеме**

_______________________________________________

*(уюмдун толук аталышы)*

**______________________ ишин текшерүүгө карата**

**ЖОЛДОМО КАГАЗЫ**

Ушул аркылуу төмөнкү кызматкерлер:

1. ____________________________________________________
*(Аты-жөнү жана кызматы)*

2. ____________________________________________________
*(Аты-жөнү жана кызматы)*

3. ____________________________________________________
*(Аты-жөнү жана кызматы)*

4. ____________________________________________________
*(Аты-жөнү жана кызматы)*

5. ____________________________________________________
*(Аты-жөнү жана кызматы)*

20__-жылдын ______________________ тартып, ___________________ жумуш күн мөөнөтүнө ______________________________________ ишин текшерүүгө жөнөтүлүшөт. Текшерүү мезгилинде орун алган жагдайларга жараша, текшерүү мөөнөтү Банктык көзөмөлдүктү жүзөгө ашыруу жөнүндө нускоонун 13-пунктунда белгиленген мөөнөт чегинде узартылышы мүмкүн.

Текшерүүнүн программасы төмөнкү багыттарды жана маселелерди текшерүүнү камтыйт: ____________________________________________

____________________________________________________________

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык текшерүүчү топтордун банк ишин инспектирлөөгө байланыштуу

ыйгарым укуктары банктын кызыкчылыгы менен байланыштуу болгон кайсыл болбосун компанияга (банк менен байланыштуу жана аффилирленген жактарга) карата жүзөгө ашырылат.

Төраганын орун басары/
Улуттук банк Башкармасынын мүчөсү Аты-жөнү

**Банктык көзөмөлдүктү жүзөгө ашыруу жөнүндө нускоого карата 3-тиркеме**

